КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

**Д..................диссертациялык кеңеши**

**БАЙИЕВА БЕГАЙЫМ АБДУГАПАРОВНА**

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭМАЛАРЫН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ (орто мектептин мисалында)

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

**Д И С С Е Р Т А Ц И Я**

Илимий жетекчи:

**педагогика илимдеринин доктору,**
**профессор С.С.Сакиева**

**Бишкек-2023**

# Мазмуну

**КИРИШҮҮ ........................................................................................................ 3**

**I БАП. «ОРТО МЕКТЕПТЕРДЕ АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭМАЛАРЫН ОКУТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ»....**Ошибка! Закладка не определена.

1.1.Поэма жанрынын теориялык-терминологиялык аспектиси жана анын адабияттагы орду

1.2.Чет элдик жана Ата Мекендик адабияттардагы «технология» түшүнүгү жана анын билим берүү системасындагы орду жана өркүндөтүүнүн зарылдыгы. ........................................................................................ 22

1.3. Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларынын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши, методикалык эмгектерде изилдениши ................................................................................. 32

I бап боюнча корутунду ................................................................................. 43

**II БАП. ОРТО МЕКТЕПТЕРДЕ АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭМАЛАРЫН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ ........................................................................................................ 44**

2.1.Илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору..........................46

2.3.Педагогикалык эксперименттик иштердин жүрүшү жана жыйынтыктары......................................**Ошибка! Закладка не определена.**

Экинчи бап боюнча корутунду ........................................................................ 88

**III БАП. ОРТО МЕКТЕПТЕРДЕ АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭМАЛАРЫН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ ................................ 90**

3.1. «Толубай сынчы» поэмасын окуучунун өздөштүрүүсүн текшерүүдөгү деңгээлдик ыкма жана алар менен иштөө жолдору ..**Ошибка! Закладка не определена.**

3.2. «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?» «Өлүп тирилгендер» поэмаларын окуучулардын ишмердүүлүгүн активдештирүүгө жана интенсивдештирүүгө негизделген технологиялары ...**Ошибка! Закладка не определена.**

3.3. «Жеңишбек», «Майдын түнү», «Махабат» поэмаларын педагогикалык жактан интерпретациялоо («педагогикалык баяндоо», «педагогикалык талдоо») ..................................................................................................... 140

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР: ........................................................... 142**
**Колдонулган адабияттар: .......................................................................... 144**

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Бүгүнкү күндүн ааламдашуу доорунда эртеңки өзгөрүлмөлүү коомубузга ыңгайлаша алган, ар кандай кырдаалдарда, андан чыгууга жөндөмдүү жаш муунду даярдап чыгаруу заман талабы экени баарыбызга белгилүү. Азыркы мезгилдин талабы окуу-тарбия ишинин мазмунун жаңылоону, кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун абалын, сапаттык деңгээлин көтөрүүнү күн тартибине койду. Ааламдашуу процесси жалпы адам баласынын жашоосуна бурулуш алып келген дүйнөлүк XXI кылымдагы цивилизация талап кылып турган билимди, б.а. кийинки кылымдар үчүн керек баалуу булактарды үйрөтүү зарылдыгын белгилеп отурат. Коомдук зарылдыкка жараша окутуу процесси өркүндөтүлүп, окуучу билим алууга өзү кызыгып, улам кийинки сабакта жигердүүлүгү артып, окутуу иши анын практикалык талаптарына түздөн-түз жооп берип, жыйынтыгында мектептик билим берүүнүн алдында жаш инсанды келечекте коомдун татыктуу адамы катары калыптандыруу милдети турат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январында «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» Жарлыгы коомдун руханий, адеп-ахлактык деградациялоону босогосунда турган бүгүнкү абалын жөнгө салуу, оңдоо, калыбына келтирүү чараларын өз учурунда көргөн мамлекеттик расмий документ катары кабыл алынды [1, 41]. Бул расмий документте мындай милдеттер коюлат: «ар бир жарандын чыгармачыл жөндөмдөрүн ачуу жана өнүктүрүү, аны эмгекти сүйүүгө жана жогорку адеп-ахлактык принциптерге, инсандын өзүн-өзү жетилтүү жана өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн максималдуу жагымдуу шарттарды түзсүн; салттуу коомдун баалуулуктарын, үй-бүлө, сергек жашоо, Ата Мекенди сүйүү жана элге кызмат кылуунун

идеалдарын үгүттөсүн». Ал эми бул милдеттерди ишке ашыруу биздин илимий изилдөөбүздүн максат, милдеттеринде орун алган.

Поэма - адабияттагы байыркы жанр. Эзелки Грециядан бери эле поэма активдүү жазылып, акындардын дээрлик бардыгы чыгармачылыгы жетилген кезде поэма жазуу менен өздөрүнүн акындык чыгармачылык ишмердүүлүгүн көрсөтүшкөн. Дүйнөдөгү таанымал акындар поэмада сүрөткердик шыгын, жазуучулук индувидуалдуулугун, жеке стилин кеңири чагылдырууга зор мүмкүнчүлүк алган. Анткени ал көлөмдүү болуп, акындын оюн кеңири айтууга, образдарды терең иштөөгө, сөз маданиятын ар тараптуу көрсөтүүгө шарт түзүп берген. Поэтикалык шедеврлердин көпчүлүгү да поэмада жазылып, адабияттын поэзия салаасына келип кошулган жаш акындар да үйрөнчүк мезгилин негизинен чакан ырлардан баштан, качан гана такшалган учурга жеткенде поэма жазууга өткөн.

Орус тилдүү адабияттардын методикасында (Ф.И. Буслаев, В.И.Водовозов, Л.И.Тимофеев Г.Л.Абрамович, М.А.Рыбникова, В.В.Голубков, Я.А.Роткович, В.Р.Шербина, Н.И.Кудряшев) эмгектеринде поэмаларды окутуунун теориялык жана методикалык жактан ар кандай деңгээлде жалпылаштырышкан.

Билим берүү жана тарбиялоо процессинде жаңы технологияларды киргизүү, же мурдагы технологияларды жаңыртууга, модернизациялоого, рефармалоого кылган аракеттер бул биринчии кезекте жалпы коомдогу өзгөрүүлөр, ошол өзгөрүүлөр талап кылган муктаждыктар менен байланыштуу. Коомдун, адамзаттын өзгөрүүлөрү, умтулуулары, өсүштөрү жана өксүктөрү ар дайым билим берүү тармагы аркылуу өтүп келген жана бул процесс азыр андан бетер активдешип турган чагы. Жаңы кылымды педагог адистер, улуттук табылга-салттар менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын гармонизациялашуу мезгили деп аташууда. Эртеңки күнү бүгүнкү мектепти жана университетти бүткөндөрдү адис катары абдан күчтүү конкуренция күтүп

турат да, биз даярдап жаткан адис атаандаштыкта жеңип чыгууга даяр болушу керек.

Технология термини эки латын сөзүнөн түзүлгөн: «техне»-искусство, чеберчилик, өнөр; «логос»-илим. Эң алгач бул термин өндүрүшкө жаңылыктарды киргизүүнүн жыйынтыгын түшүндүргөн. Акыркы мезгилге чейин интеллектуалдык өндүрүштө, анын ичинде тарбия иштеринде технология түшүнүгү орун ээлеген эмес эле. Мына эми бүгүнкү күндө, И.П. Подласый айткандай, педагогикалык теорияда технологиялык мамиле бышып жетилип, анын максаттуулугуна жана рационалдуулугуна баа берилип, эске алына баштады. Анын себеби эмнеде? Кайсы иш аракетти албайлы, ал же технология, же искусство болууга тийиш (В.П. Беспалько). Искусство интуицияга, технология илимге негизденет. Эгерде технология иштелип чыга элек болсо, интуициялары күчтүү, ийкемдүү адамдар жакшы жыйынтыкка жете алышат, б.а. жекече чеберчилик, өнөр алдыга чыгат. Г.К. Селевконун эмгегинде жаңы жана мурда колдонулуп келген окутуу-тарбиялоо ыкмаларын, усулдарын, идеяларды, технологияларды бириктирип, «азыркы билим берүүнүн жалпы технологияларын» иштеп чыгып, аларды беш чоң багыт боюнча классификациялайт: 1) салттуу окутуу; 2) модернизацияланган технологиялар; 3) альтернативалуу технологиялар; 4) өнүктүрүп окутуу технологиясы; 5) автордук мектептер.

Бул пикирге караганда технологиялар абдан кеңири жана ар тараптуу түшүнүк. Мисалы, ошол эле класстык-сабак системасын алып көрөлү. Мунун көбү азыр эскирди дейт. Ал окутуу формасынын «атасы» катары ушул күнгө чейин епископ жана кудай таануучу, саясатчы жана аалым, коомдук ишмер жана педагог Ян Коменскийдин айтып келгенбиз. «Баарын баарына үйрөтүү керек» деген принцип менен класс-сабак системасын ойлоп тапкан. Бул системаны эскиртпей, ага жаңы түс берип, жаңы ыргак кошкондор толтура. «Сабак бул–жардам. Кимдир бирөөгө тез, кимдир бирөөгө кечиктрилгис, дагы

кимдир бирөө азырынча кое турат» (Е.Ильин). «Мугалимдин ар бир сабагы–бул башталыштардын башталышы жана улангандардын уландысы, бул –сөздүн кеңири маанисинде айтканда биздин рухий атмосферабызда чагылдрылбай койбойт».

Ал эми Ата мекендик окумуштуу-методисттердин технология түшүнүгү боюнча карап көрөлү. И.Бекбоев өз эмгегинде мындай дейт: «Көп учурда «технология» термини менен «технология» термини менен «методика» терминин бир коюшуп, алар бир эле процестти ирааттуу түшүндүрөт деп эсептешет. Чындыгында педагогикалык технология методикадан айырмаланат: биринчиден, методикада максат жалпыланып конкреттүү эмес коюлат (тигил же же бул материалды-теманы түшүндүрүү, маселе чыгарууга үйрөтүү ж.б. у.с.)» да, ишке ашыруунун куралы жок болгондуктан текшерүү кыйын болот. Ал эми долбоор түрүндө коюлган максатта (б.а.технологияда) болсо окуучунун иш-аракеттерин «түшүнөт», «колдогонду билет, «айтып бере алат», «билет» деген сыяктуу сөздөр менен көрсөтүлөт. Экинчиден, методикада ыкмаларды, каражаттарды, формаларды пайдалануу менен аларды ишке ашырган конкреттүү адамга тиешесиз, жалпы түрдө каралат, ал эми окутуу технологиясында болсо негизги орунду мугалим ээлейт да, технологиялык процети ал өзү ишке ашырат».

«Окутуунун технологиясы түшүнүгү,-деп жазат Н.Ибраева,-XX кылымдын 50-жылдарынын аягында пайда болуп, педагогикалык илимде салыштырмалуу жаңы багыт. Ал эң биринчи америкалык, анан батыш европалык мектептерди реформалаган учурларда пайда болгон. Андыктан, терминдин өзү биздин өлкөдө пайдаланылбаган. Ошентсе да, П.Я. Гальпериндин, Н.Ф. Талызинанын, П.М. Эрдниевдин, В.П. Беспальконун изилдөөлөрүндө технологиялык багыт орун ээлеп келген. Алсак, П.Я. Гальпериндин ой жүгүртүү  иш аракеттерин этаптар менен калыртандыруу теориясында тиешелүү технологиянын алгортми ачык көрсөтүлгөн.

Демек, технологиянын сабактагы орду материалды толук өздөштүрүүлүсүн камсыз кылат. Ал үчү окуу материалы кандайдыр бир фрагменттерге бөлүнүп, алар менен конкреттүү иш жүргүзүлөт да, окуучулардын өздөштүрүү деңгээли текшерилет. Текшерүүнүн жыйынтыгы адатттагыдай беш баллдык системада эмес, «өздөштүрдү», «өздөштүргөн жок» деген гана сөздөр менен бааланат. Бирок өздөштүрүлбөй калган материалдар кайра башка ыкмалар менен үйрөтүлөт, жана бул процес оң жыйынтыкка жеткенге чейин улантылат. Анткени, мындагы башкы максат–материалдын эң негизги моменттеринин бардык окуучулар тарабынан өздөштүрүлүшүн камсыз кылууда турат.

Кыргыз адабияты сабагында эмне үчүн окутуунун технологиияларын зарылдыгы эмнеде? Бул эң биринчи кезекте мугалимдердин көнүмүштүн күчүнө алдырып жибергендигинде, бири-бирине окшош сабактары менен окуучуларды жадаткандыгында. Бул окшоштуктар боюнча окумуштуу-методисттер А.Муратов, К.Акматовдун «Кыргыз адабиятынын окутуунун методикасы» деген эмгегинде төмөндөгүдөй типтүү окшоштуктар жөнүндө айтышат:

- Мугалим сабакка кирет да, саламдашып, ким келген-келбегенин жоктоп, 25-30 баланын фамилиясын окуп чыгат.
- «Мурдагы сабакта кайсыл теманы өткөн элек, кана ким айтып берет» деп 5-6 жөнөкөй суроолорду берип, анын жооптору айтылса угулат, айтылбаса, ошол бойдон суроолор жоопсуз калат.
- Өткөн тема эптеп жыйынтыкталат, көбүнчө окуучулардын даярдыксыз келгендиги айтылып, алар жемеленет жана акыркы жолу эскертүү берилет (бул да көнүмүш болуп калган).
- Анан доскага жана окуучулардын дептерлерине жаңы тема жазылат.
- Мындан кийин мугалим схемалуу төмөнкүдөй иш-аракетерди аткарат: биринчи ыкма: мугалим текстин мазмунун кыскача оозеки сүйлөп берет.

- Ошентип жаңы тема өтүлгөн соң мугалим кайталоо, же бышыктоо үчүн дагы 5-6 информациялык суроо коюп, өзү айтып бергенинен же окулган тексттен маалымат жыйнай баштайт.
- Андан ары үйгө тапшырма берилет, ал тексти окуп келип мазмунун айтып берүү, же ыр болсо аны жаттоо дегендей баланы кызыктырбаган иш-аракеттер ж.б.

Мындай ыкмалар ошол мугалимдин кийинки сабактарында да улантыла берет, бара-бара бул мугалим окуучулар үчүн жансыз сөлөкөткө айланат да, адабият сабагы чыгарманын мазмунун билүү, ал чыгарманын каарманын аттарын жаттоо сабагына гана айланып, окулуп жаткан жазуучу болгону бир талапкер жазмакердин деңгээлине түшүп калат. Технологиянын сабактагы орду материалды толук өздөштүрүүлүсүн камсыз кылат. Ал үчү окуу материалы кандайдыр бир фрагменттерге бөлүнүп, алар менен конкреттүү иш жүргүзүлөт да, окуучулардын өздөштүрүү деңгээли текшерилет. Текшерүүнүн жыйынтыгы адатттагыдай беш баллдык системада эмес, «өздөштүрдү», «өздөштүргөн жок» деген гана сөздөр менен бааланат. Бирок өздөштүрүлбөй калган материалдар кайра башка ыкмалар менен үйрөтүлөт, жана бул процес оң жыйынтыкка жеткенге чейин улантылат. Анткени, мындагы башкы максат–материалдын эң негизги моменттеринин бардык окуучулар тарабынан өздөштүрүлүшүн камсыз кылууда турат. Ушундан улам жаңычыл (инновациялык) сабактар зарыл, технологиянын сабактагы орду анын кызыктуулугун арттырып, балдар менен мугалимдин чыгармачылык байланышын тереңдетүүчү жол. Ошол жол аркылуу бала мугалим менен да, классташы менен да, жазуучу менен да диалогго чыга алат. Адабиятты маалымат алуунун куралы катары гана окубастан, турмушту таанып билүүнүн, адабияттын эстетикалык ырахат алуунун, тарбия берүүнүн куралы катары окушат.

Алыкул Осмоновдун поэмалары негизинен согуш жана согуштан кийинки мезгилдерде жазды. Анын поэмалары ар бири өз алдынча

өзгөчөлүктөргө ээ болуу менен кыргыз профессионал адабиятынын поэма жанрынын өсүп-өнүгүшүнө белгилүү жаңылыктарды алып келди. Акындын поэмаларына гана мүнөздүү жаңылыктар: башка поэмаларда алардын каармандары сөзсүз ошол учурдун типтүү өкүлдөрү болушканы менен акындардын негизги ою жалпы адам менен окуяга бурулгандыктан жеке адам катары индивидуалдашттырылган ачык мүнөзгө ээ боло албагандыктан каарман массага аралашканда алардын арасына типтүү, жалпы көрүнүштөргө сиңип кетип, өзүнчө бөлүнүп көрүнө албай калышчу. Алыкул Осмонов ушул кемчиликти жарып өтүп конкрет адам тагдырын, анын ички дүйнөсүн–ачык, даана сүрөттөп, индивидуалдуу мүнөз түзүү аркылуу типтүү кырдаалдар менен типтүү көрүнүштөргө чыгууга жетишкен.

Лаконизм жана кыскалык, окуялардын ыраттуу жана так өнүгүшү акындын поэмаларындагы сюжеттик өзгөчөлүктү түзгөн. Акындын чыгармачылык жеңиши жалпы эле жаңы жазма профессионал адабиятыбыздын угуту, релисттик көркөм сөз өнөрүнүн түпкү принциптеринин бекем орношу гана болбосотон, поэма жанрынын эпикалык айтымдары менен дастан формасын биротоло үстөмдүк кылган жеңиши да болду.

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасында поэмаларды окутууга жана аларды үйрөтүү дайыма актуалдуу проблема. Алыкул Осмоновдун чыгармаларын окутуу боюнча кыргыз педагогика илиминде бир топ окумуштуулардын эмгектеринде изилденип, мектеп тажрыйбасына сунушталып келүүдө. Эн алгач окумуштуу-методисттер К.Иманалиевдин «Кыргыз адабияттын окутуунун жолдору» (1966), «Методика преподования кыргызкой литратуре в средней школе» (1972), «Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуу методикасынын негизги маселелери» (1973), «Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы» (1976), «Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окутууну уюштуруу иши» (1981), «Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелри» (1984),Б.Алымовдун

"Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери" (1972), "Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы" (1981), "Мектеп сочинениеси" (1982), "Биздин адабиятты 7-класста окутуу" (1983), "Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы" (1984) аттуу китептеринде поэмаларды окутуу тууралуу методикалык сунуштар, айрым бир жалпылоолор берилет. Н.Ишекеев «Кыргыз адабиятын мектептерде окутуу тарыхы» (1994) деген эмгегинде окуу предметин үйрөтүүнүн жана метдоикасынын эволюциясын диахрондуу негизде изилдөө менен поэма жанрындагы чыгармалардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги жана жеке дидактикадагы жалпы абалына тарыхый экскурс жасайт. Т.Мусанбетов «Кыргызстандагы жалпы билим берүүчү орто мектептердин V-X класстарында А.Осмоновдун өмүрүн жана чыгармачылыгын үйрөтүү» (1990) акындын «Жеңишбек» поэмасына арналган проблемалык лекция сабагынын мазмунун талдага. О.Соороновдун «Согуш темасындагы кыргыз поэмаларынын сюжеттик мотивдери» (1982), А.Муратовдун «Адабият–ыйман сабагы (А.Осмоновдун жана Ч.Айтматовдун чыгармаларын V-XI класстарда окутуу боюнча методикалык колдонмо)» (1992), Ж.Эшиев «Мектепте поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери (V-VII класстардын мисалында)» (2006) изилдөөсүндө «Толубай сынчы» поэмасын тексттин талдоонун педагогикалык технологияларын сунуштаган. Р.Дөөлөтбакова «Кыргыз адабиятындагы майдан темасындагы поэмаларды окутуу» (2016) акындын «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Жеңишбек» поэмаларын тектик бөтөнчөлүгүнө жараша ар кандай методикалык ыкмаларды, каражаттарды колдонууну сунуштаган. Албетте, бул уникалдуу эмгектер өз мезгилинде эмгектер жалпы билим берүүчү орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун адабий, дидактикалык-методикалык негиздери, поэмаларды окуучуларга жеткирүү боюнча конкреттүү материал болуп бере алат [53, 31].

Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун жалпы теориялык, методикалык маселелери кыргыз адабиятын окутуу методикасында ар

тараптуу каралып, изилдегени менен коомдун өзгөрүшү, ага карата педагогикада окуучуларды окутуу жана тарбиялоо боюнча позициясынын жаңылануусу, адамзат улам жаңы илим жана техникага тынымсыз туш келип, замандын инсандар ортосундагы бетме-бет мамилени алыстатып, телефон, интернет жакындаткан сайын адамдардын рухий дүйнөсүндөгү жакырчылык көбүрөөк байкалып жаткан учурда жаштардын өздүк белгилерин сактап калуу зарылдыгын көрсөтүүдө. Бул азыр окуу китептеринде орун алган адабий чыгарманын жарыяланышын, идеялык-эстетикалык кудуретин, тарыхый ордун адабий факты катары айтып берүү менен гана чектелбестен, андан тереңдеп эл турмушуна байланыштуу тарбиялык маанисин, каада-салтты таанып үйрөнүүдөгү руханий баалуулугун, жарандык инсандык белгилерин түшүнүүгө жасаган кызматын азыркы жаштарга жеткирүү милдетин аткарат.

Биздин изилдөө темабызга киришүү алдынан бир катар карама-каршылыктар бар экенин аныктадык. Алар: **Окутууну санарип муунга шайкеш келген жаңы технологияларды колдонуу зарылчылыгы болгону менен аны окутуу процессинде колдонуу үчүн теориялык билимдин аздыгы жана методика менен технологиянын бирдей алып алган учурлардын болушу; Алыкул Осмоновдун поэмалары кыргыз адабиятын окутуунун тарыхында узак убакытты камтыса да, аларды үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрү, бирдиктүү ыкмалары иштелип чыкпагандыгы, поэмаларды салыштырып жана жакындатып үйрөнүүнүн методикасы түзүлбөгөндүгү; Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуучунун өздөштүрүүсүн текшерүүдөгү деңгээлдик технологиялардын иштелбегендиги; орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын педагогикалык жактан интерпретациялоо («педагогикалык баяндоо», «педагогикалык талдоо») технологияларынын иштелбегендиги** изилдөөбүздө бул көйгөйлөрдү кантип четтетүү жана

чечүүгө болот деген маселе боюнча теманы изилдөөгө түрткү болуп, анын актуалдуулугун жаратты.

Жогорудагы карама-каршылыктар жана аларды жеңилдетүүнүн зарылдыгы, орто мекептерде кыргыз адабиятын окутууга коюлган заманбап талаптар биздин теманын проблемасын аныктап, темабызды **«Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары (орто мектептин мисалында)»** деп атадык.

**Изилдөө ишинин темасынын илимий мекемелерде жүргүзүлүүчү илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасынын илимий изилдөө иштеринин пландары менен тыгыз байланышып, аталган кафедрада бекитилип, аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты-**орто мектептердин кыргыз адабияты предметинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын методикасын, илимий-теориялык негизде иштеп чыгуу жана аларды педагогикалык тажрыйбада текшерип, натыйжалуулугун аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1.Орто мектептердин кыргыз адабияты предметинде жалпы «поэма», Алыкул Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши жана ордун, проблемаларын, өзгөчөлүктөрүн, ааламдашуу доорундагы акындын поэмаларын үйрөнүүнүн максатын, милдеттерин аныктоо.

2.Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологияларды колдонуу менен окутуунун илимий-методикалык өбөлгөлөрүнө анализ жасоо менен аныктоо.

3.Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун натыйжалуу формаларын, каражаттарын, методдорун, ык-машыгууларын жана сабактардын формалары менен типтерин аныктап, практикага сунуш кылуу.

4. Изилдөөдөн алынган натыйжа, тыянактарды эксперименттик сыноолордон өткөрүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** орто мектептерте Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологиялар менен окутуунун ыкмалары, жолдору, каражаттары адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип алгачкы жолу иштелип чыкты; Алыкул Осмоновдун поэмаларын орто мектептерде мектептерде үйрөтүүнүн тарыхына обзор берилип, азыркы абалы, өзгөчөлүктөрү, проблеманын изилдениш тарыхы, ааламдашуу доорундагы жомокторду окутуунун максат-милдеттери атайын максатта талдоого алынды; Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши көрсөтүлдү; Алыкул Осмоновдун поэмаларын инновациялык технологиялар менен окутуу боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары жалпыланды; жаңы технологиялар менен Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, эффективдүү делген жолдор жана ыкмалар практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:**

-илимий иште орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологияларды колдонуп окутуунун методикасы иштелип чыккандыгы;

-иштин илимий аныктамалар интерактивдүү сабактын үлгүлөрү аларды аткаруунун жолдору, формалары, каражаттары жалпы кыргыз адабияты боюнча изилдөөчүлөргө, жалпы билим берүү системасында эмгектенген мугалимдерге, кайсы адистик экенине карабастан, илимий жана окуу-усулдук жактан курал боло тургандыгы.

-мугалимдерге жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жазууда методикалык таяныч жардам боло тургандыгы.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

- орто мектептердин кыргыз адабияты предметинде жалпы «поэма», Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши жана ордун, проблемаларын, өзгөчөлүктөрүн, ааламдашуу доорундагы акындын поэмаларын педагогикалык, эстетикалык функциялары;
- Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуучуларга үйрөтүүнүн методикалык негиздери;
- Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча адабият мугалимдеринин иш тажрыйбалары;
- орто мектептердин окуучуларына Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологияларды колдонуп окутууда адабият мугалимине зарыл болуучу педагогикалык-дидактикалык, психологиялык, тилдик методологиялык негиздер;
- орто мектептеринин кыргыз адабияты предметинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологиялар боюнча окутууну мындан ары өркүндөтүү боюнча боюнча сунуштар ж.б.

**Изденүүчүнүн жекече салымы:** Орто мектептердин кыргыз адабияты сабагында Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологиялар менен окутуунун натыйжалуу ыкмалары табылгандыгы; Алыкул Осмоновдун поэмаларын мектептерде окутуунун тарыхы, өзгөчөлүктөрү, бул багытта изилдөөнүн эволюциясы аныкталгандыгы; акындын поэмаларын окутуунун жаңычыл ыкмалары иштелип чыккандыгы жана практикага сунушталгандыгы; бул ыкмалардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилгендиги; илимий иштин негиздери жеке өзү тарабынан апробациялангандыгы ж.б.

**Алынган жыйынтыктардын апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөө ишинин жүрүшүндө алынган натыйжалары алгачкы мезгилдерде, эксперимент иштери толугу менен аяктаган мезгилдер аралыгында,

республикалык жогорку окуу жайлардагы эл аралык илимий-практикалык симпозиумдарда, конференцияларда, семинарларда, тегерек столдордо, ар кандай тренингдерде изилдөөнүн жүрүшү, анын натыйжалары боюнча ондон ашык илимий баяндамалар жасалды. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары эл аралык жана республикалык, РИНЦ, SKOPUS, Web of Science илимий басылмаларда, илимий журналдарда жарыяланды. Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасында жана буга тиешеси бар башка адистердин катышуусу менен кеңири талкуудан өткөрүлдү.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы.** Ош шаарындагы №52 Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи, Жалал-Абад облостындагы Базар-Коргон районундагы Ж.Бөкөнбаев жатак-гимназиясы, Кара-Суу районундагы № 130 Шабы Жумаев, Өзгөн районундагы №26 П.Жолдошов атындагы орто мектептеринде жүргүзүлдү.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү:** Диссертациялык изилдөө: кириш бөлүмдөн, үч баптан (ар биринде үч бөлүмдөн), корутундудан, практикалык сунуштардан жана библиографиядан турат. Эмгектин жалпы бети -165 бет, негизги текст -150 бет, таблицалар -28, сүрөттөр-2.

«**Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологиялар менен үйрөтүүнүн теориялык-методологиялык маселелери жана изилдениш тарыхы**» деп аталган биринчи бап орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологиялар, каражаттар, методдор менен окутуу багытындагы чоң проблеманын тарыхый-методологиялык аспектилерин анализдөө менен башталат. Биринчи бөлүм *«Поэма жанрынын теориялык-терминологиялык аспектиси жана анын адабияттагы орду»* деп аталып, бул бөлүмдө жалпы адабият таануудагы, педагогикадагы «поэма» түшүнүгү теориялык-терминологиялык аспектиден дагы да тереңдетилди. Ошондой эле «поэма» түшүнүгү боюнча окумуштуу-методисттердин ойлоруна анализ жүргүзүлдү. Поэма боюнча

теориялык аныктоолорду окуучуларга жеткирүү үчүн мугалимдер адабият сабагында, анын теориясында «поэма» түшүнүгүнө изденүүчүлөр, окумуштуулар эмгектеринде кандай эреже-аныктамалар, пикирлер менен тааныш болушу да айтылды. Ошондой эле кыргыз профессионал адабиятында акын-жазуучулар тарабынан поэмалардын жаралуу тарыхы, анын орду, өзгөчөлүктөрү көрсөтүлдү.

*«Чет элдик жана Ата Мекендик адабияттардагы «технология» түшүнүгү жана анын билим берүү системасындагы орду жана өркүндөтүүнүн зарылдыгы»* деп аталган 2-бөлүмдө чет элдик жана Ата Мекендик адабияттардагы «технология» түшүнүгү жана анын билим берүү системасындагы орду жана өркүндөтүүнүн зарылдыгына анализ жүргүзүлдү. Жаңы технологиялар менен окутуу–бул окутуунун мазмунун, формасын жаңылоо, салттуу сабактардагы бир жактуулуктан, жадатмалуулуктан кутулуу, интерактивдүү аракеттер менен сабактын натыйжалуулугуна жетишүү. Мындай педагогикалык технологияларды окуу процессинде колдонуунун эффективдүүлүгү чет элдик окумуштуулар Г.К. Селеко, В.П.Беспалько, В.А.Сластенин жана Ата мекендик окумуштуулар И.Б.Бекбоев, С.О.Байгазиев, А.Ж.Муратов, Ж.А. Чыманов, С.К.Сулайманов, С.Т. Батаканова, Н.И.Ибраева ж.б. эмгектеринде далилденип аныкталган окутуунун жаңы технологиялары боюнча сөз болду

*«Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу проблемасынын изилдениши жана теманын ачуунун методологиялык негиздери»* деп аталган 2-бөлүмдө теманын тарыхый методологиялык негиздери көрсөтүлдү. Мында биринчи кезекте акындын поэмаларынын окуу программаларындагы орду, окуу китептериндеги берилиш тарыхына экскурс жасалып, жалпы обзор берилди. Изилдөө ишибиздин бул бөлүмүндө акындын поэмаларын XX-XXI кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча үч доорго 1) Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз адабияты (1941-1960), 2) 60-80 жылдардагы кыргыз

адабияты (1961-1984), 3) көз карандысыздыкты алгандан кийинки мезгилдер (1991-жылдан баштап) бөлүп карадык.

1) Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз адабияты (1941-1960). Акындын поэмалары 1947-жылы киргизилип, 1954-55-окуу жылынан баштап туруктуу окутулуп келе жатат. 1955-56-окуу жылынан баштап программага V–VII класстарда алгач А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасы киргизилет. Улуу Ата-Мекендик согуштан кийин 1947-48-жылдарда кыргыз жазма адабиятынын акын, жазуучулары чыгармачылык жактан жетилип, ар түрдүү жанрдагы, формадагы поэмаларды жаратып, поэма негизинен адабияттын оң флангысына көтөрүлүп калган эле. Мына ошолордун катарында өзгөчө согуш темасындагы лирикалык Алыкул Осмонов, «Жеңишбек» кыргыз адабиятындагы этаптуу чыгарма болуп калган. Акындын дал ушул поэмасы адабий окутуу процессинин жаңы сапаттык баскычка көтөрүлүшүнө көмөк көрсөттү.

2) 60-80 жылдардагы кыргыз адабияты (1961-1984). Кыргыз адабиятын окутуунун мамлекеттик программаларында 1960-жылдары кыргыз поэмаларына окутууга олуттуу орун берген. Дал ушул жылдары азырга чейин мектептик окутууда мыкты чыгармалардын бири катары саналып келе жаткан А.Осмоновдун «Махабат», «Жеңишбек», «Майдын түнү», «Махабат» поэмалары киргизилген. Акындын бул поэмаларынын киргизилиши окуучулардын эстетикалык жан дүйнөсүнүн көрөңгөсүн көтөрүүгө чоң салым кошорун ошол жылдын адабиятчылары да, алыкул таануучулар да, окуу программасын түзүүчүлөр да, окуу китептерин жазган авторлор да туура аңдашкан [81,4].

3) Көз карандысыздыкты алгандан кийинки мезгилдер (1991-жылдан баштап). Ал эми 1991-жылы Кыргызстан эгемендүү өлкө болгондон кийин программа түзүү иштерине белгилүү окумуштуулар С.Байгазиев, А.Муратов, С.Рысбаевдер тарабынан түзүлүп, бир нече жолу оңдолуп, толукталып жарык көрүп келе жаткан программалар колдонулуп келе жатат. Кыргыз адабияты

боюнча окуу китептерин түзүүгө, даярдоого, жазууга Б.Исаков,К.Артыкбаев, Н.Ишекеев, А.Сманбаев, Б.Алымов, А.Муратов, С.Байгазиев, С.Мусаев, А.Турдугулов, Б.Оторбаев ж.б.авторлор тартылып, жана алар оош-кыйыш учурлары болсо да кыргыз адабияты сабагын окуу китептери менен камсыздап турду.

Илимий изилдөөбүздө жогорудагы окуу программаларда Алыкул Осмоновдун поэмаларынын сунушталышы тууралуу маалыматтар берилет. Ошондой эле окуу китептеринде тарыхый-эволюциялык аспектиде обзор берилип, алардын дидактикалык-мазмундук маңызы талданат.

Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун методологиялык жана дидактикалык негиздери катары философия, педагогика, эстетика, адабият таануу, лингвистика боюнча эмгектер пайдаланылды. Ошондой эле бул багытта КР билим берүү жана илим министрлиги иштеп чыккан жана коллегиясында бекиткен нормативдик документтер (мыйзамдар, окуу планы, адабиятты окутуунун концепциялары жана мамлекеттик стандарттары, окуу программалары, окуу китептери, баалоонун жана баа коюунун нормалары ж.б.) жетекчиликке алынды. Кыргыз адабиятын окутуу боюнча методист окумушуулардын эмгектери, мугалимдердин тажрыйбалары, Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча диссертациялык изилдөөлөр (Т.Мусанбетов, Ж.Эшиев А.Батыркулова, Р.Дөөлөтбакова, А.Б.Батыркулова ж.б.) орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуу проблемасы чагылдырылган илимий эмгектер (К.Иманалиев, Б.Алымов, О.Сороонов, Н.Ишекеев А.Муратов, С.Байгазиев, С.Рысбаев ж.б.) диссертациябыздын методологиялык таянычы болду жана алар изилдөөбүздү илимий-теориялык жактан аргументтүү жана ишенимдүү болушуна жардам берди.

Диссертациянын экинчи бабы **«Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»-** Диссертациянын экинчи

бабы **«Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»-**деп аталат да, анда изилдөөнүн материалы катары кыргыз адабияты боюнча мамлекеттик стандартта, окуу программаларында, окуу китептеринде сунушталган Алыкул Осмоновдун поэмаларынын берилиши, программаларга жана окуу китептерине акындын поэмаларынын сунушталышы боюнча анализ көрсөтүлөт. Ошондой эле педагогикалык эскпериментик жүрүшү жана иштердин жыйынтыктары

Изилдөөнүн обьекти–орто мектептерде кыргыз адабияты предметинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологиялар менен окутуу процесси.

Изилдөөнүн предмети–Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун кыргыз адабияты предметинде жаңы технологиялар менен окутууну өркүндөтүүнүн жолдору, ыкмалары.

Бул баптын биринчи бөлүмү *«Илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»* деген аталып, методология, методдор жөнүндө маалымат берилет. Алыкул Осмоновдун поэмаларынын өзгөчөлүктөрү талдоого алынып, аларды окутууда жаңы технологияларды колдонуунун оптималдуу мүмкүнчүлүктөрү каралды.

Диссертациянын материалдары болуп биринчи кезекте КР президентинин жарлыгы («Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы»), мыйзам актылары («Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү», «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү»), концепциялар («Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы»), стандарттар («Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты», «Окутуу кыргыз тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептер (класстар) үчүн кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандарты», окуу программалары, окуу китептери,

методикалык колдонмолор, окутууга сунуш кылынган акындын поэмалары, мугалимдердин тажрыйбалары ж.б. эсептелет.

Изилдөө ишибиздин илимий-теориялык деңгээли жогору болушу үчүн теманын методологиялык негиздерин үйрөнүү, б.а., илимий эмгектерди изилдөө жана колдонуу, баарлашуу, окуучулардын оозеки жана жазуу жумуштарын анализдөө, анкетирлөө, байкоо мугалимдердин тажрыйбаларын үйрөнүү жана аны жыйынтыктоо, салыштыруу, моделдештирүү методдорду пайдаландык. Бул методдорду кайсыл учурда, эмне максатта колдонгондугубуз да ушул бөлүмдө чагылдырылган.

*«Педагогикалык эксперименттик жүрүшү жана иштердин жыйынтыктары»* деп аталган 2-бөлүмдө, педагогикалык эксперимент толугу менен эксперименталдык-тажрыйбалык иштердин жүрүшүнө арналып, эксперименттик жана текшерүү класстарында Алыкул Осмоновдун поэмаларынын үйрөтүүнүн адабий-турмуштук, психологиялык-педагогикалык негиздери; соңку төрт-беш окуу жылында жүргүзүлгөн эксперименталдык-тажрыйбалык иштердин жүрүшү жана анын жыйынтыктары тууралуу маалыматтар берилди. Изилдөөнүн эксперименталдык базалары катары Ош шаарындагы №52 Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи, Жалал-Абад областындагы Базар-Коргон районундагы Ж.Бөкөнбаев жатак-гимназия мекемеси, Кара-Суу районундагы № 130 Шабы Жумаев, Өзгөн районундагы №26 П.Жолдошов атындагы орто орто мектептеринин 698 (тажрыйба класстары-349, текшерүү класстары-349), 6,9,10-класстар катышты. Алгач оозеки анкеталык суроо-жооптор өткөрүлүп, жалпы эле Алыкул Осмоновдун поэмаларын билүү, түшүнүү, айтып берүү, поэмага карата суроо түзө билүү тапшырмалар көндүмдөрү каралды.

Педагогикалык эксперимент орто мектептерде 2018-2023-жылдарда үч этапта баскычта жүргүзүлдү, алар: 2018-2019-жылдары эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабы; 2019-2020-жылдары аныктоочу этап; 2021-2022-жылдары

жыйынтыктоочу жүргүзүлдү. Тажрыйба жүргүзүүгө жогорудагы мектептерден 698 окуучу катышты, алардын ичинен 349 окуучу текшерүүчү (байкоо) жана 349 окуучу эксперименталдык (тажрыйба) топто иш жүргүздү.

**Үчүнчү бап «Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиясы»-**деп аталат. 1-бөлүм *««Толубай сынчы» поэмасын* деңгээлдер боюнча окутуунун технологиясы» деп аталат. Бул бөлүмдө окумуштуу-методисттер А.Сакеев, А.Муратов, Ж.Эшиевдердин акындын «Толубай сынчы» поэмасын окутуу боюнча эмгектерине таянып өттүк. Андан соң өз методикабызды сунуштадык мында Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окуучунун өздөштүрүүсүн текшерүүдөгү деңгээлдик ыкма жана алар менен иштөөнү төрт деңгээли боюнча талдоо жүргүзүлдү. Ошондой эле бул окутуунун технологиясынын артыкчылык жактары жөнүндө сөз болду. *2-бөлүм ««Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» поэмаларын окуучулардын ишмердүүлүгүн активдештирүүгө жана интенсивдештирүүгө негизделген технологиялары»* деп аталып, мында акындын жогорудагы аты аталган поэмаларын «концепция таблицасы», «жеңил жана оор суроолор»,«үч бөлүктүү күндөлүк», «концептуалдык таблица» усул-ыкмалары аркылуу проблемалык окутуу, окуу материалын таяныч моделдеги жана схемалык белгилерге негиздеп окутуунун, чыгарманын тексттин талдоо, түшүндүрүү технологиялары жөнүндө сөз болот.

*««Жеңишбек», «Майдын түнү», «Махабат» поэмаларын педагогикалык жактан* интерпретациялоо *(«педагогикалык баяндоо», «педагогикалык талдоо») технологиялары»* деп аталган 3-бөлүмдө көркөм чыгарманы педагогикалык жактан интерпретациялоонун маани-маңызы жана аны ишке ашыруу жөнүндө сөз болот. Мында окумуштуу-педагог С.Рысбаев сунуш кылган педагогикалык интерпретациялоонун ык-жолдору тууралуу сөз болот. ««Жеңишбек», «Майдын түнү», «Махабат» поэмаларын

педагогикалык интерпретациялоонун мектеп практикасы талап кылган технологиялар аркылуу бердик.

Бул бөлүмдүн корутундусунда жогоруда аталган поэмаларын окутуунун методикасы заманбап талаптарга ылайык иштелип чыкты. Мында акындын поэмаларын өздөштүрүүнүн мисалдары, интерактивдүү методдор, ык-машыгуулар, окутуу стратегияларды колдонуунун натыйжалуу жолдору, сабактардын болжолдуу үлгүлөрү сунуш кылынды.

# I БАП. «ОРТО МЕКТЕПТЕРДЕ АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭМАЛАРЫН ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАР МЕНЕН ҮЙРӨТҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ

## 1.1. «Поэма жанрынын теориялык-терминологиялык аспектиси жана анын адабияттагы орду»

Поэма - адабияттагы байыркы жанр. Эзелки Грециядан бери эле поэма активдүү жазылып, акындардын дээрлик бардыгы чыгармачылыгы жетилген кезде поэма жазуу менен өздөрүнүн акындык чыгармачылык ишмердүүлүгүн көрсөтүшкөн. Дүйнөдөгү таанымал акындар поэмада сүрөткердик шыгын, жазуучулук индувидуалдуулугун, жеке стилин кеңири чагылдырууга зор мүмкүнчүлүк алган. Анткени ал көлөмдүү болуп, акындын оюн кеңири айтууга, образдарды терең иштөөгө, сөз маданиятын ар тараптуу көрсөтүүгө шарт түзүп берген. Поэтикалык шедеврлердин көпчүлүгү да поэмада жазылып, адабияттын поэзия салаасына келип кошулган жаш акындар да үйрөнчүк мезгилин негизинен чакан ырлардан баштан, качан гана такшалган учурга жеткенде поэма жазууга өткөн.

Поэма боюнча теориялык аныктоолорду окуучуларга жеткирүү үчүн мугалимдер адабият сабагында, анын теориясында «поэма» түшүнүгүнө изденүүчүлөр, окумуштуулар эмгектеринде кандай эреже-аныктамалар, пикирлер менен тааныш болгону талапка ылайык.

Белгилүү орус адабиятчысы жана котормочу Л.И.Тимофеев: «Поэма» (грек сөзү-poiein - жаратуу, poima-жаратуучулук )-лиро-эпикалык жанрдын чоң форматы, сюжеттик-баяндоочулук курулушка негизделгеи ыр түрүндөтү чыгарма, ыр формасындагы повесть, же роман. Поэманын өзгөчөлүгү-катышуучу каармандарды, окуяларды ж.б. нерселерди баяндоо менен жана аларга поэмада активдүү ролду аткарган лирикалык каарман баяндоочунун кабыл алуусу аркылуу турмуш жатдайларынын баштан өткөрүлүшү»-деп белгилесе, адабият таануучу Г.Л.Абрамович «Өзүнүн тарыхый өнүгүшүндө поэма ар кандай жана көп түрдүү жанрларды колдонулуп келди, андыктан анын так маанисин айтуу алда канча кыйын. Ошентсе да поэма көпчүлүк учурда кандайдыр бир белгилүү окуяны, көтөрүңкү мүнөздү, эң сонун адамдык сапаттарды ырга салган чыгарма катары түшүндүрүлүп келди» деп мүнөздөгөн [4,222].

Ушул мааниде окумуштуу, сынчы М.Борбугуловдун төмөндөгүдөй белгилейт: Лиро-эпикалык жанрдагы чыгармаларда айтылган эки башталманын кандайдыр бир ченеп-өлчөп койгон өлчөмү же пропорциясы бар деген сөз эмес.Таланттын табияты менен автордун табитине, сүрөттөлгөн предметтин мазмунуна ж.б. жараша ал өлчөм жана пропорция ар түрдүү болот. Мисалы К.Тыныстановдун «Жаңыл Мырза», Алыкул Осмоновдун «Жеңишбек», С.Эралиевдин «Ак Мөөр» аттуу белгилүү поэмаларында лирикалык катмар басымдуулук кылса, ыр менен А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар», А.Токтомушевдин «Алтын тоо», С.Жусуевдин «Курманжан датка» романында эпикалык катмар басымдуулук кылганын көрөбүз» [50,19].

Методист Ж.А.Эшиевдин эмгектеринде «Поэма - адабияттагы байыркы жанр. Байыркы Грециядан бери эле поэма активдүү жазылып, акындардын дээрлик бардыгы чыгармачылыгы жетилген кезде поэма жазуу менен өздөрүнүн акындык чыгармачылык ишмердүүлүгүн көрсөтүшкөн. Дүйнөдөгү таанымал акындар поэмада сүрөткердик шыгын, жазуучулук индивидуалдуулугун, жеке стилин кеңири чагылдырууга зор мүмкүнчүлүк

алган. Анткени ал көлөмдүү болуп, акындын оюн кеңири айтууга, образдарды терең иштөөгө, сөз маданиятын ар тараптуу көрсөтүүгө шарт түзүп берген. Поэтикалык шедеврлердин көпчүлүгү да поэмада жазылып, адабияттын поэзия салаасына келип кошулган жаш акындар да үйрөнчүк мезгилин негизинен чакан ырлардан баштан, качан гана такшалган учурга жеткенде гана поэма жазууга өткөн»-деп белгелейт [174,40].

Поэманын жанрдык аныктамасын өтө шарттуу түшүнүүгө болот, мисалы кыргыз адабиятынын тарыхынан алып көргөндө азыр биз эпос, дастан деген терминдер менен атап жүргөн «Манас», «Курманбек», «Эр Төштүк», «Кожожаш», «Эр Табылды», «Жаныш, Байыш», «Жаңыл Мырза» сыяктуу кылымдан кылымдарга оозеки жашап келген чыгармалар да ыр түрүндө жана көлөмү чоң болгондуктан поэма деген аныктамага ылайык келет. Ошондой эле көлөмү жогорудагы улуу жапа кенже эпосторго (поэмаларга) салыштырмалуу кичирээк болгон, бирок ырларга салыштырмалуу көлөмдүү келген дастандар жана чоң ырлар да поэма деген жалпы аталышка дал келет. Буга мисал катары эл арасында оозеки айтылып келген «Мырза уул менен Аксаткын», «Карагул ботом», «Ак мактым» деген сыяктуу чыгармаларды атап көрсөтсөк болот. Ошол эле кезде төкмө акындардын көлөмдүү чыгармаларын да, мисалы, Женижоктун «Дүнүйө», «Балалык», Барпынын «Аккан суу», Калыктын «Күлүсүн», Осмонкулдун «Ашымжан» деген чыгармаларын да жанрдык жактан поэма деп атап жүрөбүз. Ал эми профессионал адабияттын ичинде болсо поэма абдан активдүү жанрга айланды.

Адабият окутула баштагандан эле элдик поэмалар, төкмө акындардын поэма жанрындагы чыгармалары киргизилген. 30-жылдарда бул жанр (А.Токомбаев, Ж.Турусбеков, Ж.Бөкөнбаев, Т.Үмөталиев) кеңири окутула баштаган. Демек, поэма жанр катары ар кандай адабий системаларда жана доорлордо жашап келген. Ырас, ал поэма деген жанрдык аталышка советтик доордо, негизинен орус акындарыныnп таасиринен улам ээ болуп, адабият

таануу илими пайда болгондон кийип анын жанрдык белгилери аныктала баштаган.

Адабияттын башка түрлөрү жана жанлары сыяктуу эле поэманын өзүнчөлүгү, көркөм каражаттарынын, лирикалык каарман менен катышуучулардын мүнөзү, сюжеттик кырдаалдарды ж.б. адабияттын стиль, агым, усулун аныктай турган багыттарга байланыштуу болот да, ошону менен шартталат. Бирок кандай болгон күндө да анын туруктуу жанрдык белгиси эпикалык жана лирикалык башталмалардын бирдиги болуп эсептелет.

Профессионалдык жазма адабияттын биринчи муундагы өкүлдөрүнүн катарында А.Токомбаев, К.Тыныстанов, М.Алыбаев, Т.Сыдыкбеков, М.Алыбаев, А.Осмонов, Т.Үмөталиев кийинчерээк Р.Шүкүрбеков, М.Алыбаев, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков келип кошулушту. Лирика менен катар ар түрдүү темадагы поэмалар, ыр менен жазылган роман жазыла баштады. Поэма жанрынын кыргыз адабиятында пайда болушу негизинен үч булактын эсебинен–улутубуздун традициялуу оозеки фольклорунан, Чыгыш адабиятынан жана кыргыз жазма чыгармачылыгынан, ошондой эле дүйнөлүк адабиятты өздөштүрүүдөн улам пайда болду.

## 1.2. Чет элдик жана Ата Мекендик адабияттардагы «технология» түшүнүгү жана анын билим берүү системасындагы орду жана өркүндөтүүнүн зарылдыгы

Билим берүү жана тарбиялоо процессинде жаңы технологияларды киргизүү, же мурдагы технологияларды жаңыртууга, модернизациялоого, рефармалоого кылган аракеттер бул биринчии кезекте жалпы коомдогу өзгөрүүлөр, ошол өзгөрүүлөр талап кылган муктаждыктар менен байланыштуу. Коомдун, адамзаттын өзгөрүүлөрү, умтулуулары, өсүштөрү жана өксүктөрү ар дайым билим берүү тармагы аркылуу өтүп келген жана бул процесс азыр андан бетер активдешип турган чагы. Жаңы кылымды педагог адистер, улуттук табылга-салттар менен жалпы адамзаттык

баалуулуктардын гармонизациялашуу мезгили деп аташууда. Эртеңки күнү бүгүнкү мектепти жана университетти бүткөндөрдү адис катары абдан күчтүү конкуренция күтүп турат да, биз даярдап жаткан адис атаандаштыкта жеңип чыгууга даяр болушу керек.

Азыркы учурда окутуунун технологиясына көңүл бурулуп, азыркы педагогика окуу китептеринде, технология түшүгүнө арналган атайын эмгектерде, «Начальная школа», «Педагогика», «Вопросы психологии» журналдарында жарыяланган макалаларда тиги же бул деңгээлде түшүнүк берилген.

Технология термини эки латын сөзүнөн түзүлгөн: «техне»-искусство, чеберчилик, өнөр; «логос»-илим. Эң алгач бул термин өндүрүшкө жаңылыктарды киргизүүнүн жыйынтыгын түшүндүргөн. Акыркы мезгилге чейин интеллектуалдык өндүрүштө, анын ичинде тарбия иштеринде технология түшүнүгү орун ээлеген эмес эле. Мына эми бүгүнкү күндө, И.П. Подласый айткандай, педагогикалык теорияда технологиялык мамиле бышып жетилип, анын максаттуулугуна жана рационалдуулугуна баа берилип, эске алына баштады. Анын себеби эмнеде? Кайсы иш аракетти албайлы, ал же технология, же искусство болууга тийиш (В.П. Беспалько). Искусство интуицияга, технология илимге негизденет. Эгерде технология иштелип чыга элек болсо, интуициялары күчтүү, ийкемдүү адамдар жакшы жыйынтыкка жете алышат, б.а. жекече чеберчилик, өнөр алдыга чыгат. Г.К. Селевконун эмгегинде жаңы жана мурда колдонулуп келген окутуу-тарбиялоо ыкмаларын, усулдарын, идеяларды, технологияларды бириктирип, «азыркы билим берүүнүн жалпы технологияларын» иштеп чыгып, аларды беш чоң багыт боюнча классификациялайт: 1) салттуу окутуу; 2) модернизацияланган технологиялар; 3) альтернативалуу технологиялар; 4) өнүктүрүп окутуу технологиясы; 5) автордук мектептер.

Бул пикирге караганда технологиялар абдан кеңири жана ар тараптуу түшүнүк. Мисалы, ошол эле класстык-сабак системасын алып көрөлү. Мунун

көбү азыр эскирди дейт. Ал окутуу формасынын «атасы» катары ушул күнгө чейин епископ жана кудай таануучу, саясатчы жана аалым, коомдук ишмер жана педагог Ян Коменскийдин айтып келгенбиз. «Баарын баарына үйрөтүү керек» деген принцип менен класс-сабак системасын ойлоп тапкан. Бул системаны эскиртпей, ага жаңы түс берип, жаңы ыргак кошкондор толтура. «Сабак бул–жардам. Кимдир бирөөгө тез, кимдир бирөөгө кечиктрилгис, дагы кимдир бирөө азырынча кое турат» (Е.Ильин). «Мугалимдин ар бир сабагы–бул башталыштардын башталышы жана улангандардын уландысы, бул –сөздүн кеңири маанисинде айтканда биздин рухий атмосферабызда чагылдрылбай койбойт».

Ал эми Ата мекендик окумуштуу-методисттердин технология түшүнүгү боюнча карап көрөлү. И.Бекбоев өз эмгегинде мындай дейт: «Көп учурда «технология» термини менен «технология» термини менен «методика» терминин бир коюшуп, алар бир эле процесстти ирааттуу түшүндүрөт деп эсептешет. Чындыгында педагогикалык технология методикадан айырмаланат: биринчиден, методикада максат жалпыланып конкреттүү эмес коюлат (тигил же же бул материалды-теманы түшүндүрүү, маселе чыгарууга үйрөтүү ж.б. у.с.)» да, ишке ашыруунун куралы жок болгондуктан текшерүү кыйын болот. Ал эми долбоор түрүндө коюлган максатта (б.а.технологияда) болсо окуучунун иш-аракеттерин «түшүнөт», «колдогонду билет, «айтып бере алат», «билет» деген сыяктуу сөздөр менен көрсөтүлөт. Экинчиден, методикада ыкмаларды, каражаттарды, формаларды пайдалануу менен аларды ишке ашырган конкреттүү адамга тиешесиз, жалпы түрдө каралат, ал эми окутуу технологиясында болсо негизги орунду мугалим ээлейт да, технологиялык процети ал өзү ишке ашырат».

«Окутуунун технологиясы түшүнүгү,-деп жазат Н.Ибраева,-XX кылымдын 50-жылдарынын аягында пайда болуп, педагогикалык илимде салыштырмалуу жаңы багыт. Ал эң биринчи америкалык, анан батыш европалык мектептерди реформалаган учурларда пайда болгон. Андыктан,

терминдин өзү биздин өлкөдө пайдаланылбаган. Ошентсе да, П.Я. Гальпериндин, Н.Ф. Талызинанын, П.М. Эрдниевдин, В.П. Беспальконун изилдөөлөрүндө технологиялык багыт орун ээлеп келген. Алсак, П.Я. Гальпериндин ой жүгүртүү иш аракеттерин этаптар менен калыртандыруу теориясында тиешелүү технологиянын алгортми ачык көрсөтүлгөн.

Демек, технологиянын сабактагы орду материалды толук өздөштүрүүлүсүн камсыз кылат. Ал үчү окуу материалы кандайдыр бир фрагменттерге бөлүнүп, алар менен конкреттүү иш жүргүзүлөт да, окуучулардын өздөштүрүү деңгээли текшерилет. Текшерүүнүн жыйынтыгы адатттагыдай беш баллдык системада эмес, «өздөштүрдү», «өздөштүргөн жок» деген гана сөздөр менен бааланат. Бирок өздөштүрүлбөй калган материалдар кайра башка ыкмалар менен үйрөтүлөт, жана бул процес оң жыйынтыкка жеткенге чейин улантылат. Анткени, мындагы башкы максат–материалдын эң негизги моменттеринин бардык окуучулар тарабынан өздөштүрүлүшүн камсыз кылууда турат.

Кыргыз адабияты сабагында эмне үчүн окутуунун технологиияларын зарылдыгы эмнеде? Бул эң биринчи кезекте мугалимдердин көнүмүштүн күчүнө алдырып жибергендигинде, бири-бирине окшош сабактары менен окуучуларды жадаткандыгында. Бул окшоштуктар боюнча окумуштуу-методисттер А.Муратов, К.Акматовдун «Кыргыз адабиятынын окутуунун методикасы» деген эмгегинде төмөндөгүдөй типтүү окшоштуктар жөнүндө айтышат:

- Мугалим сабакка кирет да, саламдашып, ким келген-келбегенин жоктоп, 25-30 баланын фамилиясын окуп чыгат.
- «Мурдагы сабакта кайсыл теманы өткөн элек, кана ким айтып берет» деп 5-6 жөнөкөй суроолорду берип, анын жооптору айтылса угулат, айтылбаса, ошол бойдон суроолор жоопсуз калат.
- Өткөн тема эптеп жыйынтыкталат, көбүнчө окуучулардын даярдыксыз келгендиги айтылып, алар жемеленет жана акыркы

жолу эскертүү берилет (бул да көнүмүш болуп калган).

- Анан доскага жана окуучулардын дептерлерине жаңы тема жазылат.
- Мындан кийин мугалим схемалуу төмөнкүдөй иш-аракетерди аткарат: биринчи ыкма: мугалим текстин мазмунун кыскача оозеки сүйлөп берет.
- Ошентип жаңы тема өтүлгөн соң мугалим кайталоо, же бышыктоо үчүн дагы 5-6 информациялык суроо коюп, өзү айтып бергенинен же окулган тексттен маалымат жыйнай баштайт.
- Андан ары үйгө тапшырма берилет, ал тексти окуп келип мазмунун айтып берүү, же ыр болсо аны жаттоо дегендей баланы кызыктырбаган иш-аракеттер ж.б.

Мындай ыкмалар ошол мугалимдин кийинки сабактарында да улантыла берет, бара-бара бул мугалим окуучулар үчүн жансыз сөлөкөткө айланат да, адабият сабагы чыгарманын мазмунун билүү, ал чыгарманын каарманын аттарын жаттоо сабагына гана айланып, окулуп жаткан жазуучу болгону бир талапкер жазмакердин деңгээлине түшүп калат. Технологиянын сабактагы орду материалды толук өздөштүрүүлүсүн камсыз кылат. Ал үчү окуу материалы кандайдыр бир фрагменттерге бөлүнүп, алар менен конкреттүү иш жүргүзүлөт да, окуучулардын өздөштүрүү деңгээли текшерилет. Текшерүүнүн жыйынтыгы адатттагыдай беш баллдык системада эмес, «өздөштүрдү», «өздөштүргөн жок» деген гана сөздөр менен бааланат. Бирок өздөштүрүлбөй калган материалдар кайра башка ыкмалар менен үйрөтүлөт, жана бул процес оң жыйынтыкка жеткенге чейин улантылат. Анткени, мындагы башкы максат–материалдын эң негизги моменттеринин бардык окуучулар тарабынан өздөштүрүлүшүн камсыз кылууда турат.

Ушундан улам жаңычыл (инновациялык) сабактар зарыл, технологиянын сабактагы орду анын кызыктуулугун арттырып, балдар менен мугалимдин чыгармачылык байланышын терендетүүчү жол. Ошол жол аркылуу бала мугалим менен да, классташы менен да, жазуучу менен да

диалогго чыга алат. Адабиятты маалымат алуунун куралы катары гана окубастан, турмушту таанып билүүнүн, адабияттын эстетикалык ырахат алуунун, тарбия берүүнүн куралы катары окушат. Төмөндөгү таблицада биз, окутуунун технологиясына SWOT-анализ жасадык.

***Таблица 1.2.1.Окутуунун технологиясынын күчтүү, алсыз, мүмкүнчүлүктүү жана коркунучтагы абалы. SWOT-анализ***

| **Күчтүү жактары:** | **Алсыз жактары:** |
|---|---|
| -тайпанын билимдериндеги жалпы жетишпестиктерди ачып көрсөтөт;<br>-туруктуу байкоо жүргүзүү, окутуучунун текшерүүгө сарптаган убактысы азаят;<br>-теманын толук жана бекем өздөштүрүлүшү;<br>-окуучулардын жогорку деңгээлдеги активдүүлүгүн камсыздайт;<br>-окуучулардын билим сапаты, креативдүү ойлонуусу, чечкиндүүлүгү жогорулатат;<br>-окуучулар маалымат эле албастан, өздөрү сунуштаган жол жана чечим эмне үчүн туура же, эч болбосо, айтылган башка варианттардан эмнеси жакшы экендиги түшүнүшү. | -ар бир предмет жана тема боюнча окутуунун технологиялардын жоктугу;<br>-кээ бир учурларда сунушталган технологиянын ишке ашырууда интернеттин керектиги;<br>-сабак учурунда мугалим үчүн ыңгайлуу болгону менен сабакка чейинки даярдыктын өтө көп убакыт сарпталышы;<br>-үйрөнүүчүлөрдөн талаптын катуу коюлушу, чек (лимит), үйрөнгөн материалдын анча чоң эмес көлөмү;<br>-мугалимдин технолгиянын темага дал келтирүүдөгү кыйынчылыктар. |
| **Мүмкүнчүлүктөр** | **Коркунучтар** |
| -ар бир окуучу менен жеке иш алып барууга;<br>-окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу артат;<br>-мугалимдин ар бир сабагы ачык сабак болуп, кандай гана текшерүү болбосун даярдыгы;<br>-мугалим менен окуучунун ортосунда педагогикалык кызматташтык түзүлөт.<br>-эң жогорку деңгээлдеги мотивация, ресурстук базанын кеңейүүсү, окутууну максималдуу индивидуализациялоо;<br>чыгармачылыкка болгон кеңири мүмкүнчүлүктөр, материалды өздөштүрүүдөгү бекемдикти ж. б. | -мугалим материалдык жактан чыгымга учурайт;<br>-салттуу окутуунун элементтери жоголуп кетет;<br>-кээ бир учурларда мугалим окутуунун технологияларын сабак кызыктуу болгондугу үчүн колдонушу;<br>-окутуунун технологияларын ишке ашыруу үчүн билим окутуунун технологияларына дал келбей калышы. |

Окутуунун технологиялары мугалим традициялык сабактагыдай өзү сүйлөй бербейт. Болгону ал –модератор, менеджердик –милдетти аткарып, ал окуучуларга билим берүү менен кошо тарбиялабастан, ал чечим да кабыл алат. Модератор катары алган билимдерин презентациялоонун стратегиялары менен тааныштырат, багыт берет, уюштурат, байкоо жүргүзүүгө жетишет. Менеджер катары окуучулардын окуу иштерин уюштуруу менен бирге, алардын иш-аракетин координациялайт, презентациядан кийинки жетишкен ийгиликтерге комментарий берет. Кетирилген кемчиликтердин жоюлушунун жолдорун көргөзөт.Бул иш-аракеттердин бардыгы кесипкөй мугалим өз милдеттерин так аткаруусунан келип чыгат:

1.Окуучулардын өз сабагына кызыктырып, сыйлоосунан;

2.Бүткүл жан дүйнөсүн окуучуларга билим берүү күч аракетинин натыйжасынан;

3.Предметтер аралык байлланышты ийгиликтүү колдоно билүүсүнөн;

4.Окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүнүн өнүгүшүнө багыт берип, аны жогорулатуусунан;

5.Өз жоопкерчиликтерин сезип, аны турмушта үзгүлтүксүз колдоно билүүсүнөн;

6.Ар дайым окуу процессинде окуучулардын рефлекциясын ойгото билүүсүнөн;

7. Ар бир сабакта окуучулардын компетентүүлүгүн калыптандырып, андан ары өнүктүрүү үчүн жасаган далаалатынан көрүнөт.

Ошол эле мезгилде модератор менеджер катары:

1.Сабакты инновациялык формада баштайт;

2.Сабактын мазмундук максатына ылайык ар кандай урдаалдарды түзө билет;

3. Жаңы технологияларды окуу процессинде колдоно билет;

4.Дидактикалык каражаттарды натыйжа бере турган эффективдүү орду менен колдоно билет;

5.Классты жупта, үчтүктө, төртүктө топто иштөөсүн уюштура билет;

6.Класстагы ар бир окуучу өз билимин жана өнөктөштөрүнүн билим, билгичтик, көндүмдөрүн баалоого, анализдөөгө жана жыйынтыктоого үйрөтөт.

## 1.3. Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларынын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши, методикалык эмгектерде изилдениши

Кыргыз адабият сабагынын башкы милдети-келечек муундарды улуу муундун оң идеалдарынын үлгүсүндө тарбиялоо, улуттук рухун көтөрүү гуманисттик сапаттарын өстүрүү, эстетикалык-көркөмдүк табитин жогорулатуу эне тилинин сөз байлыктарын, стилистикасын өздөштүрүп, аларды практикада колдоно билүүсүнө жетишүү. Мындай милдетти аткарууда Алыкул Осмоновдун поэмалары зор табылгага ээ. Алыкул Осмонов поэма жазганга чейин эле ойчул акын Пушкиндин, Шотадан, Гётеден акыл сурап поэзиядан бир четин мүлдө кыргыз көтөрө алгыс ырларды жазган. Алыкул Осмонов поэма жаратуу боюнча кыргыз адабиятынын көч башында турат деп айтсак болот. Алыкул Осмоновдун поэмаларында окуучулар тарыхты, ошонун ичинен Улуу Ата мекендик согуш темасын бир эле көркөм жатык тил менен түшүнүшөт. Ал эми Алыкул Осмоновдун поэзиясына таандык кыскалык-лаконизм баарынан мурда анын поэмаларынан ачык көрүнөт. Ал поэмаларды окуп чыгууга анчалык деле убакыт кетпейт. Алардын айрымдары кээ бир чыгармалардан кыска, чакан. Анан калса ал поэмалар жөнүндө акындын өзүндөй кылып, эч ким айта да албайт. Бул поэмалар өздөрү боюнча өздөрү гана жооп берчүдөй, мазмунун кайталоого да муктаж эмес. Акындын поэмаларынын кайсынысы боюнча сөз болбосун кадам сайын текске кайрылып турууга туура келет. Себеби акындын поэмалары жөнүндө акындын өзүндөй кылып айтып берүүгө эч кимдин дарамети жетпейт.

Профессор Б.Алымов: «Чындыгында да Алыкул Осмоновдун керемет чыгармалары жөнүндө сөз козгоодон кээде чыгаан, такшалган адабиятчылар да тайсалдашып, акындын керемет саптарын улам кайталай берүүгө аргасыз болушат» деп айткан. Ошондой эле акындын поэмалары чоңдор жана окуучулар үчүн көркөм адабиятты түшүнүүгө жол ачат [20, 142].

Мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун тарыхын жалпы эле адабият сабагын мектепте окутуунун тарыхынан ажыратып кароого болбойт. Окумуштуулар белгилегендей, кандай гана эмгек жазбайлы өзүбүзгө методикалык багыт катары орус окумуштууларынын эмгектерине таянууга туура келет. Ушул өңүттөн алганда өзүбүздүн темабыздын ички мазмунун ачууда орус окумуштууларынын эмгектерин мисал катары алганыбызда да ошондон. Анткени 1930-жылдарга чейин өзүбүздө илим эмес, окуу китептери жарык көргөн эмес. Ал эми поэмаларды анын ичинен Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу колго алына элек болуучу. Ошондуктан ал мезгилдердеги кыргыз адабиятын окутуунун методикасы биз белгилеген жаман-жакшы, ийгилик-кемчиликтери менен бирге окутулуп жаткандыгы маалым. Себеби өзүбүздө жок нерсени кыргыз адабиятын үйрөнүүдө аны окутуунун максат-милдеттерин кыргыз адабият сабагын өркүндөтүүнү жол-жобосун, ага коюлуучу болжолдуу план, мазмунду кантип камтууну орус адабиятын окутуу методикасынан үйрөнүп, калыптандырууга туура келген. Кыргыз адабиятын окутуу ишинин өзүнчө илим катары пайда болушу, калыптанышы орус адабиятын окутуунун маанилүү бурулуштарына, окутуу баскычтарына тыгыз байланыштуу. Октябрь революциясынын алгачкы жылдарында ар бир улуттун адабияттарын окутуу боюнча программа кабыл алынганына карабастан, (1921-жылы П.Н.Сакулин тарабынан түзүлгөн «Бирдиктүү жети жылдык эмгек мектебинин программалары», 1923-1924-жылдары мамлекеттик окумуштуулар Советинин (ГУС) программалар) ошол кездеги союздук элдерде окутуу кабыл алынган багытта ишке ашпай келгендигин методист К.Иманалиев «Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери» аттуу эмгегинде белгилеп өткөн [43,141]. Түзүлгөн окуу программасына ылайык, жалпы совет эли үчүн окутуунун бирдей методологиясы түзүлүп, бирдей чыгармаларды окутуу талабы коюлган. Кабыл алынган программадан соң мектептерде «адабияттык

окуу» деген термин кабыл алынганын окумуштуу Н.Ишекеев «Кыргыз адабиятын окутуунун тарыхы» аттуу эмгегинде белгилейт. Ушул эле эмгегинде окумуштуу «... окуучулардын билиминин сапатынын жакшырта алган эмес, сабаттуулукка да начар үйрөткөндүгү шексиз. Ошого карабастан, окуучуларды саясий тарбиялоодо, коомдук пайдалуу эмгекке үйрөтүүдө, өспүрүмдөрдүн активдүүлүгүн арттырууда, өз алдынчалыгын калыптандырууда артыкчылыктарга ээ болгондугу талашсыз»-деген оюн айткан [75,37].

Алыкул Осмоновдун поэмалары  адабият программасына алгач 1947-жылы киргизилип, 1954-55-окуу жылынан баштап туруктуу окутулуп келе жатат. 1955-56-окуу жылынан баштап программага V–VII класстарда алгач А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасы киргизилет. Ал үчүн программада төмөндөгүдөй сунуш-багыттамалар иштелген: «Жомоктун мазмуну жана катышуучулары, алардын мүнөздөлүшү. Хандын адилетсиздиги жана ырайымсыздыгы. Жомокто билгичтикти жана адилеттикти урматтоо. Адилетсиздикке каршы элдин күрөшү. Адилеттүүлүктүн жеңип чыгышы». Аннотациясында авторлор тарабынан калпыстык кеткени байкалат, чыгармада адилетсиздикке каршы элдин күрөшү, билгичтик, адилеттиктин урматталышы берилбейт. Мына ошол себептен 1959-жылы программа V класс үчүн долбоор катары кайрадан иштелип чыгып, жалпы талкууга коюлат. Бул долбоордо Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасына 4 саат (мурдагы программада 3 саат), үзүндү түрүндө өздөштүрүү үчүн пландаштырылган. Мурда азыраак саат бөлүнгөнүндө толук окулса, («Толубай сынчы» поэмасы), эми өздөштүрүү убактысы көбөйгөндө үзүндү түрүндө өтүү талап кылынып калган. Адабият программасы 1962-63-окуу жылына карата туруктуу пайдаланууга берилип, анда А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын V класста окутуу үчүн 3 саат бөлүнгөн [81,7]. Бул окуу-нормативдик документте поэманы окуп-өздөштүрүү үчүн төмөндөгүдөй сунуш-багыттар иштелип чыккан: «Жомоктун мазмуну жана

каармандары. Жомокто залимдиктин, адилетсиздиктин жектелиши, жазыксыздыктын, чындыктын даңазаланышы».Мындагы «жазыксыздыктын, чындыктын даңазаланышы» эмес, «чындыктын, өнөр билимдин даңазаланышы» деп берилсе туура болмок.

Кыргыз тили жана адабиятынын 1956-жылы түзүлгөн программасында акын А.Осмоновдун эң мыкты поэмасы «Толубай сынчы» деген 1944-жылы жарык көргөн (2-варианты) чыгармасы 12 жыл өткөндөн кийин гана киргизилген. «Поэманын стили, андагы сюжеттүүлүк менен лирикалык каармандын философиялык ой толгоолорунун жуурулушуп келиши, чыгармадагы социалдык курч кагылышуу жана оптимисттик трагедия, таланттуу акын тарабынан сөз кутунун чеберчилик менен ширелиши, ыр курулушунун устаттык менен урунулушу, акынга мүнөздүү кыскалык менен конкреттүүлүктүн, романтика менен символиканын таамай берилиши бир эсе окуучуларды өзүнө активдүү тартса, экиичидеи, мугалимдин сабагынын кызыктуулугуна, мазмундуулугуна шарт түзөт, үчүнчүдөн, адабият окутуучусунун эстетикалык-турмуштук түшүнүгүнүн ар тараптуулугун талап кылат»,-деп окумуштуу-методист А.Муратов жазгандай, [94,5] бул чыгарма менен мектептин адабий билим берүү тармагы өтө чоң утушка ээ болгон. Өзгөчө бул класстардын окуучулары «чөйрөгө аз да болсо сын көз менен карап, окуяларга, кубулуштарга өз алдынча анча-мынча баа бере баштаганы байкалат. Алар окуялардын чукул бурулуштарына, тигил же бул каармандын кылык-жоругуна, тагдырдагы татаал чегинүүлөргө, кокус иштерге катуу кайгырышат, умтулуштардын ийгиликтерине, максаттардын туура чечилишине, оңтойлуу кубулуштардын бардыгына аябай кубанышат». Демек, бул класстарда поэманы бардык жанрдык белгилери менен үйрөнүп гана тим болбостон, аны адабий-эстетикалык баалуулук катары да өздөштүрө баштайт.

Улуу Ата-Мекендик согуштан кийин 1947-48-жылдарда кыргыз жазма адабиятынын акын, жазуучулары чыгармачылык жактан жетилип, ар түрдүү

жанрдагы, формадагы поэмаларды жаратып, поэма негизинен адабияттын оң флангысына көтөрүлүп калган эле. Мына ошолордун катарында өзгөчө согуш темасындагы лирикалык Алыкул Осмонов, «Жеңишбек» кыргыз адабиятындагы этаптуу чыгарма болуп калган. Акындын дал ушул поэмасы адабий окутуу процессинин жаңы сапаттык баскычка көтөрүлүшүнө көмөк көрсөттү.

Кыргыз адабияттын 1940-1950-жылдар аралыгындагы окутуунун программасынын жаңы вариантында бир топ алымча-кошумчлар болгону менен негизинен мурдагы багыт сакталган.

Өкүнүчтүүсү 1954-жылы түзүлгөн программада классик акын А.Осмоновдун ырлары жана айрым поэмалары кыскарып кеткен. Мунун себебин так айтуу кыйын, бирок азыркы күндүн бийиктигинен туруп караганда А.Осмоновдун өз дүйнөсүн, ички толгонууларын, пенделик купуя сырларын жазып чыккандагы 40-жылдардын акыры 50-жылдардын башы чендеги идеологиялык курч «электен» жана адабиятты тазалоолордон келип чыккан катаал иш-чаралардан улам жабыр тарткансыйт. А бул нерсе акындык чыгармачылыгына мындай терс мамиле кыргыз окурманы үчүн, адабий-эстетикалык ойдун өнүгүшү үчүн орду толгус жоготуу болгон [85,10].

Ал эми Кыргыз ССРинин Агартуу министрлигинин «1953-54-окуу жылында кыргыз мектептеринде эне тили жана адабияты боюнча программадагы, окуу китептериндеги окуу материалдарын кыскартуу жөнүндөгү» көрсөтмөсүнөн улам программанын жаңы чыгарылышында алымча-кошумчалар болуп, бир катар акын-жазуучулар менен катар А.Осмоновдун бир топ чыгармалары киргизилген. Мунун себеби бул мезгилде идеологиялык майданда жагдай бир топ жакшыра баштаган эле.

1960-жылдары кыргыз адабиятын окутуунун мамлекеттик программаларында кыргыз поэмаларына олуттуу орун берген. Дал ушул жылдары азырга чейин мектептик окутууда мыкты чыгармалардын бири катары саналып келе жаткан А.Осмоновдун «Махабат», «Жеңишбек»,

«Майдын түнү», «Махабат» поэмалары киргизилген. Акындын бул поэмаларынын киргизилиши окуучулардын эстетикалык жан дүйнөсүнүн көрөңгөсүн көтөрүүгө чоң салым кошорун ошол жылдын адабиятчылары да, алыкул таануучулар да, окуу программасын түзүүчүлөр да, окуу китептерин жазган авторлор да туура аңдашкан [81,4].

Адабияттык окуу курсуна арналган 1973-жылдагы программада анчалык чоң өзгөрүүлөр болгон жок. Бул документ бир топ жыл мектеп өндүрүшүндө колдонулду. Бирок жалпы турмуш, мектепте окутуу процесси, мугалимдердин тажрыйбалары, окуучулардын түшүнүгү диалектикалык кыймылда болуп, кыргыз көркөм адабиятты, адабият таануусу, эстетика, педагогика, психология илимдери жаңы табылгалар менен байыды. Мындай жандуу кыймыл кыргыз адабияты программасын дагы өркүндөтүүнү талап кылды, «... кыргыз адабиятынын окуу программасынын жалпы «архитектурасын», мазмундук уюштурулушун идеялык-тематикалык, көркөм-эстетикалык, илимий-методикалык принциптерин адабият таануу менен педагогика, психология илимдеринин учурдагы жетишкендиктерине ылайык кайрадан кароого муктаж экендигин доорубуздун ыргагы күн тартибине койду. Ал эми окумуштуу-методистер кыргыз адабияты курсун окутууга арналган окуу программасын сапатын оңдоо жана өркүндөтүү үчүн бир топ натыйжалуу иштерди жасашты. Ошентип 1980-жылы кыргыз адабиятынын орто мектептерге арналган өркүндөтүлгөн программасы жарык көрдү. Мында кыргыз адабиятындагы көрүнүктүү поэмалардын сап башында турган Алыкул Осмоновдун «Ким болду экен?», «Майдын түнү», «Махабат» поэмалары турган [97,5].

Ал эми 1991-жылы Кыргызстан эгемендүү өлкө болгондон кийин программа түзүү иштерине белгилүү окумуштуулар С.Байгазиев, А.Муратов, С.Рысбаевдер тартылып, кыргыз адабиятына сааттар көбөйтүлгөн. Аны менен катар акын Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууга сааттар көбөйтүлүп, окуу китептеринде жарык көргөн. Мунун себеби программанын

жарымынан көбүн ээлеген орус адабиятын жана эстетикалык жагынан жармач кээ бир чыгармаларды кыскартуунун эсебинен болгон [22,4].

Билим обьективдүү түрдө адамдын аң-сезиминде чагылат. Педагогика илиминде аталган категориянын семантикасы эки мааниге ээ. Биринчиден-адам кабыл алуучу, түшүнүүчү жана оюнда сактап калуучу маалымат. Экинчиден-адам тарабынан пайдалануучу каражат, курал. Окуучуларга поэтикалык-эстетикалык системалуу илимий билимдерди берүүнүн жана алуунун булагы-кыргыз адабияты предмети. Аталган сабак аркылуу адабияттын билим берүүнүнү мамлекеттик концепциясында, стандартында, окуу программасында көрсөтүлгөн өлчөмдөгү жана сапаттагы билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү окуучулар өздөштүрүшөт.

Ал эми кыргыз адабиятынын сапаттуу билим алууну камсыз кылуунун башкы каражаты–окуу китептери. Предмет боюнча окуу китептеринде программалык жана дидактикалык-методикалык чен-өлчөмдөргө ылайык илимий билимдердин айкын-так маалыматтарды, аныкталган, далилденген, өзөктүү түшүнүктөрү, дыкаттык менен текшерилген уңгулуу категориялары таржымалданат.

Карап көрөлү, М.Абдыкеримов түзгөн 1938-окуу жылы үчүн ылайыкталган хрестоматияда Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасы (1937-ж. 1-варианты) берилген. Акындын бул поэмасын жанрын окуп-үйрөнүүдөгү алгылыктуу кадам катары бааланат [6,22-23].

1948-жылы чыккан 8-класс үчүн З.Бектенов жана Т.Байжиев жазган окуу китеби кыргыз адабиятын окутуу тарыхындагы чоң бурулуш болуп, кийин авторлордун тагдырына байланыштуу практикалык колдонуудан алынып калгандыгына карабай мында кыргыз оозеки чыгармачылыгындагы элдик поэмаларга кеңири талдоолор берилип, алардын тексттеринен үзүндүлөр келтирилет.

1950-жылдагы V класстын окуу китеби тууралуу профессор Б.Алымов мекен, аны коргоо, жеңиш темасына арналган ырларга кеңири орун

берилгендигин, адабият теориясынан маалыматтар киргизилгендигин оң көрүнүш катары баалаcа, профессор Н.Ишекеев «Толубай сынчы» поэмасы боюнча окуучуларга суроолордун, тапшырмалардын берилбей калганын өкүнүү менен белгилейт [75,8].

1954-жылы бүгүрүүчү класстар үчүн хрестоматия жана окуу китеби чыккан. Окуу китебинде Жусуп Турусбеков,Т.Үмөталиевдин «Энем», «Каракчынын трагедиясы», «Жапар менен Шарипа», «Айсулуу», «Кубат» поэмалары бир кызыктуу талданган, талдоолордун адабий-теориялык деңгээли ошол кездин критерийи менен караганда талапка жооп берет. Бирок Алыкул Осмоновдун кыска поэмалары «Ким болду экен?», «Махабат», «Майдын түнү» жогорудагы чыгармалардан талдоодон өтпөй, бир топ үстүрт анализ берилген, «аларга конкреттүүлүк, айкындык, тереңдик жетишпей турат».

Жаңы авторлор З.Бектенов, Ж.Темировалар тарабынан түзүлгөн V класстар үчүн 1963-жылы чыккан окуу китебинде «... Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» чыгармаларын сунуш этүү аркылуу окуу китеби адабий дидактикалык утушка ээ болгон, айтайын дегенибиз, биринчиден, айрым окуучуларга поэмалардын өзөктүү окуялары белгилүү болушу ажеп эмес, мүмкүн, экинчиден, алардын мазмуну кабыл алуу үчүн жеңил. Эки поэманын кийинкисине гана чакан, эркин түшүндүрмө текст иштелип чыккан. Элдин акылга терең, ойго бай, чукугандай сөз тапкан шыктуулугун туюндурган, заттын атын атабай, каймана түрдө ага мүнөздүү белгилерди санаган табышмактарга, турмуш тажрыйбасынан алынып, акыл-насаат катарында айтылган көркөм элестүү, көбүнчө, уйкаш келген кыска сүйлөмдөрдөн курулган макалдарга түзүүчүлөр тематикасына жараша орун берип, окуучулардын байкагычтыгын, билгичтигин, тапкычтыгын өркүндөтүүгө оңтойлуу көмөк көрсөткөн» [96,7].

VII класстар үчүн адабият окуулугуна автор катары Тазабек Саманчин менен Бектурсун Алымовдун биргелешип иштөөсү жакшы натыйжаларды

берген. Анын 9-басылышын методист Б.Алымов колго алып бир катар акындардын поэмалары менен бирге Алыкул Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасын азыркы адабият таануу илиминин табылгаларына таянуу менен талдоодон өткөргөн.

Мектептин динамикалуу кыймылы, кыргыз адабий процессиндеги жаңылануулар улам программаларды өзгөртүүнү шарттап, ошол өзгөрүлгөн программага ылайык К.Иманалиев, Б.Керимжанова, Б.Маленов, Ш.Үмөталиев жазган жаңы окуу китеби колдонууга уруксат берилген. Бул окуу китебинде кыргыз адабиятынын негизги өзөктөрүн жанрдык-стилдик белгилери боюнча кароо менен А.Осмоновдун «Ок жаңылды», «Менин энем», «Күлүйпа», «Өлүп-тирилгендер» поэмаларынан кыскача обзорлор баяндалса, «Жеңишбек» поэмасынын композициялык уюштурушунда диалогдор, ички-тышкы монологдор, лирикалык чегинүүлөр, автордук үн, табияттын көрүнүштөрү, риторикалык илеп, суроо-жооптор, кайрылуу менен кайталоолор, терең образдуу лексикалык каражаттар мүнөздүү боло тургандыгы, акындын «Ким болду экен?» поэмасындагы бийик романтика да, таза реалисттик баяндоо да, драмалык чыңалуулар да, юмор менен какшык да ар түрдүүлүктүн гармониясын түзүү аркылуу чыгарманынын башкы пафосу Ата Журтту сүйгөн адамга болгон ашыктыктын символикалык түрдө эмоциялуу сүрөттөлгөндүгү, окуясынын романтикалык мотивде, оптимисттик көз карашта чечилгендиги, «Майдын түнү» поэмасындагы аял затына карата мамиленин турмуштук кырдаалда көрсөтүлгөндүгү, ак сүйүүнүн кызганчаактыктын үстүнөн болгон жеңиши аркылуу моралдык тазалыкка чакыргандыгы, кыскасы ар бирине таандык образдар системасы, көркөм-поэтикалык өзгөчөлүгү, идеялык мазмуну профессионалдуу деңгээлде талданган».

Кыргыз адабияттын окутуунун тарыхында 1990-жылы биринчи жолу «Кыргыз адабияты» окуу китебине тиркеме чыгат да, анда бир катар акындардын поэмаларынан сырткары Алыкул Осмоновдун «Махабат»,

«Майдын түнү» поэмалары талданып, ал чыгармалардын кыргыз адабиятындагы орду туура көрсөтүлөт. Методист К.Иманалиев жазган окуу китептеринде образдык талдоолорго өзгөчө көңүл бурулат.

Ар бир илимий изилдөөнүн таяна турган негизи, ошол изилдөөнү жүргүзүү тандаган жолу болот. Ошол сыяктуу эле азыркы кыргыз орто мектептеринде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын, окутуу методикасы боюнча бул изилдөөбүздө философиялык, тарыхый, педагогикалык, психологиялык, адабият таануу илимдеринин ачылыштарына таянуу менен илимий иш жүргүздүк.

Алыкул Осмоновдун поэмаларынын көркөм тилин, табиятын туура түшүнүп окуганда гана натыйжалуу болоорун мектеп практикасы, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы, алдыңкы педагогдордун иш тажрыйбалары тастыктап көрсөттү. Биз аны жогоруда көрсөтүү аракетин көрүү менен, айрым конкреттүү фактыларды алып чыгууга аракеттендик. Илимий ишибиздин биринчи бөлүмүндө биз Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун тарыхына, азыркы абалына кайрылуу менен бир топ нерселерди аныктадык:

- Алыкул Осмоновдун поэмалары окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө ылайык адабият программасынан орун алып тургандыгы;

- окуучулардын адабий-эстетикалык табитинин ар тараптуу болушуна, акындын поэмаларынын таасирин тийгизгендигин;
- ар кандай оош-кыйыштарга карабай акындын поэмалары мектептик окутуудан өз ордун татыктуу ээлеп келе жаткандыгы аныкталды.

Ал эми Алыкул Осмоновдун чыгармаларын окутуу боюнча кыргыз адабиятын окутуу илиминин бир катар эмгектери, атап айтканда, Б.Алымов, К.Иманалиев, С.Байгазиев, И.Исамидинов, О.Сооронов, Н.Ишекеев, А.Муратов, Т.Мусамбетов, С.Рысбаевдин эмгектери бизге илимий-теориялык жана практикалык жактан илимий изилдөөбүзгө таяныч болуп берди. Өзгөчө Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча Б.Алымов, К.Иманалиевдин эмгектери методикалык жактан мугалимдер үчүн зарыл эмгектердин катарында турат. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасында поэмаларды окутууга жана аларды үйрөтүү дайыма актуалдуу проблема. Алыкул Осмоновдун чыгармаларын окутуу боюнча кыргыз педагогика илиминде бир топ окумуштуулардын эмгектеринде изилденип, мектеп тажрыйбасына сунушталып келүүдө. Эн алгач окумуштуу-методисттер К.Иманалиевдин «Кыргыз адабияттын окутуунун жолдору» (1966), «Методика преподования кыргызкой литратуре в средней школе» (1972), «Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуу методикасынын негизги маселелери» (1973), «Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы» (1976), «Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окутууну уюштуруу иши» (1981), «Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери» (1984), Б.Алымовдун "Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери" (1972), "Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы" (1981), "Мектеп сочинениеси" (1982), "Биздин адабиятты 7-класста окутуу" (1983), "Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы" (1984) аттуу китептеринде поэмаларды окутуу тууралуу методикалык сунуштар, айрым бир жалпылоолор берилет. Н.Ишекеев «Кыргыз адабиятын мектептерде окутуу тарыхы» (1994) деген эмгегинде окуу предметин үйрөтүүнүн жана метдоикасынын эволюциясын диахрондуу негизде изилдөө менен поэма жанрындагы чыгармалардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги жана жеке дидактикадагы жалпы абалына тарыхый экскурс жасайт. Т.Мусанбетов «Кыргызстандагы жалпы билим берүүчү орто мектептердин V-X класстарында А.Осмоновдун өмүрүн

жана чыгармачылыгын үйрөтүү» (1990) акындын «Жеңишбек» поэмасына арналган проблемалык лекция сабагынын мазмунун талдага. О.Соороновдун «Согуш темасындагы кыргыз поэмаларынын сюжеттик мотивдери» (1982), А.Муратовдун «Адабият–ыйман сабагы (А.Осмоновдун жана Ч.Айтматовдун чыгармаларын V-XI класстарда окутуу боюнча методикалык колдонмо)» (1992), Ж.Эшиев «Мектепте поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери (V-VII класстардын мисалында)» (2006) изилдөөсүндө «Толубай сынчы» поэмасын тексттин талдоонун педагогикалык технологияларын сунуштаган. Р.Дөөлөтбакова «Кыргыз адабиятындагы майдан темасындагы поэмаларды окутуу» (2016) акындын «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Жеңишбек» поэмаларын тектик бөтөнчөлүгүнө жараша ар кандай методикалык ыкмаларды, каражаттарды колдонууну сунуштаган. Албетте, бул уникалдуу эмгектер өз мезгилинде эмгектер жалпы билим берүүчү орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун адабий, дидактикалык-методикалык негиздери, поэмаларды окуучуларга жеткирүү боюнча конкреттүү материал болуп бере алат [53, 31].

## I бап боюнча корутунду

Диссертациялык изилдөөнүн биринчи бабы «Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологиялар менен окутуунун теориялык-методологиялык маселелери жана изилдениш тарыхы» деп аталып, курамына 3 бөлүмдү камтыды. Биринчиси поэма жанрынын теориялык-терминологиялык аспектиси жана анын адабияттагы орду каралса, экинчи бөлүмдө, чет элдик жана Ата Мекендик адабияттардагы «технология» түшүнүгү жана анын билим берүү системасындагы орду жана өркүндөтүүнүн зарылдыгы, ал эми үчүнчү бөлүмдө Алыкул Осмоновдун поэмаларын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши, методикалык эмгектерде изилдениши каралды.

Диссертациянын аталган бапында жалпы адабият таануудагы «поэма» түшүнүгү теориялыктерминологиялык аспектиден дагы тереңдетилди. Ошондой эле «поэма» түшүнүгү боюнча окумуштуу-методисттердин ойлоруна анализ жүргүзүлүп, поэма боюнча теориялык аныктоолорду окуучуларга жеткирүү үчүн мугалимдер адабият сабагында, анын теориясында «поэма» түшүнүгүнө изденүүчүлөр, окумуштуулар эмгектеринде кандай эреже-аныктамалар, пикирлер менен тааныш болушу да айтылды. Кыргыз профессионал адабиятында акын-жазуучулар тарабынан поэмалардын жаралуу тарыхы, анын орду, өзгөчөлүктөрү көрсөтүлдү. Ошондой эле чет элдик жана Ата Мекендик адабияттардагы «технология» түшүнүгү жана анын билим берүү системасындагы орду жана өркүндөтүүнүн зарылдыгына анализ жүргүзүлдү. Жаңы технологиялар менен окутуу–бул окутуунун мазмунун, формасын жаңылоо, салттуу сабактардагы бир жактуулуктан, жадатмалуулуктан кутулуу, интерактивдүү аракеттер менен сабактын натыйжалуулугуна жетишүү маселелери каралды.

Орто мектептерде акындын поэмаларынын окуу программаларындагы орду, окуу китептериндеги берилиш тарыхына экскурс жасалып, жалпы обзор берилди. Изилдөө ишибиздин бул бөлүмүндө акындын поэмаларын XX-XXI кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча үч доорго 1) Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз адабияты (1941-1960), 2) 60-80 жылдардагы кыргыз адабияты (1961-1984), 3) көз карандысыздыкты алгандан кийинки мезгилдер (1991-жылдан баштап) бөлүп карадык.

Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун методологиялык жана дидактикалык негиздери катары философия, педагогика, эстетика, адабият таануу, лингвистика боюнча эмгектер пайдаланылды. Ошондой эле бул багытта КР билим берүү жана илим министрлиги иштеп чыккан жана коллегиясында бекиткен нормативдик документтер (мыйзамдар, окуу планы, адабиятты окутуунун концепциялары

жана мамлекеттик стандарттары, окуу программалары, окуу китептери, баалоонун жана баа коюунун нормалары ж.б.) жетекчиликке алынды. Кыргыз адабиятын окутуу боюнча методист окумушуулардын эмгектери, мугалимдердин тажрыйбалары, Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча диссертациялык изилдөөлөр (Т.Мусанбетов, Ж.Эшиев А.Батыркулова, Р.Дөөлөтбакова, А.Б.Батыркулова ж.б.) орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуу проблемасы чагылдырылган илимий эмгектер (К.Иманалиев, Б.Алымов, О.Сороонов, Н.Ишекеев А.Муратов, С.Байгазиев, С.Рысбаев ж.б.) илимий изилдөөлөргө токтолдук.

# II БАП. ОРТО МЕКТЕПТЕРДЕ АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭМАЛАРЫН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1.Илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору

Кийинки жылдарда  Кыргыз Республикасынын мектептик билим берүү системасында көптөгөн реформалоого багытталган өзгөрүүлөр болууда. Билим берүүдөгү бүгүнкү күндө жүрүп жаткан жаңылануулар окуучунун муктаждыгын камсыз кылууга багытталууда. Жалпы билим берүүчү мектептерде компетенттүүлүк мамилеге өзгөчө көңүл бурулуп, кадыресе процесс катары жүрүп, анын ички маңызы жана максаттары жаңыланууда.

Бул багытта сапаттуу иш алып барууда адабият сабагынын ролу чоң. Окумуштуу А.Муратов: «Көркөм адабиятты коомдун өзүн-өзү таанып билүүсүндө, өткөндөрдү эске түшүрүүсүндө, жаштардын аң-сезимин гумандаштырууда , эне тилдин байлыктарын өздөштүрүүсүндө эбегейсиз чоң кызмат кылат. Ааламдашуу процесси аябай тездик менен жүрүп жаткан учурда, адамзат өзү баскан жолун кайра-кайра аңдап үйрөнүүгө барбаса, туюкка кептелери дайын болуп турган, маданияттардын диалогунун зарылдыгы күн өткөн сайын актуалдашып жаткан азыркы шартта мектепте окутулуучу адабият предметине өзгөчө милдет жүктөлгөн. Адабият предмети–бул көркөм текстти аңдап түшүнгөндөрүн турмушунда пайдаланууга үйрөтүү предмети» [2, 118] экендигин баса белгилеген. Адабият адамдын көп кырдуу турмушун ачып берүү менен бирдикте адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенен.  Адабият сабагынан мугалимдер көркөм тексттин ички маңызын ачып, ошол чыгармадагы сүрөттөлгөн эл башынан өткөргөн турмушту, кыйынчылык күндөрдү улуттардын ынтымагын, достугун, алардын эрдигин,

каармандын оң сапаттарын окуучуларга жеткирүү, алардын өмүрүнөн өрнөк-үлгү алууга жетишүү зарыл. Адабият – балдарды адептик оң сапаттарга үйрөтүүнүн эң таасирдүү куралы болгондуктан, адабият мугалими компетенттүүлүк жана коммуникативдик мамиле түзө билүүсү абзел.

Учурда мектептик билим берүү системасынын мазмуну жаңы концептуалдык негизде жаңы социалдык-экономикалык мамилелердин талаптарын эске алуу менен жаңылануудa жана өркүндөтүлүүдө. Мектептик билим берүүнү стандартташтыруу өз кезегинде предметтик билим берүүнү, билим берүү процессин, окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоонун усулдарын жана каражаттарын жаңылоого талап коет.

Орто мектептердин кыргыз адабияты предметинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча изилдөөбүздүн максат-маанисин, багытын, жүрүшүн жана күтүлгөн жыйынтыктарын туура белгилөө үчүн биз анын методологиясын аныктап алуубуз керек. «Методология» термини грек тилиндеги «методос» – изилдөө, ишмердүүлүк; «логос» – окуу, теория деген сөздөрдүн курамынан турат. Демек, «методология» бизче изилдөө жөнүндө, ишмердүүлүк тууралуу окуу, теория деген маанини туюндурат. Методология узакка созулуучу татаал процесс, а методологиясыз илимий иш жүргүзүү мүмкүн эмес.

Педагогиканын методологиясы–таанып-билүүгө болгон жалпы мамилени, инсанга билим берүүнүн, аны тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жалпы закончeнемдерин билүүнү жана практика жүзүндө пайдаланууну камтыйт.

Педагогиканын методологиясынын объектиси–адамды окутуунун жана тарбиялоонун, инсандык касиеттерин калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн кубулуштары. Педагогиканын методологиясынын предмети –жогорку окуу адеп-ахлактуу, ички сезими бай адамды

калыптандыруунун, бардык жактан шайкеш өнүктүрүүнүн, активдүү чыгармачыл ишмердүүлүккө даярдоонун закон-ченемдери [101, 24].

«Азыркы мезгилде илимдер системасындагы методологияны үч багытта аныкташат:

1.Теориялык жана практикалык ишмердүүлүктү уюштуруунун жана жүргүзүүнүн принциптеринин жана ыктарынын системасы.

2.Таанып билүү ишмердүүлүгүнүн илимий методу жөнүндөгү окуу.

3.Илимде колдонулуучу бардык методдордун жыйындысы.

Жалпы илимий методологиянын колдонулушуна жараша анын төмөнкү функцияларын белгилешет:

а) гносеологиялык;

б) прогноз түзүү;

в) кайра түзүү;

г) уюштуруу» [101.26].

Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу методикасын адабиятты, анын ичинде кыргыз адабиятын окутуу боюнча методикалы изилдөөлөр, педагог классиктердин дидактикалык эмгектери, балдарга кайсыл курагында кандай ишмердүүлүктү жүргүзүү керектигин аныктап психологиялык изилдөөлөр, акындын поэмаларын идеялык-көркөмдүк сапаттарын ачып көрсөткөн эстетика, адабият таануу, лингвистика боюнча эмгектер, билим берүү системасынын багыттарын чагылдырган нормативдүү документтер: мыйзамдар, окуу планы, адабиятты окутуунун концепциялары, стандарттары, окуу программалары, окуу китептери, баалоонун жана баа коюунун нормалары, мугалимдердин тажрыйбалары ишибизге таяныч бол берет. Жогорудагы эмгектерге негизденип, Алыкул Осмоновдун поэмаларын үйрөтүүнүн үлгүлөрүн түздүк, азыркы мектеп практикасына ырааттуу жа максаттуу талдоо жүргүздүк, анализден–синтезге келдик, педагогикалык эксперименттин максатын, багытын, жүрүшүн белгилеп, анын натыйжалары чыгардык.

Кыргыз адабиятын окутууга байланыштуу методологияны окумуштуу С.Батаканова бир кыйла терең изилдеген. Ал мындай деп жазат: «адабият сабагында чыгармага көркөм-эстетикалык талдоо жүргүзүү аркылуу материалдын мазмунундагы же формасындагы өзгөчөлүктөрдү гана таанып-билүү, үйрөнүү менен чектелбестен, андагы поэтикалык дөөлөттүн нарк-насилине байланыштуу философиялык жагын төмөнкүдөй бөлүштүрүүгө болот: турмуштук-адеп-ахлактык (1); социалдык-прагматикалык (2); позитивдүүэстетикалык (3); саясий-эстетикалык (4); диний-мистикалык (5). Маселен, окуу программасына кирген чыгармаларга талдоо жүргүзгөндө, мугалим ислам түшүнүктөрү жөнүндө, анын адамдын аң-сезимине тийгизген таасири тууралуу, диндеги адеп-ахлак ж.б. маселелерге токтолуп, көркөм токулмалардагы ордун айтуу зарыл...». «...Сабактын жүрүшүндө ой-пикирлерди окуучулардын талкуусуна коюу, проблемалуу, интерактивдүү окутуунун ыкмаларын рационалдуу колдонуу менен бирге, улуттук жана жалпы адамзаттык асыл нарктардын гармониясын табуу маанилүү». «...Адабий чыгармаларды талдоодо жалпы илимий принцип оптималдуу жетекчиликке алынат. Илимге мүнөздүү болгон методологиядагы системдүү мамиле тандалат. Мындай учурда көркөм чыгарманы талдоонун предметтик, функционалдык жана тарыхый аспектилерин бирдей жана айкалыштыра кароо талап кылынат. Системдүү мамиле ар бир чыгарманы жеке талдоодон тартып, бир класста, андан ары алсак, окуучу орто мектепти бүтүп кеткенге чейинки окуу процессин бир ыраатка салып караганга толук негиз берет. Системдүү мамиле көркөм чыгарманы түшүнүү, анын ички касиеттерин өздөштүрүү, окуучуда адабий билимди калыптандыруу гана максатын көздөбөстөн, ал теорияны практикада текшерип көрүүгө, ар бир өтүлгөн сабак аркылуу окуучуда калыптанып келе жаткан билимди туура интерпретациялоодо да кызмат аткарат. Бекеринен X-XI класстарда кыргыз адабиятынын системалык курсу үйрөтүлбөйт. Окутууда ал таанып-билүү тарыхый-эстетикалык, көркөм-маданий рационалдуу этаптардан турат.

Мектепте көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү мындан башка да конкреттүү методологиялык концепциялар аркылуу ишке ашат. Көркөм чыгарманы окутуу педагогикалык иш-аракеттин бир бутагы болгондуктан, анда педагогиканын спецификалык бөтөнчө касиетине таандык иликтөө ишмердүүлүгүн камсыз кылуучу өз алдынча бир нече категориялар бар. Ал белгилүү бир илимий көз караштар менен жалпылаштырылып келет да, азыркы мезгилде бир бүтүндүк (целлостный), инсандык (личностной), ишмердүүлүк (деятельностный), ар тараптуу субьективдүүлүк же полусубьективдүүлүк, маданий таануучулук, этнопедагогикалык, антропологиялык концепцияларда мамиле кылууну шарттайт» [25.13-14].

Инсанга багытталган билим берүүнүн, аны тарбиялоонун, калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн жалпы закон ченемдери, улуу ойчулдардын, классик педагогдордун, психологдордун, философтордун фундаменталдуу эмгектери, легендалык чыгармаларды окутууга байланыштуу илимий-методикалык изилдөөлөр жана адабиятты окутуу боюнча теориялык эмгектер, билим стандарты, окуу планы, окуу программалары, педагогика илиминдеги инсандын жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу жана баалуулук багыттары **изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздерин** түзөт. Изилдөөбүздүн обьектисине жана предметине байланыштуу белгилеп кете турган нерсе, окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандырууда, акындын поэмаларындагы ойлорду, идеяларды тарбиялык каражат катары кароо зарылчылыгы жатат.

**Изилдөөнүн методдору** катары педагогика, психология, философиялык адабияттардагы легендалык чыгармаларга байланышкан изилдөөлөргө, кыргыз адабияты окуу программаларына жана бул багыттагы окуу-методикалык колдонмолорго илимий-теориялык талдоо жүргүзүү; Окуучулардын, мугалимдердин Алыкул Осмоновдун поэмаларына карата түшүнүктөрүн изилдөө максатында окуучулар, мугалимдер арасында

сурамжылоо, анкета жүргүзүү; акындын поэмаларына анализдин жардамы менен педагогикалык талдоо жүргүзүү; аныктоочу жана калыптандыруучу тажрыйбаларды жүргүзүү; окуучулардын өз алдынча иштөөлөрүнө: өздүк чыгармачылыгына, эсселерине талдоо жүргүзүп, мугалимдер менен аңгемелешүүлөрдү өткөрүү.

Алыкул Осмоновдун поэмаларынын үлгүсүндө окуучулардын инсандык сапаттарын, жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу жолдорун жана каражаттарын аныктоо максатында төмөнкүдөй методдорду колдондук:

-**Теориялык методдор:** педагогика, психология, философиялык адабияттардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарга теориялык талдоо жана Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча контент-анализ жүргүздүк;

-**Илимий-методикалык эмгектерди талдоо аркылуу** окумуштуу-методисттердин эмгектерин, жалпы поэмаларды анын ичинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча илимий-методикалык эмгектерди теориялык жана практикалык жактан талдоого алып, зарыл маалыматтарды алдык.

**Байкоо жана аңгемелешүү методдору аркылуу**

-поэма түшүнүгүнүн маанисин билиши;

-Алыкул Осмоновдун поэмаларын маани-маңызын жана ролун изилдеп талдап түшүнүшү;

- Алыкул Осмоновдун поэмаларынын сюжеттерин жана мазмунун жашап жаткан мезгил менен байланыштыра түшүнүп, алардын тарбиялык маанисин түшүнө билүүсүн аңгемелешүү методун системалуу колдонуу аркылуу биле алдык. Алардын акындын поэмалары боюнча түшүнүктөрү канчалык деңгээлде экендигин **байкоо методу** аркылуу аныктай алдык.

**Салыштыруу жана жалпылоо методу аркылуу** салттуу жана интерактивдүү методдорду колдонуу аркылуу сабак өтүлгөндө окуучулардын

ээ болгон билим, билгичтиктерин, көндүмдөрүн, кандай компетенттүүлүктөргө ээ болгондугун аныктоого аракет кылдык. Аларды салыштыруу аркылуу жалпылаштыра алдык.

Изилдөөнүн натыйжалуулугун бекемдөө максатында **анкета алуу, суроо-жооп методдорун** да колдондук. Суроо-жооп көбүнчө аңгемелешүү, суроолорго жооп алуу, тигил же бул кырдаалды, көйгөйдү чечүүгө карата пикир алышуу, ой бөлүшүү түрүндө жүргүзүлдү. Анкета алуу жана суроо-жооп методдорунун мазмунун төмөнкү маселелер түздү:

1. «Толубай сынчы» поэмасында Толубай кимдин атын таптап тулпар кылат?

2. «Ким болду экен?» поэмасындагы согушка чейинки элдин жай турмушу кандай сүрөттөлгөн?

3.Эшимкандын согуш мезгилиндеги тагдыры кандай болду?

4.Согуш темасында жазылган поэмалардан «Өлүп тирилгендердин» кандай өзгөчөлүгү , айырмасы бар?

5.«Жеңишбек» поэмасы кайсы учурду баяндайт.

6. Кандай методдорду колдонуу натыйжалуу деп ойлосуз?

**Талдоо жана анализдөө методу** жаңы технологиялар аркылуу өтүлгөн сабактардан кийинки окуучулардын өздөштүрө билүүлөрү талдоого алынып, анализденди.

Талдоо, анализдөө методу, аңгемелешүү, суроо-жооп методу аркылуу алынган жоопторду талдоо аркылуу төмөнкүдөй жыйынтыктарга келдик:

-адабият мугалимдеринде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууда бир катар теориялык жана практикалык кыйынчылыктар болбош үчүн методикалык эмгектердин зарылдыгын көрдүк.

-Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологиялардын негизинде окутуу боюнча салттуу жана инновациялык сабактарды уюштурууга карата мугалимдердин адабий-теориялык суроо-талаптары, муктаждыгы.

## 2.2.Педагогикалык эксперименттик иштердин жүрүшү жана жыйынтыктары

Педагогикалык эксперимент орто мектептерде 2018-2023-жылдарда *үч этап менен жүргүзүлдү, алар: 2018-2019-жылдары эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабы; 2019-2020-жылдары аныктоочу этап; 2021-2023-жылдары жыйынтыктоочу этабы жүргүзүлдү.* Ар бир этапты коштоп жүрүп олтурган экспериментaлдык-тажрыйбалык иштердин алдында турган максаты, милдеттери, изилдөө методдору жана күтүлүүчү натыйжалары белгиленип, баяндалды. Алар тууралуу бир нече таблицаларда бердик. Белгиленген максат, милдеттер бүгүнкү күндүн талабына жооп берген предметтик сабактардын формасын, жүрүшүн эске алуу менен түзүлдү. Эксперименттин жүрүшүндө экиден класс (эксперименттик класстар жана байкоочу класстар) тандап алдык: Сынак иштеринин процессинде булардын ар биринде окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрү, жөндөмү, проблемага чыгармачылык менен мамиле жасаганы эске алынып, ага ылайыктуу дифференцияланган жана жалпы тестирлөөнүн алкагында тапшырмалар түзүлдү.

Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары окутууну өздөштүрүү процессинде анын креативдүү (чыгармачылык) мамилесин, өз алдынча ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу, изилдөөчүүлүк ишмердүүлүгүн ээ кылуу иштерине арналган кыргыз адабияты сабактарынын республиканын түштүк аймагындагы Ош шаарындагы №52 Кыргыз-Түрк достугу мектеп-лицейи, Жалал-Абад областындагы Базар-Коргон районундагы Ж.Бөкөнбаев жатак-гимназиясы, Кара-Суу районундагы № 130 Шабы Жумаев атындагы орто мектеби, Өзгөн районундагы №26 Полот Жолдошов орто мектептери менен экспериментталдык-тажрыйба иштерин жүргүзүү үчүн тандалган мектептердеги маселенин практикадагы абалын, окшоштуктарын жана айырмачылыктарын байкап, алардын ортосундагы жалпылыктарды айкындап, эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабында аткарылуучу иш-

чараларды аныктап, иш процессинде бизге керектүү натыйжаларга багыт алып, айрым маселелерди чечүүгө жетишкен соң төмөнкүдөй таблица түздүк.

**Таблица 2.2.1.–Педагогикалык эксперимент (этаптары, максаты, методу, милдети, натыйжасы)**

| | | |
|---|---|---|
| ***Эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабы*** | ***Максаты:*** | Орто мектепте Алыкул Осмоновддун поэмаларын окутуунун технологияларын өздөштүрүүнүн мазмунун оптималдаштыруу, натыйжалуулугун арттыруу жолдорун алдын ала аныктап, эксперименттин кийинки этаптарында аткарыла турган иш-чараларды белгилеп алуу. |
| | ***Милдеттери:*** | 1.Эксперименттик иштерди жүргүзүүнүн педагогикалык негизин аныктоо, аны жүргүзүүнүн жолдорун, максаттарын, милдеттерин, формаларын жана каражаттарын тактоо.<br>2. Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун жаңы технологиялары аркылуу өздөштүрүү процессинин учурдагы абалын үйрөнүү, байкалган проблемаларды аныктоо |
| | ***Изилдөө методдору:*** | 1.Эмпирикалык байкоо жүргүзүү;<br>2.Эмгектерди, тажрыйбаларды үйрөнүү, изилдөө, талдоо;<br>3.Тиешелүү маалыматтарды жыйноо, иликтөө; |

| | | |
|---|---|---|
| | | 4.Окуучулардын предметтик сабактарга катышуусу, жетишүүсү. |
| | ***Күтүлүүчү натыйжалар:*** | 1.Окуучуларга Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча продуктивдүү, репродуктивдүү жана креативдүү (чыгармачылык) жөндөмдүүлүгүн салттуу жана инновациялык сабактарда калыптандыруу жана өркүндөтүү боюнча окутуп - тарбиялоонун теориялык, практикалык маселелеринин бүгүнкү абалы аныкталды.<br>2.Мектептердеги алдыңкы тажрыйбалар үйрөнүлдү, талданды.<br>3.Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологиялардын негизинде окутуу боюнча салттуу жана инновациялык сабактарды уюштурууга карата мугалимдердин адабий-теориялык суроо-талаптары, муктаждыктары такталды. |

Эксперименттин эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабындагы негизги максат–мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларын окутуунун натыйжалуулугун арттыруу жолдорун алдын ала аныктап, эксперименттин кийинки этаптарында аткарыла турган иш-чараларды белгилеп алуу.

6,9,10-класстарга сабак берген адабият мугалимдеринин Алыкул Осмоновдун поэмаларынын окутуу аркылуу мектеп окуучуларынын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга карата билимдери менен даярдыгынын жарамдуулугу, кесиптик даярдыктары жана аны окуучуларга жеткирүүнүн дидактикалык концепцияларды түзгөндүгүн билүүгө арналган болчу.

Ал эми эксперименттин аныктоочу этабынын негизги максаты окуучулардын Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүүдө чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу учур талабына жооп берген предметтик сабактардын теориялык негиздерин аныктоого багытталган. Мында проблеманы айкындоо үчүн экспериментти жүргүзүү иштеринде кеңири колдонулуп келген мугалимдер менен да окуучулар менен да аңгемелешүү методу жана аныктоочу эксперименттери пайдаланылды.

2019-2020-окуу жылдарынын аралыгында аткарылган педагогикалык байкоо жана аңгемелешүү иштери Кыргызстандын түштүк аймагынын ар кандай райондорунда жайгашкан мектептердин окуучуларынын Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча продуктивдүү, репродуктивдүү жана креативдүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн аныктоого мүмкүнчүлүк түздү. Эксперименттин учурунда пайдаланылган эмпирикалык байкоо жүргүзүү, изилдөө, аңгемелешүү, анкета алуу, адабият сабактарына катышуу сыяктуу бир катар педагогикалык методдор мугалимдердин Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча окуучуларынын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу ишинде педагогикалык зарыл маалыматтарды берүүгө кантип даярдана тургандыгын, алардын теориялык деңгээлдерин да аныктоого мүмкүнчүлүк түздү.

Эксперименттин алгачкы этабында алынган жоопторду, маалыматтарды тактоо, жалпылаштыруу жана бул багытта анализдөө иштери биздин диссертациялык изилдөө ишибиз үчүн төмөнкүдөй тыянак чыгарууга негиз болуп берди: Эмпирикалык байкоо жүргүзүү жана изилдөө иштерине Ош областынын Кара-Суу, Өзгөн, Жалал-Абад областынын Базар-Коргон районунун мектептеринен бирден мектеп мугалимдери, жалпы болуп 8 педагог (адабиятчы мугалимдери) Парпиева Н., Абдумиталипова А., Ташиева С., Султанова У., Муратова Т., Шамырзаев И., Маматова А., Абдылсакы кызы Барчын катышты. Ал эми

экспериментке катышкан окуучулардын саны 698 (тажрыйба класстары - 349, текшерүү класстары 349), (6,9,10-класстар).

Ал эми диссертациялык изилдөө ишибиздин алкагында жүргүзүлгөн эксперименталдык-тажрыйбалык иштеринин жыйынтыктоочу этабында (2022-2023-жылдарда аткарылган иштер) орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча салтка айланган жана инновациялык сабактардын жаңы интерактивдүү формаларын, методдорун так аныктоонун теориялык да, практикалык да мааниси зор экендигине толук ынандык.

Республиканын түштүк аймагындагы жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринде Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча окуучулардын оболу продуктивдүү, репродуктивдүү жана креативдүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча жүргүзүлгөн жумуштардын аткарылышында айрым өзгөчөлүктөрдүн болгонун жана аларды баалай билүү керектиги аныкталды, алар тууралуу диссертациянын тийиштүү параграфтарында же зарыл жерлеринде айтылды. Эксперименттин жыйынтыктоочу этабында аткарылган иштерди таблица түрүндө берүү зарылчылыгы келип чыккандыктан, аны түздүк, болжол менен төмөнкүдөй абалда чагылдырылды (№ 2 таблицаны караңыз).

**Таблица 2.2.2.–Педагогикалык эксперимент (этаптары, максаты, методу, милдети, натыйжасы)**

| | | |
|---|---|---|
| **Жыйынтыктоо этабы** | ***Максаты:*** | 1. Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын натыйжалуу өздөштүрүүнүн эксперименттик жана байкоо класстардагы абалын аныктоо жана акындын поэмаларын окутуунун технологияларын мазмунун экспериментте сынап сынап көрүү;<br>2. Жүргүзүлгөн эксперименттин натыйжаларын |

| | | |
|---|---|---|
| | | текшерүү, аларды жалпылаштыруу жана зарыл жыйынтыктарды чыгаруу. |
| | ***Милдети:*** | 1.Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча баяндамаларды жасоо, конференцияларга катышуу;<br>2.Изилдөөгө байланышкан макалаларды жарыялоо;<br>3.Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча салттык жана инновациялык сабактардын үлгүлөрүн түзүү жана мугалимдерге сунушт кылуу;<br>4.Интерактивдүү окутуунун оптималдуу жолдорун, формаларын иштеп чыгуу; ж. б. |
| | ***Изилдөөнүн методдору:*** | 1.Кыргыз адабиятынын программасына жана окуу китептерине карата анализдөө иштери<br>2.Алыкул Осмоновдун поэмаларына карата талдоо иштерин жүргүзүү;<br>3.Натыйжалуу сабактардын заманбап моделдерин түзүү, окутуунун технологияларына толуктоолорду киргизүү, өркүндөтүү;<br>4.Өтүлгөн сабактарды талдоо, толуктоо; ж. б. |
| | ***Күтүлүүчү натыйжалар:*** | 1.Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүргөн окуучунун креативдүү ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын калыптандыруу боюнча заманбап окутуунун натыйжалуу методикасы такталды;<br>2.Креативдүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктү калыптандыруу боюнча натыйжалуу адабий билим берүүнүн дидактикалык, принциптери толукталды;<br>3.Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүргөн окуучунун креативдүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык, илимий-методикалык жана |

| | | |
|---|---|---|
| | | дидактикалык талаптарына ылайык окутуунун жана тарбиялоонун активдүү формалары жана методдору иштелип чыкты;<br>4.Окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын калыптандыруу, өнүктүрүү боюнча аткарыла турган жумуштарга карата педагогикалык, илимий-методикалык жана дидактикалык сунуштар берилди ж. б. |

Эксперименттин жыйынтыктоочу этабында республиканын түштүк регионундагы жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин окуу-тарбия процессинин жүрүшүндө биз сунуштаган стратегиялар, методдор, формалар, ык-амалдар жана каражаттар менен катар параллель класстарда (топтордо) окутуунун жана тарбиялоонун салттуу ык-формаларында берилген текшерүү сабактары да өтүлдү. Негизинен, эксперименттик жана текшерүү класстарына 698 окуучу катышып, алардын продуктивдүү, репродуктивдүү жана креативдүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү, өз алдынча ой жүгүртүү боюнча билими, билгичтиктери жана көндүмдөрү (компетенциялары) мугалимдер тарабынан да экспериментатор тарабынан да дыкат текшерилди. Натыйжада, теориялык жана практикалык жактан жакшы куралданган, педагогикалык, дидактикалык метод, ыкмаларда иш алып барылган эксперименттик класстарда (топтордо) текшерүү класстагы окуучуларга салыштырмалуу жалпы көрсөткүчтөр кыйла жогору болду.

Мектептин кыргыз адабияты сабактарынын алкагында Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча окуучулардын адабий-эстетикалык табитин, креативдүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу, изилдөөчүүлүк, сүйлөө, жазуу ишмердүүлүгүнө ээ кылууга киришүүдөн мурда республикабыздын түштүк аймагындагы орто мектептерде аталган маселе боюнча байкоо жүргүзүү, предметтик сабактардын кандай багытта

жүрүшүн аныктоо максатында изилдөө жумуштарын жана байкоо жүргүзүү жумуштарын жүргүздүк. Анткени педагогика илими эксперименттик иш-чаралар аркылуу изилдөөгө алынган иштин илимий божомолунун канчалык туура экендигин, ага кандай кошумчалар киргизүүгө боло тургандыгын аныктоого мүмкүндүк түзгөндүктөн, алгач жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринде салтка айланган предметтик сабактарда окуучулардын компетентүүлүгүн калыптандыруу аркылуу окутуп-тарбиялоонун кандай ийгиликтерге жетишилип жаткандыгын билүү максатында эксперименттин эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабын 2018-2019-жылдардын аралыгында ишке ашырдык. Мында педагогикалык экспериментти так жана натыйжалуу аткаруу, натыйжага ийгиликтүү жетүү үчүн анын *эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабына* төмөнкүдөй дидактикалык талаптар коюлду:

-темага байланышкан эксперименттик иштерде аткарууга тийиш болгон изилдөө объектиси, предмети жана максаты боюнча илимий-педагогикалык теориялык жана дидактикалык ойлорду практикага жакындаштыруу, б.а. изилдөө ишине таандык практикалык маселелер менен толук тааныш болуу;

- байкоо жүргүзүү аркылуу белгилүү бир тажрыйбага жана ал боюнча эксперименттик иштерде аткарылуучу жумуштардын мазмунун тактоо;

-аныктоо максатынан келип чыккан натыйжаларга таянып, жүргүзүлүүчү эксперименттин түрүн (кийинки этаптарда кандай иштер аткарыла тургандыгын) жана ага ылайык максаты менен милдетин иштеп чыгуу;

-текшерүүчү жана эксперименттик топторду тактоо жана аларга бардык жагынан бирдей шарттар түзүлүшүнө кам көрүү;

- эксперименттик-тажрыйбалык иштердин туура аткарылышы үчүн Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча суроолорду жана тапшырмаларды иштеп чыгуу.

Алыкул Осмоновдун поэмаларын тууралуу окуучулардын билим деңгээлин текшерүү максатында сурамжылап анкета таратканыбызда, окуучулардын жообун үч түргө: толук жооп бергендер, жарым-жартылай жооп бергендер деп бөлдүк. Буга Ош шаарындагы №52 Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи, Жалал-Абад областындагы Базар-Коргон районундагы Ж.Бөкөнбаев жатак-гимназиясы, Кара-Суу районундагы № 130 Шабы Жумаев, Өзгөн району №26 П.Жолдошов атындагы орто мектептеринин 698 (тажрыйба класстары-349, текшерүү класстары-349), 6,9,10-класстар катышты. Алгач оозеки анкеталык суроо-жооптор өткөрүлүп, жалпы эле Алыкул Осмоновдун поэмаларын билүү, түшүнүү, айтып берүү, поэмага карата суроо түзө билүү тапшырмалар көндүмдөрү каралды.

Эксперимент жүргүзүүнүн 1-этабында байкоо жүргүзүү класстарында толук жооп берген окуучулардын саны аз болду. Ал эми ушул эле суроолор менен дагы бир жолу окуучуларга анкета таркатылды. Тажрыйбанын 2-этабында да окуучулардын саны дээрлик 1-этаптагыдай тең болду. Биздин окутуу системабыз кабыл алынган соң дагы бир жолу кайрылып көргөндө, анда башкача жыйынтыкка күбө болдук. Мында сапаттык өсүш 14-20%га жогорулагандыгы байкалды.

**Таблица 2.2.3.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын деңгээлин аныктоо**

| **Поэмалар** | **«Толубай сынчы» поэмасы** | | |
|---|---|---|---|
| 6-класс | саны | Толук жооп бергендер % | Толук эмес жооп бергендер % |
| «А» тажрыйба тобу | 128 | 73 (59%) | 55 (41%) |
| «Б» байкоо тобу | 127 | 57 (44%) | 70 (56%) |
| Айырмасы | 1 | 15 | |

**Таблица 2.2.4.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын деңгээлин аныктоо**

| **Поэмалар** | **«Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» поэмалары** | | |
|---|---|---|---|
| 9-класс | саны | Толук жооп бергендер % | Толук эмес жооп бергендер % |
| «А» тажрыйба тобу | 119 | 50 (42%) | 69 (58%) |
| «Б» байкоо тобу | 120 | 70 (59%) | 50 (41%) |
| Айырмасы | 1 | 20 | |

**Таблица 2.2.5.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын деңгээлин аныктоо**

| Поэмалар | «Жеңишбек», «Майдын түнү», «Махабат» | | |
|---|---|---|---|
| 10-класс | саны | Толук жооп бергендер % | Толук эмес жооп бергендер % |
| «А» тажрыйба тобу | 103 | 42 (41%) | 61 (59%) |
| «Б» байкоо тобу | 102 | 58 (55%) | 44 (43%) |
| Айырмасы | 1 | 14 | |

Эксперименталдык иштер республиканын түштүгүндө жайгашкан бир катар мектептеринде, атап айтканда, Ош шаарындагы №52 Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи, Жалал-Абад областындагы Базар-Коргон районундагы Ж.Бөкөнбаев жатак-гимназиясы, Кара-Суу районундагы № 130

Шабы Жумаев, Өзгөн району №26 П.Жолдошов атындагы орто мектептердин кыргыз адабияты мугалимдеринин катышуусунда өткөрүлдү.

Эксперименттин алгачкы, биринчи этабында аталган мектептердин мугалимдери менен Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуудагы проблемалар тууралуу анкеталык сурамжылоо иштери жүргүзүлдү. Анкеталар болжол менен төмөнкүдөй суроолордун айланасында түзүлгөн:

***Анкета № 1.*** Алыкул Осмоновдун поэмаларынын окуу материалдарын өздөштүрүүдө окуучунун алдында кандай кыйынчылыктар жаралды?

***Анкета № 2.*** Сиз учурда пайдаланып жаткан окуу китептеринде берилген материалдар канчалык деңгээлде жөнөкөй жана татаал?

***Анкета № 3***. Окуу программадагы акындын поэмаларына каралган сааттар жетиштүүбү?

***Анкета № 4.*** Окуу китебиндеги өтүлгөн темадан кийинки класста жана үйдө аткарылуучу материалдар жалпы республикалык тестирлөөнүн тапшырмаларын аткарууга багытталганбы?

**Анкеталык суроолорго мугалимдердин берген болжолдуу жооптору:**

**1.**Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууга сааттардын аздыгы.

2. Окуу китептеринде Алыкул Осмоновдун поэмалары үзүндү берилип калган. Ошону менен бирге илюстрациялык сүрөттүү көнүгүүлөрдүн, тапшырмалардын жоктугу.

3.10-класстын кыргыз адабиятында акындын поэмаларынан кийинки суроо-тапшырмалар жогорку класс экенине карабай татаал берилген.

4.Окуу китептеринде берилген суроо-тапшырмалар ЖРТнын тиешелүү үч бөлүмгө:

-аналогиялар;

-текстти окуу жана түшүнүүгө;

- эне тилинин практикалык грамматикасы, сүйлөм толуктоого арналса.

Эксперименталдык-тажрыйбалык иштердин суроолорун менен тапшырмаларын түзүүдө, класстардагы буга тиешеси болгон ар кандай башка

иш-чараларга карата  мамиле компетенттүүлүктүн үч деңгээлине ылайык жүргүзүлдү, алар *репродуктивдүү, продуктивдүү* жана *креативдүү (чыгармачылык)* суроо, тапшырмалар болду. Булар, албетте, адабият предметинин окурмандык, баалуулук-дүйнө таанымдык жана адабий-чыгармачылык компетенттүүлүктүн алкагында түзүлдү.

Дагы бир тажрыйбабыз Алыкул Осмоновдун поэмаларынан окуучулардын кандай деңгээлде талдай ала тургандыгын көрсөтүүгө арналды. Төмөндөгүдөй суроолорду берүү менен окуучулардын акындын поэмаларын  өздөштүрүү деңгээлдерин  аныктай алдык:

**6-класс. «Толубай сынчы» поэмасы**

1. Толубайда кездешкен бири-бирин ар тараптуу толуктап турган саяпкердик өнөр, сынчылык касиет боюнча дагы кандай чыгармаларды билесиңер?

2. Азиз хандын «Шарт ушул: эки көзүн оюп алам, эгерде бир жеринен жазып калса...»-деген жарлыгын карапайым калк менен бийликтин ортосундагы мамиленин кандай экенин көрсөтүп турат?

3. «Толубай сынчы» поэмасы силерге кандай таасир калтырды.

**9-класс А.Осмонов  «Эшимкандын тереги» поэмасы**

1. Башкы каарман Эшимканга мүнөздөмө бергиле?

2.Поэмадагы символикалык жана шарттуу  образды теректин ыйык касиеттери жөнүндө айтып бергиле?

3. Шоорук менен Калматтын жакшы тарапка оңолушуна эмне себеп болду?

**9-класс . А.Осмонов  «Ким болду экен?» поэмасы**

1. Акын поэманы «Ким болду экен?»  деп атаганын себептерин көрсөткүлө?

2.Сонун кыз менен Бактыбекке  мүнөздөмө бергиле?

3.Эмне үчүн Бактыбек жибек жоолукта «Кайыңды айылы... «Көк-Бел» колхоз»,  Асанова Сонун » деп жазылып турганын көрүп, бирок ким экенин билбей коет.

**10-класс. А.Осмонов  «Өлүп тирилгендер» поэмасы**

1.Поэманын аталышы  боюнча сенин кандай оюң бар?

2.Согуш темасында жазылган поэмалардан «Өлүп тирилгендердин» кандай айырмасы бар?
3.Султангазы, Жумадыл, Калдаңдардын өлүп тирилгенден кийинки тагдырлары жөнүндө айтып бергиле?

**10-класс. А.Осмонов «Жеңишбек» поэмасы**

1.Миңбай карыя сыяктуу согушка кеткен баласын күтүп, күйүттүү күтүүдө жашаган башка кайсы чыгармадагы каармандар жөнүндө билесиңер ?
2. Минбай карыянын курдашы Курманбекке мүнөздүү сапаттарды айтып бергиле?
3.Поэмада Миңбай карыянын кайгысы, убайымын ачууда акын кандай пейзаждык сүрөттөлөрдү колдонгон?

**10-класс. А. Осмоновдун «Майдын түнү» поэмасы**

1.Поэмадагы «кызганыч, кызгануу» акын тарабынан кандай берилген?
2.Бүбүш Баяндын кызганчаактыктан улам жасаган мамилесине кандай жооп кайтарат эле?
3.Баян үйүнө уруулукча айтпай шылуун келишин кандай деп ойлойсуң?

Бул тапшырмаларга төмөнкүдөй баалоо критерийлери коюлду:

-окуучунун адабий өзгөчөлүгүн өздөштүрүүсү, андагы окуяларга карата ажыратып-тааный билүү жана өз оюн так, ырааттуу жеткире алуусу;

-поэмаларды талдоодо аргументтүү далилдерди келтирүү менен өз оюн ынанымдуу жеткире алуусу;

-акындын поэмаларындагы баяндалган окуялардын сюжетин, көтөрүлгөн көйгөйлөрдүн башка акын-жазуучулар жараткан чыгармалардан айырмачылыгын таба билүүсү жана өз оюн далилдер менен бекемдеп берүүсү;

-поэмалардагы көйгөйлөр азыркы учурда кездеше тургандыгын мүнөздөп, мисалдар менен далилдеп бериши.

Ал эми төмөндө берилген тапшырмалар боюнча окуучулардын жазуу ишмердүүлүктөрүн байкадык.

**9-класс. А.Осмонов «Толубай сынчы» поэмасы**

1.Поэмадагы каардуу хан Азиз ханга карата детектив чыгарма жазгыла?

**9-класс. А.Осмонов «Эшимкандын тереги» поэмасы**

1. Чыгарманын эстетикалык-көркөмдүк жагына токтолуп, «Тагдырдын сараң жазган бир өмүрүн», «Согуштун соргок мүнөз араны өсүп», «Үч күндө эки шумдук биздин терек, бар болгон арамдыгын соруп алды» деген саптарга көңүл бөлүп, алардын маанисин чечмелеп жазгыла?

**9-класс. А.Осмонов «Ким болду экен?» поэмасы**

1. «Ким болду экен?» поэмасындагы согушка чейинки элдин жай турмушу жөнүндө эссе жазгыла?

**9-класс. А.Осмонов «Өлүп тирилгендер» поэмасы**

1.Султангазы, Жумадыл, Калдаңдардын «өлүп тирилгенден кийинки» тагдырлары жөнүндө дил баяндын элементтерин камтыган баяндама жазгыла?

**Кыргыз адабияты 9-класс. А.Осмонов «Жеңишбек» поэмасы**

1.Поэмадагы Миңбай карыяга кат жазгыла?

**9-класс. А.Осмонов «Майдын түнү» поэмасы**

1.Баянды чыгармада он каарман катары карайсыңбы? Кызгаанчак болуш керекби? Кызганчаактык сапатында кандай оң жана терс нерселерди байкай аласын? ушул суроолордун тегерегинде аргументтештирилген эссе жазгыла?

**9-класс. А.Осмонов «Махабат» поэмасы**

1.Төмөндөгү таяныч сөздөрдү колдонуп, «Махабат» поэмасы боюнча аңгеме жазгыла?

1.Жалындуу махабат, ашык жандар, кан майдан, махабат азабы, табышмактуу суроо, махабаттын күчү, сыйкыр

Бирок ошол эле учурда эксперименталдык тажрыйба иштеринде байкалган одоно бир проблема бар экен. Тилекке каршы окуучулардын көпчүлүгү 70-75 % пайызынын жазуу ишмердүүлүгүнүн калыптанбагандыгы болду. Окуучу сабакта жана үйгө берилген тапшырманы аткарып келүүдө

дил баян, эссе, баяндама, аргументтештирилген ж.б. сыяктуу жазуу иштеринде түзгөн сүйлөмдөрүнүн өтө кыскалыгы, сүйлөмдөрүнөн стилистикалык каталардын көп учурагандыгын байкоого болот. Демек, окуучунун жазуу ишмердүүлүгүн көндүмдөрү калыптандыруу милдети дагы эле курч бойдон турат.

**Таблица 2.2.6.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (эксперименттин аныктоочу этабы):6-класс. «Толубай сынчы» поэмасы**

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | | | | | Көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучулардын саны | **«5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | Билим сапаты % менен |
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи орто мектеп №52 | 6а-кл. (эксперим.) | 32 | 10 | 9 | 13 | | 46% |
| | 6б-кл. (байкоочу) | 30 | 10 | 15 | 5 | | 46% |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 6а-кл. (эксперим.) | 26 | 5 | 6 | 12 | 3 | 42% |
| | 6б-кл. (байкоочу) | 27 | 4 | 8 | 12 | 3 | 43% |
| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто мектеби №26 | 6а-кл. (эксперим.) | 28 | 8 | 12 | 12 | 2 | 42% |
| | 6б-кл. (байкоочу) | 27 | 5 | 8 | 11 | 3 | 42% |
| Базар-Коргон району Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 6а-кл. (эксперим.) | 42 | 8 | 11 | 21 | 2 | 43% |
| | 6б-кл. (байкоочу) | 43 | 6 | 12 | 20 | 5 | 42% |
| Жыйынтыгы: | эксперименталдык | **128** | **43** | **51** | **26** | **7** | **42%** |
| | байкоочу | **127** | **29** | **54** | **32** | 10 | **41%** |





**Таблица 2.2.7.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (эксперименттин аныктоочу этабы): 9-класс. «Эшимкандын тереги» поэмасы**

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | | | | | Көрсөткүч Ү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучу лардын саны | **«5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | Билим сапаты % менен |
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи орто мектеп №52 | 9а-кл. (эксперим.) | 31 | 5 | 8 | 16 | 2 | 42 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 30 | 5 | 8 | 17 | 1 | 43 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 9а-кл. (эксперим.) | 26 | 4 | 7 | 13 | 1 | 42 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 26 | 3 | 8 | 13 | 2 | 42 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто мектеби №26 | 9а-кл. (эксперим.) | 26 | 4 | 6 | 13 | 3 | 39 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 27 | 4 | 8 | 15 | 1 | 42 |
| Базар-Коргон району Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 9а-кл. (эксперим.) | 37 | 6 | 10 | 18 | 3 | 43 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 36 | 5 | 12 | 57 | 3 | 45 |
| Жыйынтыгы: | эксперименталдык | **119** | **19** | **31** | **48** | 9 | **42%** |
| | байкоочу | **120** | **17** | **36** | **127** | 7 | **41%** |





**Таблица 2.2.8.**–***Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (эксперименттин аныктоочу этабы):9-класс. «Ким болду экен?» поэмасы***

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | | | | | Көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучулардын саны | **«5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | Билим сапаты % менен |
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицей орто мектеп №52 | 9а-кл. (эксперим.) | 31 | 6 | 8 | 12 | 5 | 44,8 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 30 | 5 | 7 | 10 | 4 | 43,1 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 9а-кл. (эксперим.) | 26 | 5 | 6 | 12 | 2 | 42,3 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 26 | 4 | 6 | 13 | 3 | 38,4 |
| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто мектеби №26 | 9а-кл. (эксперим.) | 26 | 4 | 5 | 14 | 3 | 36,9 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 27 | 5 | 6 | 15 | 2 | 39,5 |
| Базар-Коргон району Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 9а-кл. (эксперим.) | 37 | 7 | 9 | 18 | 3 | 43,2 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 36 | 5 | 10 | 19 | 4 | 40,5 |
| Жыйынтыгы: | эксперименталдык | 119 | 32 | 50 | 70 | 18 | 40 |
| | байкоочу | **120** | 28 | 55 | 66 | 21 | |





***Таблица 2.2.9.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (эксперименттин аныктоочу этабы): 9-класс. «Өлүп тирилгендер» поэмасы***

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | | | | | Көрсөткүч ү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучу лардын саны | «5» | «4» | «3» | «2» | Билим сапаты % менен |
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи орто мектеп №52 | 9а-кл. (эксперим.) | 31 | 6 | 8 | 17 | | 44,5 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 30 | 4 | 7 | 19 | | 40,6 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 9а-кл (эксперим.) | 26 | 5 | 6 | 12 | 3 | 38,5 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 26 | 4 | 6 | 13 | 3 | 38,4 |
| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто мектеби №26 | 9а-кл. (эксперим.) | 26 | 4 | 6 | 12 | 4 | 38,5 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 27 | 4 | 6 | 15 | 3 | 36,1 |
| Базар-Коргон району Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 9а-кл. (эксперим.) | 37 | 6 | 9 | 18 | 4 | 40,5 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 36 | 7 | 8 | 20 | 2 | 40,5 |
| Жыйынтыгы: | эксперименталдык | 119 | 32 | 50 | 70 | 18 | 41,2 |
| | байкоочу | 120 | 28 | 55 | 66 | 21 | 39,5 |




***Таблица 2.2.10.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (эксперименттин аныктоочу этабы): 10-класс. «Жеңишбек» поэмасы***

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | | | | | Көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучулардын саны | **«5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | Билим сапаты % менен |
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи орто мектеп №52 | 10а-кл. (эксперим.) | 27 | 5 | 7 | 15 | | 44,5 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 26 | 3 | 8 | 15 | | 42,3 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 10а-кл. (эксперим.) | 22 | 4 | 5 | 10 | 3 | 40,1 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 22 | 3 | 6 | 9 | 4 | 40,1 |
| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто мектеби №26 | 10а-кл. (эксперим.) | 22 | 2 | 7 | 10 | 3 | 40,1 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 23 | 3 | 6 | 13 | 2 | 41,2 |
| Базар-Коргон району Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 10а-кл. (эксперим.) | 32 | 6 | 8 | 16 | 2 | 43,1 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 31 | 4 | 7 | 19 | 1 | 39,6 |
| Жыйынтыгы: | эскперименталдык | 103 | **31** | **49** | **72** | **18** | 41,7 |
| | байкоочу | 102 | **30** | **50** | **71** | **19** | 40,5 |





***Таблица 2.2.11.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (эксперименттин аныктоочу этабы): 10-класс. «Майдын түнү» поэмасы***

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | | | | | Көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучулардын саны | **«5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | Билим сапаты % менен |
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи орто мектеп №52 | 10а-кл. (эксперим.) | 27 | 5 | 8 | 18 | | 41,9 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 26 | 4 | 7 | 19 | | 40,1 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 10а-кл. (эксперим.) | 22 | 5 | 5 | 12 | 4 | 38,9 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 22 | 3 | 7 | 13 | 3 | 38,9 |
| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто | 10а-кл. (эксперим.) | 22 | 4 | 6 | 12 | 4 | 38,9 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| мектеби №26 | 10б-кл. (байкоочу) | 23 | 4 | 7 | 14 | 3 | 39,2 |
| Базар-Коргон району Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 10а-кл. (эксперим.) | 32 | 6 | 10 | 18 | 3 | 43,2 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 31 | 4 | 11 | 19 | 3 | 40,5 |
| Жыйынтыгы: | эскпериментал дык | 103 | **31** | **49** | **72** | **18** | **40** |
| | байкоочу | 100 | **30** | **50** | **71** | **19** | **39,2%** |






***Таблица 2.2.12.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (эксперименттин аныктоочу этабы):10-класс. «Махабат» поэмасы***

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | | | | | Көрсөткүч ү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучу лардын саны | «5» | «4» | «3» | «2» | Билим сапаты % менен |
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп- | 10а-кл. (эксперим.) | 27 | 5 | 8 | 15 | 2 | 43 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| лицейи орто мектеп №52 | 10б-кл. (байкоочу) | 26 | 5 | 8 | 14 | 3 | 46 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 10а-кл. (эксперим.) | 22 | 4 | 7 | 8 | 4 | 48 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 22 | 3 | 8 | 10 | 4 | 48 |
| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто мектеби №26 | 10а-кл. (эксперим.) | 22 | 6 | 8 | 12 | 4 | 47 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 23 | 4 | 11 | 12 | 3 | 50 |
| Базар-Коргон району Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 10а-кл. (эксперим.) | 32 | 6 | 10 | 11 | 3 | 57 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 31 | 4 | 11 | 10 | 5 | 47 |
| Жыйынтыгы: | экспериментальдык | 103 | **31** | **49** | **72** | **18** | **44%** |
| | байкоочу | 100 | **30** | **50** | **71** | **19** | **42%** |



Мындан көрүнүп тургандай текшерүү жүргүзүлүүгө тандалган топ 349 окуучу менен байкоо жүргүзүлүүчү топтун 349 окуучуну түзөт. Биз тажрыйба жана байкоо жүргүзүү үчүн өздөштүрүүсү бирдей эле класстарды тандап алдык.

Андан кийин тажрыйба жүргүзүүчү мугалимдерди тандадык (алар үчүн күчтүү мугалимдерди ылгап алган жокпуз); окуучулар үчүн окуу программасын, окуу китептерин карап, айрым өзгөртүүлөрдү киргиздик; кошумча материалдарды белгиледик; өзүбүздүн жеке методикалык сунуштарды бердик; айрым учурда зарылдыгы болгон кезде өзүбүз да сабак өттүк. Азыркы окуучуну өзүнө тарта турган слайд, анимация, мультимедиа, интерактивдүү оюндар мугалимдер тарабынан билгичтик жана чыгармачылык менен колдонулганда гана өз максатына жетет деп эсептеп, ошолорду колдондук. Ал эми анын башкы максаты–окуучуну адабий көркөм сөз менен тарбиялоого салым кошуу.

**Таблица 2.2.13.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (жыйынтыктоочу этабы): 6-класс. «Толубай сынчы» поэмасы**

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | | | | | Көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучулардын саны | «5» | «4» | «3» | «2» | Билим сапаты % менен |
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи орто мектеп №52 | 6а-кл. (эксперим.) | 32 | 8 | 12 | 10 | | 66,6 |
| | 6б-кл. (байкоочу) | 30 | 10 | 7 | 13 | | 57,2 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 6а-кл. (эксперим.) | 26 | 8 | 9 | 9 | | 66,6 |
| | 6б-кл. (байкоочу) | 27 | 7 | 9 | 8 | 3 | 60,2 |

| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто мектеби №26 | 6а-кл. (эксперим.) | 28 | 7 | 9 | 8 | 4 | 65,2 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 6б-кл. (байкоочу) | 27 | 7 | 9 | 10 | 2 | 58,2 |
| Базар-Коргон району Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 6а-кл. (эксперим.) | 42 | 12 | 13 | 11 | 4 | 64,2 |
| | 6б-кл. (байкоочу) | 43 | 13 | 15 | 12 | 6 | 60,2 |
| Жыйынтыгы: | эксперименталдык | **128** | **37** | **43** | **38** | 8 | 65 |
| | байкоочу | **127** | **37** | 40 | **43** | 11 | 59 |





**Таблица 2.2.14.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (жыйынтыктоочу этабы):9-класс. «Эшимкандын терегi» поэмасы**

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | Көрсөткүчү |
|---|---|---|---|

| | | окуучу лардын саны | «5» | «4» | «3» | «2» | Билим сапаты % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи орто мектеп №52 | 9а-кл. (эксперим.) | 31 | 8 | 10 | 12 | | 60,1 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 30 | 8 | 9 | 13 | | 56,2 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 9а-кл. (эксперим.) | 26 | 6 | 9 | 15 | 1 | 60 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 26 | 3 | 11 | 9 | 1 | 56 |
| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто мектеби №26 | 9а-кл. (эксперим.) | 26 | 8 | 10 | 11 | 1 | 60 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 27 | 5 | 11 | 12 | 2 | 53,3 |
| Базар-Коргон району Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 9а-кл. (эксперим.) | 37 | 6 | 10 | 11 | 3 | 60 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 36 | 6 | 9 | 14 | 1 | 50 |
| **Жыйынтыгы:** | **экспериметалдык** | 119 | **31** | **39** | **49** | **4** | **60** |
| | **байкоочу** | 120 | **30** | **39** | **48** | **4** | **53,7** |




**Таблица 2.2.15.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (жыйынтыктоочу этабы): 9-класс. «Ким болду экен?» поэмасы**

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | | | | | Көрсөткүч ү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучу лардын саны | «5» | «4» | «3» | «2» | Билим сапаты % менен |
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи орто мектеп №52 | 9а-кл. (эксперим.) | 31 | 9 | 8 | 12 | 1 | 56,6 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 30 | 7 | 9 | 13 | 1 | 54 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 9а-кл. (эксперим.) | 26 | 6 | 8 | 9 | 2 | 56 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 26 | 6 | 7 | 8 | 3 | 52 |
| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто мектеби №26 | 9а-кл. (эксперим.) | 26 | 7 | 9 | 12 | 2 | 53 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 27 | 7 | 8 | 14 | 1 | 50 |
| Базар-Коргон району Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 9а-кл. (эксперим.) | 37 | 7 | 10 | 11 | 4 | 56 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 36 | 7 | 9 | 14 | 1 | 53 |
| **Жыйынтыгы:** | **эксперименталдык** | 119 | **29** | **35** | **44** | **9** | **58,2** |
| | **байкоочу** | 120 | **27** | **33** | **49** | **6** | **53,1** |





**Таблица 2.2.16.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты(жыйынтыктоочу этабы): 9-класс. «Өлүп тирилгендер» поэмасы**

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | | | | | Көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучу лардын саны | «5» | «4» | «3» | «2» | Билим сапаты % менен |
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи орто мектеп №52 | 9а-кл. (эксперим.) | 31 | 8 | 10 | 12 | | 60,1 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 30 | 8 | 9 | 13 | | 56,2 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 9а-кл. (эксперим.) | 26 | 6 | 9 | 15 | 1 | 60 |
| | 9б-кл (байкоочу) | 26 | 3 | 11 | 9 | 1 | 56 |
| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто мектеби №26 | 9а-кл. (эксперим.) | 26 | 8 | 10 | 11 | 1 | 60 |
| | 9б-кл. (байкоочу) | 27 | 5 | 11 | 12 | 2 | 53,3 |
| Базар-Коргон району | 9а-кл. (эксперим.) | 37 | 6 | 10 | 11 | 3 | 60 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 9б-кл. (байкоочу) | 36 | 6 | 9 | 14 | 1 | 50 |
| **Жыйынтыгы:** | **эксперименталдык** | 119 | **31** | **39** | **49** | **4** | **60** |
| | **байкоочу** | 120 | **30** | **39** | **48** | **4** | **53,7** |





**Таблица 2.2.17.–*Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (жыйынтыктоочу этабы): 10-класс. «Жеңишбек» поэмасы***

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | | | | | Көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучулардын саны | «5» | «4» | «3» | «2» | Билим сапаты % менен |
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи орто мектеп №52 | 10а-кл. (эксперим.) | 27 | 7 | 11 | 12 | | 60,6 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 26 | 9 | 8 | 12 | 1 | 56,6 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. | 10а-кл. (эксперим.) | 22 | 4 | 11 | 8 | 2 | 60 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| №130 орто мектеп | 10б-кл. (байкоочу) | 22 | 4 | 9 | 14 | 2 | 52,1 |
| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто мектеби №26 | 10а-кл. (эксперим.) | 22 | 9 | 8 | 13 | 2 | 57,1 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 23 | 8 | 7 | 14 | 1 | 50,1 |
| Базар-Коргон району Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 10а-кл. (эксперим.) | 32 | 9 | 9 | 10 | 2 | 60 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 31 | 4 | 10 | 13 | 2 | 56,6 |
| **Жыйынтыгы:** | **эксперименталдык** | 103 | **33** | **39** | **43** | **7** | **60,1** |
| | **байкоочу** | 102 | **25** | **34** | **53** | **5** | **54,1** |





**Таблица 2.2.18.–Мектептеги Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча түзүлгөн бардык суроолорго окуучулардын берген жоопторунун көрсөткүчү (эксперименттин жыйынтыктоочу этабы):10-класс. «Майдын түнү» поэмасы**

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | | | | | Көрсөткүч ү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучу лардын саны | «5» | «4» | «3» | «2» | Билим сапаты % менен |
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи орто мектеп №52 | 10а-кл. (эксперим.) | 27 | 8 | 10 | 12 | | 60 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 26 | 10 | 8 | 12 | | 56 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 10а-кл. (эксперим.) | 22 | 6 | 8 | 10 | 1 | 56 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 22 | 6 | 8 | 9 | 2 | 52 |
| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто мектеби №26 | 10а-кл. (эксперим.) | 22 | 8 | 9 | 10 | 2 | 56,2 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 23 | 7 | 9 | 12 | 3 | 53,1 |
| Базар-Коргон району Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 10а-кл. (эксперим.) | 32 | 9 | 8 | 11 | 2 | 56,2 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 31 | 9 | 7 | 12 | 2 | 53,3 |
| **Жыйынтыгы:** | **эксперименталдык** | 103 | **31** | **35** | **43** | **5** | **58** |
| | **байкоочу** | 102 | **32** | **32** | **45** | **7** | **55** |






***Таблица 2.2.19.–Алыкул Осмоновдун поэмаларын өздөштүрүү боюнча окуучулардын билиминин сапаты (жыйынтыктоочу этабы): 10-класс. «Махабат» поэмасы***

| Мектептер | Класстар/түрү | Баалар | | | | | Көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучулардын саны | **«5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | Билим сапаты % менен |
| Ош шаары Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи орто мектеп №52 | 10а-кл. (эксперим.) | 27 | 8 | 10 | 12 | | 60 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 26 | 8 | 9 | 12 | 1 | 56,6 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 10а-кл. (эксперим.) | 22 | 6 | 8 | 9 | 2 | 56 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 22 | 5 | 8 | 11 | 1 | 52 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Өзгөн району П.Жолдошов атындагы орто мектеби №26 | 10а-кл. (эксперим.) | 22 | 6 | 9 | 12 | 3 | 50 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 23 | 7 | 7 | 15 | 1 | 46 |
| Базар-Коргон району Ж.Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназиясы | 10а-кл. (эксперим.) | 32 | 5 | 11 | 12 | 2 | 53,3 |
| | 10б-кл. (байкоочу) | 31 | 4 | 10 | 12 | 3 | 50 |
| **Жыйынтыгы:** | **эксперименталдык** | **103** | **25** | **38** | **45** | **18** | **61,6** |
| | **байкоочу** | **102** | **24** | **34** | **50** | **19** | **50** |




Таблицада көрүнүп тургандай текшерүү тобунун 349 окуучу менен байкоо тобунун 349 окуучу түздү. Ал текшерүү тобундагы окуучулардын сапаттык деңгээлинин («4» жана «5» деген баалардын) көбөйгөндүгү, «2» алгандардын дээрлик азайгандыгы менен түшүндүрүлөт. Эгерде тажрыйбага чейин тажрыйба тобунда сапаттык өздөштүрүү 44,2% болсо, тажрыйбадан

кийин бул көрсөткүч 62,2% болуп, 18%да өсүш берди. Ал эми байкоо тобунун сапаттык көрсөткүчү тажрыйбага чейин 42,5% болсо, тажрыйбадан кийин 50,2% болуп дээрлик өзгөрүү байкалбады. Таблицада ар бир мектеп боюнча көрсөткүчтөр конкреттүү көрсөтүлдү. Ошондой эле эксперимент иштеринин акыркы мезгилиндеги, жыйынтыктоочу этабындагы текшерүүнүн натыйжалары менен байкалган айрым ийгиликтерди, ошону менен айрым кемчиликтерди белгилөөгө болоор эле. Эксперименттин алдына койгон максаты өзүн практикада актады, ошонун натыйжасында окуучулардын билим деңгээли, билгичтиктери менен көндүм-адаттары (компетенциялары), креативдүү чыгармачылык машыгуулары, байкоочу классына караганда, эки-үч эсеге жогору болду. Окуучулардын сабакта активдүүлүгү арттып, акындын поэмаларын сюжетин өздөштүрүштү, чыгармадагы өзөктүү окуялардын системасын билишет, көркөм образдарды талдоо, аларга баа берүү жумуштарын туура аныктоого жетише алышты. Ал эми байкоочу класстарындагы окуучуларга төмөнкүдөй кемчиликтер мүнөздүү: окуучулардын көпчүлүгү Алыкул Осмоновдун поэмаларынын тарыхый мезгилин, ордун билишпейт, адабий теориялык билимге ээ эмес, каармандарды аталыштарын, поэмалардын жанрдык, түрдүк, өзгөчөлүктөрүн, тилдик каражаттарына кенен анализ жүргүзө алышпайт, тактап айтканда, окуучулардын 70% мындай кемчилдиктер мүнөздүү (бул эксперимент коюлган класстын айрым окуучуларына да таандык).

Ырас, эксперименттин толук жыйынтыгын системалаштырып келгенде окуучулардын акындын поэмаларын идеясын, мазмунун маанисин аңдоосу жана анысын оозеки жана жазуу формаларында толук жеткирүү ишинде чыгармачылык менен иштөө жана анын натыйжаларын аныктоо боюнча эксперимантaлдык класстардын окуучуларына караганда байкоочу класстардын окуучуларынын билими, билгичтиктери менен көндүм-адаттары бир кыйла натыйжалуу экендиги аныкталды.

Ошентип, ***эксперимент*** ар кандай иштин, айрыкча, илимий изилдөө ишинин алдына коюлган жумушчу божомолдун тууралыгын жана ынанымдуулугун тастыктоо максатында жүргүзүлөт да, ал өз ичине бир нече этаптарды, жылдарды камтыйт. Анын жыйынтыктары, адатта, тууралыгы менен ынанымдуулугу тастыкталган, аякталган, аягына чыгарылган иш катары каралып, анын жыйынтыктарын практикага колдонууга сунуш кылынат. Биз мында орто мектептерде «Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиялары. (орто мектептин мисалында)» деген темадагы диссертациялык изилдөө иштерин жүргүзүүнүн жыйынтыктары менен анын эксперименталдык-тажрыйбалык иштердин натыйжаларын мектеп практикасына сунуш кылып олтурабыз.

## Экинчи бап боюнча корутунду

«Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуп-үйрөтүүнүн методологиясы жана методдору»-деген аталышта берилип, изилдөөнүн методологиясы жана методдору, окутуу жана өздөштүрүү боюнча педагогикалык эскперименттти уюштуруу жана анын жыйынтыктарын алуу иштерине арналды.

Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууга мектеп практикасында кайрылуунун эң башкы багыты–алардын тарбиялык мааниси, поэмалардын акын тарабынан иштелип чыгуудагы өзгөчөлүктөрүн, тил байлыктарын өздөштүрүү менен байланышат. Акындын поэмалары аркылуу өткөндү билип, балдардын оң сапаттарынын калыптануусу үчүн жана анын өнүгүүсүнө таяныч берет. Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу үчүн адабий мазмундук талдоодон сырткары педагогикалык талдоо жүргүзүү зарылдыктарын аныктадык. Жыйынтыктап келгенде, мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу аркылуу балдарды мекенди коргоого, табиятты көздүн карегиндей сактоого, улуттук каада-салттарыбызды урматтого жана сыйлоого шарт түзөбүз. Мындай аракетти ишке ашырууда үчүн төмөнкүлөргө токтолуу зарыл:

1. мугалимдерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын үйрөтүү үчүн тиешелүү деңгээлде теориялык билимдин болушу;

2. мугалим тарабынан акындын поэмаларынын түпкүрүндө элдик ойлордун тарбиялык өзгөчөлүгүн эске алуу аркылуу баланын жан дүйнөсүнө сиңирүүгө жетишүү;

3. окуучулардын акындын поэмаларын мазмунун жеткилең түшүнүү үчүн мугалимдер интерактивдүү методдорду билүүсү;

4. Алыкул Осмоновдун поэмаларын түшүндүрүүдө адамдык оң сапаттарды, акылмандыкты, эл-жерди сүйүүнү, сабырдуулукту бүгүнкү туура жүрүм-турум эрежелери менен салыштыруу жана мисалдар менен бышыктоо зарыл.

Аталган жагдайларды эске алуу менен гана акындын поэмаларын натыйжалуу окутууга мүмкүнчүлүк берилет.

Баптын экинчи, жыйынтыктоочу бөлүмү толугу менен педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана анын жыйынтыктарына арналып, соңунда бир нече пункттардан турган практикалык сунуштар иштелип чыкты. Алар мектеп практикасына сунуш кылынды.

# III БАП. ОРТО МЕКТЕПТЕРДЕ АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПОЭМАЛАРЫН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ

## 3.1. «Толубай сынчы» поэмасын окуучунун өздөштүрүүсүн текшерүүдөгү деңгээлдик технологиялар

Көркөм адабият адамдын көп кырдуу турмушту ачып берүү менен бирдикте адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенен. Көркөм адабият өзүнүн образдык эмоционалдык жаратылышынын аркасында коомдун адеп-ахлак идеяларын, бийик гуманисттик жана рухий асыл нарктарын окуучунун сезим-туюму, эмоциясы, психологиясы аркылуу өтүп, анын аң-сезимине, рухуна бекем сиңире билүү жөндөмдүүлүгү менен тарбия системасында башка предметтерге караганда кыйла артыкчылыктарга ээ.

Азыркы учурда жалпы билим берүүчү мектеп өзүнүн алдына  ар бир окуучунун билим алуудагы өз  алдынча чыгармачылык менен иштөө жөндөмдүүлүгүн калыптандырууну жана аны активдештирүүнү максат кылып койду. Буга кандайча жетишүүгө болот? Бул маселе өтө эле көп кырдуу  болгондуктан, ал окуу процессинин ар кандай деңгээлинде ар түрдүү чечилиши мүмкүн. Биринчиден, орто мектептерде билим берүүнүн жана тарбиялык жана таанып билүүчүлүк  маанилерин толук ачып көрсөтүү зарыл.Экинчиден, тигил же бул предмет боюнча алынуучу билимдердин маанисин, болгондо да окуу предметтеринин материалдарын үйрөнүүдөн алынган айрым фактыларды гана эмес, билимдердин бүткүл системасынын маанисин ачык көрсөтүү керек. Үчүнчүдөн, окуучулар тарабынан ар бир сабактын жана аткарылган ар бир тапшырманын маанисин чечмелеп, максат-милдетин айкын түшүнүүлөрү талап кылынат. Мына ушул үч милдет бир мезгилде аткарылганда гана окуучулар керектүү билимдин негиздерин кабыл алгыдай шарт түзүлөт.-деп белгилейт Т.Мусамбетов [122, 52].

Учурда мектептик билим берүү системасынын мазмуну жаңы концептуалдык негизде жаңы социалдык-экономикалык мамилелердин талаптарын эске алуу менен жаңылануудa жана өркүндөтүлүүдө. Мектептик билим берүүнү стандартташтыруу өз кезегинде предметтик билим берүүнү, билим берүү процессин, окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоонун усулдарын жана каражаттарын жаңылоого талап коет.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин VI класста III чейректе 2 саат бөлүштүрүү менен кыргыз адабияты сабагында Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасы окутулат.

«Толубай сынчы» поэмасын окутуу боюнча А.Сакеевдин «Толубай сынчыны» окутуу» деген макаласы чыгып, анда мугалим үчүн поэманы окутуунун айрым жагдайлары тууралуу сөз болот [147,3]. Мындай методикалык изилдөөлөрдүн катарында методист А.Муратовдун макаласынын өзгөчө орду бар. Ал өз макаласында минтип жазат: «... Поэманыи стили, андагы сюжеттүүлүк менен лирикалык каармандын философиялык ой толгоолорунун жуурулушуп келиши, чыгармадагы социалдык курч катылышуу жана оптимисттик трагедия, таланттуу акын тарабынан сөз кутунун чеберчилик менен ширелиши, ыр курулушунун устаттык менен урунулушу, акынга мүнөздүү кыскалык менен конкреттүүлүктүн, романтика менен символиканын таамай берилиши бир эсе окуучуларды өзүнө активдүү тартса, экинчиден, мугалимдин сабагынын кызыктуулугуна, мазмундуулугуна шарт түзөт, үчүнчүдөн, адабият окутуучусунун эстетикалык-турмуштук түшүнүгүнүн ар тараптуулугун талап кылат».

А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окутууда окумуштуу-методист А.Муратов сегиз учурун белгилейт.

***Биринчи учур:*** Эпиграфтын маанисин ачуу.

***Экинчи учур:*** Алгачкы төрт куплеттии мааниси, көтөрүп турган эстетикалык салмагы.

***Үчүнчү учур:*** Азиз хандын жардыты. Хандын жүзүнүн ачыла башташы.

***Төртүнчү учур:*** Толубай алгачкы көрүнүштө.

***Бешинчи учур:*** Азиз хандын «тулпарлары».

**Алтынчы учур: *Жаза.***

***Жетинчи учур:*** Толубайдын чындыгы, же акыркы таймаш.

***Сегизинчи учур:*** Автордун соңку сөзү.

Албетте, мындай бөлүштүрүү сабакты талдоодо мугалим үчүн жакшы ориентир болуп берет[174,36].

Мына ушул изилдөөлөргө таянуу биз илимий изилдөөбүздө А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окуучунун өздөштүрүүсүн текшерүүдөгү деңгээлдик ыкма жана алар менен иштөөнү төрт деңгээли боюнча талдадык:

**1-деңгээл:** Маалыматтык же репродуктивдүү өздөштүрүү деңгээли;

**2-деңгээл:** Үйрөнгөнүн практикада колдонуу деңгээли;

**3-деңгээл:** Проблемалык-эвристикалык деңгээл;

**4-деңгээл:**Чыгармачылык деңгээл[144,66].

**1-деңгээл: Маалыматтык же репродуктивдүү өздөштүрүү деңгээли.**

Белгилүү болгондой маалыматтык же репродуктивдүү өздөштүрүү деңгээлинде окуучунун теориялык-мазмундук маалыматтуулугун, фактыларды, маалыматтарды, эрежелерди эсте тутуусун тактоо үчүн суроо-жооп менен бышыкоо болуп эсептелинет. Бул учурда негизинен мугалим өтүлгөн тема боюнча окуучулардын маалыматтуулугун текшерүү, баалоо, маалыматтарды жаттоо, кайра аларды кайталатып айтуу де текшерүү мүнөзүндө гана иш жүрөт. Окуучулардын өтүлгөн темадагы фактыларды жаттап эсте тутуусу баалоо менен чектелет.

1. «Толубай сынчы» поэмасында заалими күчтүү кайсы хан жөнүндө сөз болот?

а) Манап хан

б) Азиз хан

в) Кудаяр хан

г) Чынгыз хан

2.Акындын «Толубай сынчы» поэмасында сынчы таптап, мезгил өтүп тулпар болгон кимдин аты эле?

а) Азиз хандын

б) Толубай сынчынын

в) Кармыш кулдун

г) хандын вазиринин

**2-деңгээл: Үйрөнгөнүн практикада колдонуу деңгээли.**

Сабакта өтүлгөндөрдүн маанисин түшүнүүсүн, аны практикада колдонуп сүйлөп, жазууга машыгуусун текшерет. Окутуунун практикалык багыты жүзөгө ашырылат.

Тексттеги көп чекиттердин ордуна төмөндөгү таяныч материалдарды ирети менен коюп толуктап жазгыла.

**Таяныч сөздөр: саяпкер, Азиз хан, поэма, сынчы, акылман,тулпар.**

Элдик уламыштардын негизинде кыргыздын белгилүү акыны Алыкул Осмонов «Толубай сынчы» ......... жазган. Толубай ...... –кыргыз уламыштарынын каарманы. Элдик уламыштар боюнча XIV-XV кылымда жашаган кыргыз сынчысы жана акылман-ойчулу. Толубай сынчы жаратылыштын жана коомдук турмуштун маселелерин таанып-билүүдө алысты көрө билген адам болгондугу айтылат. Ал ........ тушунда жашап, өз заманында жаныбарлардын касиетине, өзгөчө жылкылардын күлүктүгүн, ...... чыга тургандыгын алдын ала баамдай алгандагы, көрөгөчтүгү, сынчылыгы менен даңазаланган мыкты ...... болгон. Толубай сынчы эл арасында чечендиги, ..........., ойчулдугу менен да таанымал болуп, ханга да тайманбай сөз кайрыган, элди ынтымакка чакырган инсан катары айтылат. Бир уламыш боюнча Толубай сынчынын сынчылыгын уккан Азиз хан аны чакырып, өз жылкысынан тулпар таап бер деп кыйнайт. Толубай сынчы хандын ........ аттыкан аттарынан бирден айып таап, кырк жеринде жоору бар, мүдүрүлүп

баса албаган бир чаар атты тулпар деп көрсөтөт. Хандын буга ачуусу келип, Толубай сынчынын эки көзүн ойдуруп салат. Сынчынын айтканы туура келип чаар ат чынында эле тулпар болуп чыгат.

**3-деңгээл: Проблемалык-эвристикалык деңгээл.**

Бул деңгээлде коюлган проблемалуу, таталыраак көнүгүү тапшырмалары менен суроолор, сүйлөмдөр, маек үлүглөрү жана тексттер менен иштөөгө басым жасалат.

**Поэмадан сөз маанисин изилдеп үйрөнүү боюнча**

Саяпкер–күлүк, жорго аттарды таптоочу адам. Саяпкер атты таптаганда арыгын эттендирип, семизин арыктатып, жем-чөбү менен сууну күндө ченеп берет. Атты улам алыстатып чаап машыктырып, суутуп турушат. Ат тапталып, сынга толгондо, ага акырындык менен чабандес жигитти же баланы көнүктүрөт.

Илгертен күлүк таптаган саяпкер эл ичинде кадырман адам болгон. Ат сырын билген саяпкер ар айылдан чыккан. Саяпкерлик жөн гана кумарпоздук эмес, бул эрдикке чакырган өтө бийик, ыйык кесип, адамга кубаныч, кыялдануу, толкундануу, умтулуу, сулуулук, керемет берген өнөр.

Мыкты саяпкер менен күлүктүн жашоосу да, жаны да бир. Саяпкер тулпарын эртели-кеч жүз жолу карап, жанынан карыш жылбайт, балакайдай асырайт.

Күлүктү күлүк кылган – саяпкер. Улуу саяпкердин өзүнчө мектеби, сыры бар.

Мында окуучулар текст менен таанышып чыккан соң, поэмада Толубай сынчынын саяпкерлик өнөрү жөнүндө кеңири түшүнүк алышат. Сөздүктү пайдалануу менен мындагы «саяпкер» деген сөздүн маанисин түшүнүшөт [100,150].

Андан соң поэмаданы окуп чыккан соң текстке карата суроо-тапшырмаларды берсек болот.

1.Толубай сынчыны саяпкерлигин өнөрүнө жөнүндө айтып бергиле?

2.Силер жашаган айылда саяпкерлик өнөрү менен таанылган дагы кимдер жөнүндө билесиңер?
3.Саяпкерлик өнөр жөнүндө чакан дил баян жазгыла?

Демек, ушул сыяктуу суроолор жана тапшырмалар боюнча окуучунун өз алдынча ой жүгүртүүсүн өстүрүү менен, андан ары чыгармачылык изилдөө ишине багыт берсе болот.

**4-деңгээл:Чыгармачылык деңгээл.**

Бул деңгээл өзгөчө зиректигин көргөзгөн, таланттуу, өздүк чыгармачылыгы күчтүү окуучуларды аныктоого жана алар менен иштөөгө арналат. Бул чыгармачылык деңгээлдеги суроо-тапшырмалардын мазмуну мындай болуп саналат, тактап айтканда калыптанган көндүмдөргө жана териялык билимге таянып, эми өз алдынча проблеманы чечүү аркылуу чыгармачылык менен өздөштүрүүсүнө багыт берет, чыгармачылык ишин уюштурушат.

**1-суроо:** Азиз хандын кол жыйнап, душмандан өч алуу үчүн чабуулга ылайыктуу тулпар табыш үчүн жар чакыртып **«шарт ушул: эки көзүн оюп алам, эгерде бир жеринен жазып калса....»** шарт койгонуна кандай мүнөздөмө бере алат элең.

**Окуучунун жообу:** Биринчиден, Азиз хандын тынч жаткан элин дүрбөлөңгө салып, душмандарга кол салабыз дегени туура эмес. Анысы аз келгенсип өзүнүн тактысынан пайдаланып, эгер тулпар табууда жаңылса, эки көзүн оюп алам дегени элдин ишеничинде турган хан болуп туруп, элди шылдындап жаткандай сезилди.

**2-суроо:** Толубай сынчынын легендарлык эрдиктеринин кайсы учурлар деп ойлойсуң?

**Окуучунун жообу:** Толубай сынчы өнөрүнүн чындыгы үчүн, адилеттик үчүн жазага тартылды – эки көзүн оюп алышты. Эки көздөн ажыроо – эң оор жаза, саяпкер-сынчы үчүн андан бетер оор. Бирок Толубай сынчы өзүнүн сынчылык өнөрү аркылуу легендардык эрдик жасай алды.

Өнөрдү ыйык койду. Толубай хандын атынан бирди тандап ушул тулпар деп айтса деле болмок, ал көздүү калмак, а түгүл сыйлык алмак. Хан сарайынын сыйлуу сынчы-саяпкери болмок. Бирок антпеди. Көз-жалганчы, көз сырткы белгилерге азгырылып кетет деп, ал туяктарды гана карап, дүбүрт угуп, басык тыңшап, көзүн жерден албады. Акыры анысы жазага кириптер кылды, дале чындыктан тайбады. Чындык үчүн күрөшүү- Толубай үчүн күчсүздүктөн, өлүмдөн алда канча өйдө турду. Азиз хан сынчынын көзүн оюу менен өзүнүн көзүн ойду, чындыкты тааный албай акыры өзү жок болду. Ээн талаада мактанган тулпары менен маскара болуп кала берди. Ошентип, экинчиден өнөр жеңди, үчүнчүдөн, карапайым калктын өкүлү жеңди, төртөнчөдөн чындык жеңди. Бул төрт жеңиш Толубайдын легендарлык эрдигинин төрт булагы.

**3-суроо:** Кандай деп ойлойсуңар поэмада саяпкердик өнөр менен сынчылык өнөрдүн бири-бирин толуктап турушу кандай берилди. Ошондой эле акын поэмада кайсы учурда Толубайдын сынчылык өнөрүнүн өзгөчөлүктөрүн бере алды. Ал эми кайсы учурда саяпкерлик өнөрдүн өзгөчөлүктөрүн бере алды.

Окуучунун жообу: Акын поэмада Толубайдын сынчынын сынчылык өнөрүн күлүк тандоо учурунда даана көрсөтүп бере алды. Асемдүү алтын тулпар тойго десе тойго жоого десе жоого минчү тулпарлар өтсө да Толубай сынчы бир да башын көтөрүп карап койбой, көзү менен байкабай, тулпарлардын туягынын дабышынан сынап байкайт. Ал эми саяпкерлигин Азиз хан эки көзүн оюп алса да, Кармыш кулдун боз атын эч адамга көрсөтпөй жер түбүндө багып таптап чыныгы тулпар кылгандыгында.

Адегенде, окуучунун деңгээлге мугалим бөлбөйт. Ар бир окуучу кыргыз адабиятын өздөштүрүү, окуу, түшүнүү деңгээлин өзү аныктайт. Кантип? Ал үчүн мугалим тарабынан жогоруда белгилеген деңгээлдерге ылайык, кеп ишмердүүлүгүнүн беш (угуп түшүнүү, окуй алуу, сабаттуу жазуу, көркөм окуу жана которуу) түрү боюнча деңгээлдик тапшырмалардын

топтомун түзөт.Тапшырмаларды окуучуларга, кезеги менен, тактап айтканда адегенде, биринчи деңгээлде, андан соң экинчи, үчүнчү деңгээлдеги тапшырмаларды берет. Окуучулар кезеги менен иштешет. Мында мугалим деңгээлдик тапшырмалардын жөнөкөйдөн татаалды көздөй кеткен багыттагы баалоо системасы боюнча окуучулардын жоопторун текшерип, баалайт [120,21].

Ал эми окуучунун деңгээлин аныктоо же баалоо кандайча ишке ашат? Баалоодо атайын критерий жана ага жараша баалоо бирдиктерин 1-таблицада көрсөттүк.

**Таблица 3.1.1.– Окуучунун деңгээлин аныктоо же баалоо**

| 1-деңгээл<br>Жөнөкөй тапшырма | 2-деңгээл<br>Татаалыраак тапшырма | 3-деңгээл<br>Эвристикалык тапшырма | 4-деңгээл<br>Чыгармачыл тапшырма |
|---|---|---|---|
| 1 балл | 3 балл | 5 балл | 10 балл |
| | | | |

Мындай технологиянын артыкчылыгы-анын психологиялык жагы. Анткени мугалим окуучунун компетенттүүлүгүнүн деңгээлин окуучулардын алдында төмөнкү балл менен баалап, уяткарып отуруу ыңгайсыздыкты жаратары белгилүү. Ошондуктан өз билими аркылуу өзүнүнү деңгээлин аныктаган окуучу өз билимин мындан ары өркүндөтүүгө араеттенүүсүн арттырат. Бул технологияларды пайдаланып окутууда окуучулар жалпы республикалык тестирлөөнүн тесттеги окуп-түшүнүү бөлүгүн ылдам иштөөгө өбөлгө түзүлөт.

## 3.2. «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?» «Өлүп тирилгендер» поэмаларын окуучулардын ишмердүүлүгүн активдештирүүгө жана интенсивдештирүүгө негизделген технологиялары

Адабият мугалиминин-бири прозага, бир нукура поэзияга, дагы бир драмалык чыгармага кызыгат. Бир мугалимди А.Токомбаев, экинчисин

Т.Сыдыкбеков, дагы бирин А.Осмонов менен Ч.Айтматов өзүнө тартып туруп алат. Ал мугалимдердин жөндөмдүүлүгү да ар түрдүү. Бири-көрктүү окуунун чебери, экинчиси адабий чыгарманы сонун анализдейт. Ар бир адабият мугалиминин өзүнүн коллегасына окшошпогон турмуштук тажрыйбасы бар. Кыскасы ар кандай жазуучунун, актердун эч кимге окшошпогон өз почерки бар сыяктуу эле, ар бир адабият мугалиминин да өз почерки бар [20,141]. Жазуучунун атак-даңкынын бир үлүшү адабият мугалимине да таандык.

Алыкул Осмоновдун өмүрү, чыгармачылык жолун окутуу да мугалимдин көңүл жайына, ага болгон мамилесине, жазуучунун мугалимге болгон таасирине байланыштуу иш. Ал эми кыргыз поэзиясынын классиги, керемет Ысык-Көлдүн пири Алыкул Осмоновдун өмүр жолуна, чыгармаларынан, поэмаларына кызыкпаган окуучу да, студент да, мугалим да жок болсо керек. Акындын чыгармалары тилге жатык, турмуштун таттуу-ачуусун тең баяндаган чыгармалар.

Алыкул Осмонов бул жарык дүйнөдө 35 жыл гана жашап, кыргыз элине бир сонун бийик пафостуу чыгармаларды калтырып кетти. Кыргызстандын бермети болгон Ысык-Көлдүн сулуугун акындын ырларысыз элестетүү кыйын. Мына ушундай миң сырдуу, көп кырдуу акындын поэмаларын мектепте окутуунун өзү да бир жагынан жооптуу, бир жагынан татаал, бирок экинчи жагынан кызыктуу да иштердин бири. А. Осмоновдун 6-класста «Толубай сынчы», 9-класста «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» 10-класста «Жеңишбек», «Майдын түнү» поэмалары окутулат. Биздин изилдөөбүздүн I бапта изилденип, белгилегендей А.Осмоновдун поэмалары кандай оош-кыйыштарга карабай, мектеп программасынан кемип калса да, бирок окутуудан бир да поэмасы чыгарылбай окулуп келгендигин көрсөттүк. Мына ушунун өзү Алыкул Осмоновдун адабияттын мектеп курсундагы ордун айгинелейт. Демек,

адабият мугалими акындын поэмаларын окуучуларга жеткирүүдө болгон мугалимдик дараметин арнашы керек деген сөз.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин 9-классында акындын өмүрү жана чыгармачылыгы жана поэмалары менен кошо кыргыз адабияты сабагында Алыкул Осмоновдун «Эшимкандын тереги» поэмасы өздөштүрүлөт. Мугалим акындын бул поэмасын өтүүдө төмөнкү маселелерге токтолушу зарыл деп эсептейбиз:Алыкул Осмонов «Эшимкандын тереги» поэмасындагы башкы каарман Эшимкандын образы менен параллель түрдө шарттуу образ теректин символикалык образы да сүрөттөлөт. Бул символикалык терек терс образдардын да чыныгы жүзүн ачууда чон роль ойноо менен оң каармандардын жакшы сапаттарын ачып берет. Бул туурасында проф. А.Садыков «Эшимкандын терегинде» терек шарттуу образ кандуу согушка карата болгон элдик көз караштьы жана кара ниет адамдардын акыры жакшылык көрбөсүн түшүндүрөт»- деп белгилеген[147,6].

Алыкул Осмоновдун «Эшимкандын тереги» поэмасындагы башкы каарман Эшимкандын образын ачып берүүдө 1-таблицада көрсөтүлгөндөй «Концепция таблицасы» усулун колдондук. Бул усулда мугалим Эшимкандын образын дагы да мыктыраак ачып берүү үчүн салыштырып жана жакындатып үйрөнүүнүн методикасы боюнча башка поэмалардагы оң каармандар аркылуу салыштырып берсе болот. Төмөндө «Толубай сынчы» поэмасындагы Толубай сынчынын сапаттарын салыштыруу аркылуу бердик.

**Таблица 3.2.1.– «Концепция таблицасы» усулу**

| Салыштыра турган кейипкер | Порттретти к сыпаттамас ы | Кулк-мүнөзү | Иш-аракети | Автордун ою | Менин пикирим |
|---|---|---|---|---|---|
| Толубай сынчы | Жети өлчөп бир кескен, эч кимге жамандык ойлобогон сабырдуу | Сабырдуу, даанышман, ойчул, адилеттүү | Ар бир аткарган ишинде даанышман дык байкалат. | Толубай деп, Толубай атын салт кылган бар, Не билсин ал | «Толубай сынчы» поэмасында Толубай сынчы даанышмандыгы, сабырдуулугу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | инсан | | Элдин жашоосунун тынчтыгын ойлогон адилеттүүлүк үчүн кандай гана нерсе даяр экенин көрсөтө алган каарман | жөнүндө жаш уландар.<br>Суусаган таттуу жомок ширесине-<br>Сөз кылат тамшанышып карыялар-бул саптар аркылуу акын Толубай сынчынын толук образын ачып бере алган | менен кардуу ханга карата эч кандай амал колдонбой туруп, жашап өткөн заманына адилеттүүлүк орноткон. Дайыма адилетсиз жашоо акыры тунгуюкка барып такалаарын ачып бере алган. |
| Эшимкан | Ак эмгеги менен элге жаккан. Эч качан оюна жамандык келбеген, жаратылышка аяр мамиле жасаган инсан | Сабырдуу, берешен, мээнеткеч | | Ак күчүн, ден кубатын, көкүрөк дилин,<br>Окубай, өзү үйрөнгөн көп билимин,<br>Колхоздун казынасына тартуу кылып<br>Байытып эки кылып бирин-бири-автор ушул саптар аркылуу Эшимкандын кандай каарман экенин ачып бере алган | Эшимкан өз заманынын мээнеткеч жана жаратылышка аяр мамиле жасаган ошону менен катар Мекендин тынчтыгы үчүн жан күйгүзгөн каарман |

«Концепция таблицасы» усулун сабактын жыйынтыктоодо колдонсок, окуучулар таблицаны сабакта алган маалыматтарынын негизинде толтурат.Эгер жаңы теманы өздөштүрүү сабагы болсо, таблицаны

маалыматты алуу учурунда толтурат.Таблицанын акыркы тапшырмасы «менин пикирим» бөлүгүндө ар бир окуучу өз алдынча ойлонуп, оюн эркин жазууга үйрөнөт.

Окуучулардагы маалыматты өз алдынча өздөштүрүү жана ойлонуу, алган маалыматтары боюнча жыйынтыктуу жумуш аткаруу үчүн сабактын бышыктоо этабында «Жеңил» жана «оор» суроолор таблицасын жакшы натыйжа берет. Сабакта алган билимдерин текшерүү максатында Мугалим алдын ала атайын баракка таблица жазып үйдөн даярдап, 1-бөлүгүнө жеңил суроолорду 2-бөлүгүнө татаалыраак суроолорду жазат. Окуучулар өз билимдерине жараша суроолорго жооп бере беришет. Мында эске ала турган жагдай мугалим окуучуларга суроолордун тандоо деңгээлин эркин коет [4,29].

**Таблица 3.2.2.–«Жеңил» жана «оор» суроолор**

| «Жеңил» суроолор-бир ирет гана далилдүү жооп талап кылынган суроолор | | «Оор» суроолор-оор,толук жооп берип, тандоону талап кылган суроолор | |
|---|---|---|---|
| 1.«Эшимкандын тереги» поэмасынын башкы каарманы | Жооп: Эшимкан | 1.Жыламыштын өйүзүнө өсүп чыккан терек эмне үчүн Эшимкандын тереги деп аталып калды? | Жооп: Эшимкандын үй-чарбагы жайгашкан Жыламыштын берки өйүзүнө терек өсүп чыгат.Жайы кышы өзгөрбөй кулпуруп тура берет. Ал терек өсүп чыккандан бери Эшимканга дөөлөт үстүнө дөөлөт келет.Бир эмес төрт жолу колхоздун ударниги болот. Эчкилери эгиздеп эмес, сегиздеп тууп, аялы ушул жашка келип уул төрөйт. Ак пейил колхозчу Эшимкан эмгегинен баар тапкан, жөнөкөй, берешен адам. Ошондуктан эл да Эшимкандын ак ниеттүүлүгүнөн табият да ага багынды деп теректи Эшимкандын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | тереги деп атап койгон. |
| 2.Поэмадагы башкы каарман Эшимкан ким болгон? | Жооп:колхозчу | 2.Терек кандай касиеттерге ээ? | Терек жөн эле өспөйт башка бактай айлап, айлап-жылдап өсөт.Терек биздин замандын шат күнүнө жараша күлүп,ырдап саат сайын кучагын жайып өсөт. Ал дайым жашарып турат. Картайып кары кары болбойт, саргайып сары күздө сары болбойт, жашарып жай күнүндөй дайым жашыл. Анткени ак ниеттин күчү колдойт. Ошентип, терек Эшимкан жана башка ак ниет адамдардын бардык жакшы ниеттерине тилектеш. Эгер адам баласынын башына бакыт консо, теректи күзгү бороон, ызгаардуу суук, аяз, жайкы аптапда саргайтып, куурата албайт. Ал гана эмес Ооруулар бир түп түнөп конуп кетсе үч күндө сак саламат соого айланат. |
| 3.Легендага айланган Эшимкандын тереги өскөн өйүздүн аталышы? | Жооп:Жыламыштын өйүзү | 3.Автор Калмат менен Шорукту поэмада кандай сүрөттөйт? | Жооп:Калмат жана Шоорук экөө тең жалкоо жатып ичер уруулар, эл арасында ынтымактуу турмушка суук көзүн салган шүмшүктөр эле.Эр-азаматтын баары курал көтөрүп душманга карай Мекенди коргоого кетсе, алар дайыма кара ниеттикти ойлоп жеңил оокатын жолун издешет. |
| 4.Поэмадагы терс каармандар? | Калмат, Шоорук | Теректи кесип отун кылууга экинчи жолу аракеттенген Калмат менен шорукту Эшимкан | Терекке байлап салат. Терек алардын бүт жаман сапаттарын, ойлорун соруп алат. Алардын жалкоолугу кетип, ыймандуу болуп |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кантип жазалайт? | калышат. |

Мугалим суроолорду өзү түзгөндөн сырткары окуучулар өздөрү түзсө да болот. Окуучулар бири-бирине суроо берет жана алган билиминдерин таблицанын оор бөлүгүндөгү суроолорго жооп берилген жоопторду терең түшүнүү үчүн мугалимдин жардамы менен талкуулашат.

**«Ким болду экен?» поэмасындагы инсандык сапаттарды калыптандыруунун технологиялары**

Илимий иштин эксперименталдык изилдөөсү көрсөткөндөй мектеп окуучулары поэмаларды окуу процессинде сабактан окуп-үйрөнүшкөнү менен, анын каармандарынын мыкты сапаттары жеткире талданылбай, сюжети менен гана чектелип, алар аркылуу инсандык мыкты сапаттарга тарбиялоого анчалык маани берилбей келгени байкалып келе жатат. Азыркы учурда бул маселелер боюнча бир катар илимий иштер, окуу-методикалык эмгектер иштелип чыккан. Мына ушул илимий-методикалык эмгектерге таянуу менен изилдөөбүздө Алыкул Осмоновдун «Ким болду экен?» поэмасындагы башкы каармандардын инсандык сапаттары аркылуу окуучуларда мыкты сапаттарды калыптандыруунун графикалык стратегия аркылуу ишке ашырдык.

Ар кандай поэманы баштоодо Алыкул Осмоновго таандык бир өзгөчөлүк бар. Ал өзгөчөлүк окуяны өнүктүрүү үчүн акын кайталангыс, таамай лирикалык чегинүү жасайт. «Ким болду экен?» поэмасы тоо алдындагы керемет бир кыштактын кайталангыс келбетин сүрөттөө менен башталат.

Андан ары ошол Кайынды айылындагы «Көк Бел» колхозунда турган эки киши мүнөздөлөт. Аларды сүрөттөөдө да автор көп сөз коротпойт. Поэманын 2-3 саптарында алардын мүнөзүнүн негизги жетектөөчү жактары көрсөтүлүп, бирок айрым кишилер ал экөөн туура баалабай жүргөнү психологиялык жагынан таамай айтылат. Окуучулардын көңүлүн буруучу башкы нерсе дал ушул эки мүнөз. Жаш окурмандардын баамчылдары

поэманын 2-3 саптарында эки жашка дароо көңүл бөлөт. Себеби ал мүнөздөрдү акын жумшак юмордун илебине алган:

Айылда бир жаш бар гүлдөй болгон?
Сыналып бойго жетип, сынга толгон.
Жакшы өңдүү, күлүк аттуу далайларга,
Кашкайып өйдө карап күлбөй койгон.
Аялдар, Сонун атын, кери тергеп–
Аталган Күлбөс делип ошол бойдон

Кичинекей тыным жасалат. Окуучуларга бул саптар кандай рекция бергенин мугалим байкап көрөт. Чоң сүрөткер окурмандын оюн ойготуп, каармандар жөнүндө өзү жыйынтыктап чыгарууга чакырып, мажбур кылат. Жогорку эки строфа балага ошондой реакция бере алабы? Азырынча аны билүү кыйын. Эч кимди карап күлбөгөн Сонун деген кызды жеңелери “кери тергеп, Күлбөс аттанса”, “көп жерден көңүлү калган жеңелери Бактыбекти Барк албас аттанат”. Күлбөс да, Барк албас да– көбүнчө терс образдарга коюлуучу юмордук аттар. Бирок буларды акын ылакаптык аттар катары колдонбогону белгилүү. Бул ысымдарды аларга адегенде жеңелери беришти. Болбосо акындын сүрөттөсү боюнча Сонун– “сыналган сынга толгон, бойго жеткен, буралган жаш кыз. Ал эми Бактыбек “кой оозунан чөп албаган момун” көрүнгөн менен, айылдагы “ардакталган жигиттердин бири”. Жеңелери Сонунду “жакшы өңдүү, кулук атттуулардын” бирине бере коюп, жеңкетай жейм дешсе, Сонун ал жигиттерге карап да, күлбөй койду. Ошондуктан анын Сонун аты Күлбөскө айланды. Дайым Мекендин керегине жараган Бактыбек жеңелеринин көп өтүнүчүн өтөбөй , “көп жерден көнүлүн калтыргандыгы” үчүн Барк албас атыкты. Жок болуп кеткен мындай эски мамилелер жөнүндө окуучуларга түшүнүк берип коюу өңдүү. Далайлардын сынына толгон кыздын колун көп киши сурады, бирок алардын бири да оң жооп ала албады. Барк албас көп катары кызга өз оюн билдирип, “Сен эмес, сельсоветке да жок деп койдум” дегенден башка жооп ала албады. Турмуш

чындыгын дал ошондо берүү өз позициясына калп айтпоо– А.Осмоновдун девизи. Чынында да эч нерсени көрбөгөн айылдык жаш кыз үчүн бу дүйнөдө сельсоветтен ашкан эч ким жоок. Мына ошол сүйлөшүүдөн көп узабай эле согуштун башталышынан кабар берилет:

Ошондон бир жумача мезгил өтпөй,
Дүр эткен, зор Ата Журт күйгөн өрттөй,
Толкуган жер көтөргүс ыза менен
Кеч күздө долуланган Ысык-Көлдөй.

Бириндей– Барк албас да жоону көздөй -биринчи куплеттеги "сүрөттөлөр эки функцияны аткарып жатат. Биринчиден, ал өзүнүн түз маанисин–согуштун башталганын билдирсе, экинчиден, кыздын жаакка жеген Барк албастын ызасын, психологиялык абалын да элестетет. Ал да эчтеке эмес, аны узатып жатышкандардын (айткандарына) кандай терең сыры бар?".

Акын Баркалбас жүргөн согуш майданын өтө кыска сүрөттөйт. Бүт совет элиндей эле жоокерлерге көк белдиктер да да белек жөнөтүшот. Бул иштен Күлбөс кыз да четте калбайт. Ал өз белегине кошуп, "баатырдын баатыры алсын" деген жазуусу бар кол жоолук да жиберет. Согушта көрсөткөн эрдиги үчун орден менен бирге ал белекти генерал Панфиловдун өзү Барк албаска тапшырат. Белгисиз кыздан белек алганына Барк албаска тапшырат. Белгисиз кыздан белек алганына Барк албас таң калат. Анткени белек жиберген кыз өз айлынан экен, бирок ал Асанов Сонун деген кызды билчү эмес. Жигиттин башынан бул ким болдуэкен деген суроо кетпей коойду. Эмнеси болсо да белек жиберген кызга ышкысы түшүп калганын, ага бараарын билдирип, кат жазат. Бактыбектин каты Сонун ойлогонундаай болуп чыкты. Айрыкча, каттагы: "Мен барам, күткүн секет" деген сөздү көзү тойбой миң кайталап окуду. Бактыбек! Кыз кулагына жакын, жакшы угулган ат. Бирок бул кайсы жигит? Бул суроо кыздын да тынчын ала берди.

Мугалим акындын сюжет куруу чеберчилигине, чыгарманын композициясына окуучулардын көңүлун бурат. Поэмада автор бирде

кызылча талаасындагы эмгекти көрсөтсө, бирде окурманды согуш майданына алып барып таштайт. Бирок эң майда деталдар, штрихтер бир-эки ооз сөз менен өтө кыска берилет. Мисалы, Бактыбектин катын почточу алып келген убакты.

Күлбөс кыз эч нерседен кабары жок,

Бир күнү эң кеч кайткан кызылча отоп

деп жазат автор. Ырдын экинчи сабы согуш убагындагы тылдагы бүтүн бир картинаны, бүтүн бир турмушту берип тургансыйт. Ушундан кийин акын окурмандын көңүлүн кайрадан согуш майданына бурат:

Ошентип бир жарым жыл өттү арадан,

Кылымдын кийген кийми дагы эле кан.

Согуштун өлүк жегич элестери,

Түшө элек, таш дөңгөлөк арабадан...

Биз тарап далай чоочун дарбаза ачып,

Варшава, Будапештке барып калган. Канчалык эсте каларлык, элес айтылып, канчалык эмгек, изден менен жазылган саптар: "Кылым дагы эле кан кийинген", кандуу согуш бүтө элек. Бирок душман баягыдай эле эмес, биз тарап далай чоочун дарбазаларды ачып, Варшава, Булдапештерге барып калган [163,265].

Согуштун согуш деген аты катуу

Кайгылуу, коркунучтуу, жаман атттуу

Белгилүү, эки түрлүү тагдыры бар:

Окко учуп, жер кучактап өлүп жатуу.

Же сөзсүз алты сандын бирин берип,

Түк жанбас ачуу менен кайра кайтуу. Бактыбектин тагдырына экинчи жол туура келди. Ал төртүнчү ирет жараланып, буту акчап, бир колунан ажырап, түк жанбас ачуу менен туурган жерге кайтты:

Кышкы убак, ак куу түстүү жердин үстү,

Үйүнө эл жатарда келип түштү. “Бул пейзаждык көрүнүш далай жылдар кан кечип жүрүп үйүнө келе жаткан жоокердин көңүл жайына куп келет”. Мындан кийин да кыштын күнкү кыргыз айлынын укмуштуу өзгөчөлүгүн көрсөткөн дагы бир лирикалык чегинүү бар. Айыл абасы, кыргыз тамагы Бактыбектин дартына дабаа, илдетине шыпаа болуп, жарааты тез эле айыга баштады. Эми белек алган кызды издеп табуу керек. Эле. Анын дарегин билиш үчүн Күлбөс кызга жөнөйт. Төрдө кош жаздыкта чыканактап, баягы бизге тааныш “кызыл бет сельсоветтин секретары” жатат. Кыргыз мүнөзүнө ылайык меймандостук менен Күлбөс  кыз жылуу-жумшак кабыл алат. Ал эми секретарь болсо кытмыр карап, көрмөмүшкө салып, өйдө турбай: “Ээ, баатыр жол болсун,–деп кош көңүл бирдемени сурамыш болот. Бирок кыз-жигит акыры бир-бирин түшүнүшөт:

“Бактыбек өз атым, – деп күлүмсүрөйт, –
Барк албас келиндердин койгон аты”
Анда кыз: “Ак бозорот, кызыл оңот”,
Бир гана жаштык үмүт бекем болот.
Мен Сонун! Күлбөс дешип эл аташат,
Ойнотсун! Адил заман бактыга ороп....”

Акындын «Ким болду экен?» поэмасындагы Сонун менен Бактыбек мурда согушка чейин коюу чаңдан бөлүнүп чыгып көрүнө албаган өтө эле «жөнөкөй» адамдар болгон. Айыл-ападагылар атүгүл ал экөөнүн аттарынан айтпай, бирин, күлбөгөн мүнөзүнө байланыштуу Күлбөс деп, экинчисин кой оозунан чөп албаган момундугуна байланыштуу Баркалбас деп атап, өз аттары унутулуп да кеткен. Ошол көзгө илинбеген Баркалбас Күлбөстү жактырып, сөз айтканда сунушун какшык сөз менен четке какканы да бар. Бирок Баркалбас жана Күлбөс кыз да өтө жөнөкөй болгондору менен колунан кара эмгектин бардык түрү келген тайманбаган, эмгекчил жаштар болушкандыгы белгилүү. Ал экөөнүн мүнөзүндөгү бул бийик касиеттер

Баркалбастын фронттогу жасаган эрдигинен, Күлбөс кыздын тылдагы тынбаган эмгеги менен далилденди.

Согуш майданында Ата Мекенди коргоо үчүн көрсөткөн эрдиги Баркалбастын жетпей жүргөн сүйүүсүнө жеткирди. Согушка кеткен Баркалбас адам суктана турган эрдиктерди жасоого чейин үлгүрдү, тылдагы Күлбөс күжүрмөн эмгеги менен майданга мыкты жардам бере алды[19,177].

Алыкул Осмоновдун поэмаларындагы каармандардын адамгерчилиги алардын үлгү сапаттары терең анализге алып, окуучуларга жеткирүү максатында башкы каармандардын адамдык мыкты сапаттарын окутуунун технологиялары аркылуу талдап көрсөтөлү.

Ал эми сабактын бышыктоо бөлүгүндө «Үч бөлүктүү күндөлүк» усулун колдонсок болот.Мында окуучулар маалыматты терең өздөштүрүп, талкуулайт, өз көз карашы боюнча рефлекция жасай алышат. Ошону менен катар «Үч бөлүктүү күндөлүк» усулунун «Мугалимге кат» суроолор бөлүгүндө сабакта тартынып отурган окуучулар мугалимге суроо бере алышат.Ошентип сабакка активдүү катышкан окуучулардын саны өсөт [116,84].

**Таблица 3.2.3.– «Үч бөлүктүү күндөлүк»**

| **Цитата** | **Комментарий** | **«Мугалимге кат» -суроолор** |
|---|---|---|
| Айылда бир жаш кыз бар гүлдөй болгон. Сыналып бойго жетип, сынга толгон. Жакшы өңдүү, күлүк аттуу далайларга Кашкайып өйдө карап күлбөй койгон | «Ким болду экен?» поэмасындагы башкы Сонун кыз жөнүндө сөз болуп жатат.Айылда эч кимге билинбеген, бирөөгө карап күлүп сүйлөбөгөн болгон кыз болгон үчүн Сонун аты калып, Күлбөс аталып кеткен.Кызга кырк үйдөн тыюу дегендей, шаңкылдап, каткыра күлүп сүйлөбөгөн, айылдын ар бир тургунун сөзүн мыйзам деп билген ыймандуу, тартуу кыз жөнүндө сөз болуп жатат. | «Кызга кырк үйдөн тыюу» деген макалдын чечмелеп бериңиз? |
| Жана да Бактыбек деп ардакталган,<br>Момун бар, кой оозунан чөп | Айылда жеңелери эмес айылдагылары да барк албаган Бактыбек аты калып, | Баркалбас, Күлбөс кыз жашаган айыл чыгармада кандай |

| | | |
|---|---|---|
| албаган,<br>Көп жерден көңүлү калган жеңелери:<br>«И байкуш барк албас»... деп шылдыңдаган. | Баркалбас атка конгон жигит жөнүндө сөз болуп жатат. | сүрөттөлөт? |
| Жоолуктун жазуусу бар, саймасы алтын,<br>Кармаса колго кубат, бетке салкын:<br>«Суранам: менин ушул сыйлыгымды<br>Баатырдын чын азамат баатыры алсын,<br>Эгерде жүрөгүнө ылайык келсе,<br>Болочок өмүр оту бирге жансын»... | Согушта Күлбөс кыз тылда иштеп, фронтогу жоокерлерге сүрсүгөн эт, бал, сарымай, жана да сонун жибек жоолук салат. | Күлбөс кыз тылда эмгектенип жүрүп кандай жактарга өзгөрдү? |
| Штабда бир зарыл иш талкууланып,<br>Ал бүтүп, эр генерал ээн калып,<br>Көзүнөн жаш чыкканча жыргап күлгөн,<br>Панфилов жоолукту улам эстеп алып...<br>Чакырткан Осмонбеков тез келсин деп,<br>Ошого кыз жоолугу ылайыкталып. | Айылда Бактыбек аты Баркалбаска айланган кой оозунан чөп албаган, жоош Бактыбек Осмонбеков жөнүндө сөз болуп жатат. Анын душмандарды кыйратууда чоң эрдик көрсөткөндүгү үчүн тагдырдын жазмышы Күлбөс кыздын саймалуу жоолугу генерал тарабынан Баркалбаска тиет. | Баркалбас согуштан кандай абалда кайтат? |

Дагы бир белгилөөчү нерсе, сабактын жыйынтыктоочу бөлүгүндө окуучулардын алган чыгармачылык ойлоосун текшерүү максатында концептуалдык таблица сунушталса да болот.

Поэмадагы каармандардын инсандык баалуу сапаттарын концептуалдык карта ыкмасы сыяктуу 2-таблицада көрсөтүлгөндөй концептуалдык таблица аркылуу берсек да болот. Концептуалдык таблицаны түзгөндө маалыматтар канчалык көп болсо, мугалимдин аракети ошончолук натыйжалуу болот. Мугалим окуучуларга ар бир каармандардын үлгү сапаттарын талдап, андан кийин кандай мыкты сапаттарга тарбиялана тургандыгын таблицанын 4-бөлүгүндө көрсөтөт. Окуучулар мугалимдин жардамы менен концептуалдык таблицага материалдарды жөн гана жазып койбостон өзүлөрүнүн концепциясына (негизги түшүнүктөрүнө) ылайыктап түзүшөт. Жыйынтыгында окуучулар поэманын окуясы, сюжети менен гана

чектелип калбастан, ар бир каармандын мүнөзүн терең түшүнүп, мыкты сапаттарга тарбияланышат.

**Таблица 3.2.4.–Концептуалдык таблица**

| **Чыгармалары** | **Каармандары** | **Үлгү сапаттары** | **Кандай сапаттарга тарбиялайт** |
|---|---|---|---|
| «Ким болду экен?» поэмасы | Баркалбас | Мекенчилдиги, кайраттуулугу, өз кызыкчылыгынан да мекенге болгон сүйүүнү жогору коюусу, | Мекенди сүйүүгө, кайраттуулукка, боорукердикке, аскердик милдетти жогору коюуга, сүйүүнү баалаганга |
| | Күлбөс кыз | Жөнөкөй, акылдуу, оор басырыктуу, эмгекчил, адамгерчиликтүү | Эмгекти сүйүүгө, эмгекчилдикке, сүйүүнү баалоого, убадага бек турганга тынчтыкты баалоого тарбиялайт |

Мындай концептуалдык таблица сабакта окуучуларга иштетүү аркылуу алардын сабактагы жоопкерчилигин жогорулатуу, келечектеги инсандын ар тараптуу жөндөмдүүлүгүн жана ички таза жан дүйнөсүн калыптандыруу, өз позициясын жактай жана аргументтештире билүүсүнө көнүктүктүрүү, ар бир инсандын асылзаадалыгын тааный, баалай жана сыйлай билүүгө үйрөнө алат.

Мектептерде сабак өтүүдө дал ушундай окутуунун технологиялары менен айкалыштырып окуу сунушталса, окуучулар сабакта поэманын текстти менен тааныш болуу менен гана чектелбестен, каармандарын сапаттарын талдай алышат. Бул аркылуу мугалим сабакта окуучуларда инсан болуп жетилүүсүндөгү адамгерчилик, ыймандуулук, боорукердик сыяктуу мыкты мүнөздүк сапаттарды калыптандырат.

«Ким болду экен?» поэмасындагы акындын чеберчилигин, каармандарга мүнөздөмө берип талдоо, чыгарманын идеясын ачып берүүдө колдонулган окутуунун технологияларынын күтүлүүчү натыйжалары:

-поэманын сюжеттик элементтерин сактап, логикалык жактан ыраттуу айтып бергенге үйрөнүшөт;

- оозеки чыгармачыл тапкычтыкка калыптанышат;

-ар бир окуучунун ой-пикири баалуу экендигине ынанышат;

-поэманын сюжетинин негизинде проблемалуу суроолоорду түзүп, ага оозеки жооп бергенге үйрөнүшөт;

-поэманын идеялык-мазмуну аркылуу чечкиндүүлүккө, патриоттуулукка, эмгекчилдикке тарбияланышат.

-Поэмадагы каармандар аркылуу окуучулардагы инсандык мыкты сапаттарды калыптандыруу.

«Ким болду экен?» поэмасындагы башкы каармандардын үлгү сапаттарына анализ жүргүзүлүп, каармандар камтыган инсандык сапаттар талданып, анын маани-маңызы ачылды. «Ким болду экен?» поэмасынын каармандарынын инсандык үлгү сапаттары аркылуу окутуунун теориялык-методикалык моделин иштеп чыгуу, аларды практикада колдонуу, тажрыйбада сунуштоо жыйынтыктары берилди.

### «Өлүп тирилгендер» поэмасынын тексттин талдоо, түшүндүрүү технологиялары

9-класстын бир жылдык окуу планында кыргыз адабияты сабагында 102 саат бөлүнгөн. Анын 7 сааты А.Осмоновдун өмүрү чыгармачылыгы, лирикалары, поэмаларына тиешелүү. Өзгөчө тарбиялык мааниге ээ болгон акындын поэмаларын мектеп окуучуларына окутуу менен алардын ички жан дүйнөсүндөгү гумандуулук, ички жамааттык сезимдерин ойготууну мугалимдин педагогикалык чеберчилигине жараша ар бир мугалим окутуунун ар кандай усулдарын колдонуу менен ишке ашыра алат. Окуучунун ички жан дүйнөсүндөгү гумандуулук, ички жамааттык сезимдерди ойготуу жана аны калыптандыруу үчүн ар бир өтүлгөн адабият сабагы жогорку деңгээлде уюштурулушу керек. Анткени окуучулардын ички жамааттык сезимдерин калыптандыруу, өнүктүрүү аларды келечекте мыкты инсан болушуна өбөлгө түзө алат. Сабак окуу ишин уюштуруунун негизги формасы жана мугалимдин жетекчилигинде белгилүү бир программага ылайык билим жана тарбия берүү. Ошол эле мезгилде мугалимдердин жана окуучулардын туруктуу курамы системалуу түрдө белгилүү бир убакыттын

ичинде окутуунун, тарбиялоонун жана окуучуларды өнүктүрүүнүн милдеттерин чечүүгө багытталган ишмердиктерин уюштуруунун формасы болуп саналат. Мындай натыйжаларга жетүү үчүн бир топ ыкмалар менен иштөөнү сунуштайбыз. Өз позициябызды далилдөө үчүн акындын «Өлүп тирилгендер» поэмасынын идеялык-тематикалык, көркөм-поэтикалык, жашоо, өмүр, тагдыр маселелерин ачып берүүнүн натыйжалуу усул-ыкмаларын сунуш кылалы [99, 5].

Акындын «Өлүп тирилгендер» поэмасы согуш темасын чагылдыруу менен пенде идеясын дагы башка жаны планда ача алган. Ошондой эле акын «Өлүп тирилгендер» поэмасы аркылуу трагедияны жениш-утушка буруп кетет. Окуучулар менен чыгарманы кабыл алуу процессинде биринчи кезекте түшүндүрүп берүүчү жагдай бул поэманы темасы «Өлүп тирилгендер» деп аталып жаткандыгында. С.Рысбаевдин «Кыргыз тили жана адабияты мугалимине 100 кеңеш» деген эмгегинде тексттин атын талдап түшүнүү боюнча бир катар натыйжалуу ыкмаларды сунуштагани [144,67]. Мугалим класска өтүлө турган теманы А.Осмоновдун «Өлүп тирилгендер» деп жарыялагандан соң болжолдуу түрдө окуучулардын көпчүлүгүндө психологиялык, философиялык барьер кездешет. Окуучуларда кездешкен барьер бул-поэманын аты. Окуучулар бул нерсени таң калуу жана кызыгуу менен кабылдайт. Демек, мугалим алгач окуучуларга түшүндүрүүчү нерсе – поэманын атын тээ төркүнүнөн эң кичине деталынан түшүндүрүп берүү. Окуучуларга поэманын атын талдап, түшүндүрүп бергенде да гана поэманын мазмуну, тематикасы ачылат. Мугалим окуучуларга поэманы өтөөрдөн мурун поэманын эмне үчүн ушундай аталып жатканына токтолуп, сабактын киришүү бөлүмүндө төмөндөгүдөй ыкмаларды колдонсо болот. Алгач мугалим класска суроо салат. «кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн поэманын аталышы «Өлүп тирилгендер», «поэманын мындай аталышы эмнеден кабар берип турат?». Ош шаарындагы №52 Кыргыз-түрк достугу мектеп-лицейи, Жалал-Абад областындагы Базар-Коргон районундагы Ж.Бөкөнбаев жатак-

гимназиясы, Кара-Суу районундагы №130 Шабы Жумаев, Өзгөн районундагы №26 Полот Жолдошов атындагы орто мектептеринде жүргүзүлгөн эксперименталдык изилдөөбүздө окуучулар төмөндөгүдөй варианттарды айтышты.

Окуучулардын варианттары

-катуу оорудан улам айыккан адамдар болушу мүмкүн;

-элде поэмадагы каармандар жөнүндө «өлдү» деген жалган маалымат таркап кетиши;

-чыгармадагы каармандар мекенди коргоо үчүн согушка кетип, алардан узак убакыт кабар келбей, кийинчирээк «өлдү» деген кабар келет;

-дарыгерлер жөнүндө.

Класста поэма тууралуу маалыматы бар окуучулар да болуп, туура жоопторду да бере алды. Мугалим үчүн кийинки кадам поэма боюнча маалымат айтып өтүү. Бул поэмада Султангазы, Жумадыл, Калдаӊ аттуу каармандар «өлүп тирилет». Бул албетте, тике мааниде эмес, өтмө мааниде айтылып жаткандыгын түшүндүрүү керек. Акын өзүнүн чеберчилиги менен поэманы эч кимдин оюна келбей турган жана уккан адам ойлоно жана кызыга турган темада «Өлүп тирилгендер» деп атагандыгында.

Поэмадагы каармандар мекенди коргоо үчүн согушка кетип, алардан узак убакыт кабар келбей, кийинчирээк «өлдү» деген кабар келет. Ал учурда чынында ушундай болгон себеби согушта ок тийип, катуу жарат алып, же болбосо душмандар тарабынан туткунга түшкөндөрдөн кабар келбей калган. Такыр дайыны жок болуп, «өлдү» деген кабар келип, согуш бүтүп, заман жакшыра баштаганда алар келишкен. Поэмада өмүр, өлүм, тагдыр философиясынын идеялык өзгөчөлүгүн окуучуларга жеткирүү керек. Ошондо гана поэманын темасы ачылып, окуучуларга түшүнүктүү боло баштайт. А.Осмонов акындык жогорку чеберчилик менен согуш бүтүп, бирок согушта аман калып, кайткан жоокерлердин тагдыры жөнүндө адабиятта учурабаган өзгөчө мазмунда мыкты поэма жарата алган [9,417].

Согуш темасындагы поэмаларды окутуудан мурда мугалим бул багыттагы тарых, адабият таануу боюнча китептер, документалдуу фактылар менен терең тааныш болушу да шарт. Бул боюнча окумуштуу-методист Ж.А.Эшиев «Мектептерде поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери» аттуу монографиясында токтолуп өткөн [174,45]. Поэма менен таанышуу алдында окуучулар билүүчү документалдуу фактылар. Биринчиси, Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө маалымат. Экинчиси, мекенди коргоо үчүн согушка кетип, узак убакыт кабар келбей, кийинчирээк «өлдү» деген жаңылыштык кабар келип, бирок алар белгилүү убакыттан кийин өз мекендерине кайткан жоокерлер жөнүндө тарыхый фактылар. Чындыгында согушта ок тийип, катуу жарат алган айрым жоокерлер тууралуу кабар жок болгон. Такыр дайыны жок болуп, «өлдү» деген кабар келип, согуш бүтүп, заман жакшыра баштаганда алар келишкен. Ал эми акын поэмадагы мына ушундай адамдардын өлүп тирилгенден кийинки жашоосундагы сүртүмдөрдү баяндаган.

Ошондой эле Б.Алымовдун 9-класстын кыргыз адабиятында «суроолор жана тапшырмалар» бөлүгүндө берилген суроолорго жана тапшырмаларга биздин жогоруда аты аталган мектептерде жүргүзүлгөн эксперименталдык изилдөөбүздө поэма менен тааныш болгондон кийин дагы окуучуларда ыр саптарынын маанисин чечмелөөдө кыйынчылыктар жаралды. Демек окуучу чыгарманын мазмунун терең түшүнгөндө гана андагы идеяны аңдап түшүнө алат. Бул натыйжаларга жетүү үчүн поэманын мазмунун ачып берүүдө текстти талдоо ыкмалары иштөө зарылчылыгы жаралып жатат [19,177].

Чыгарманын тексттин талдоодо улам окуучулар үчүн түшүнүксүз сөздөр, сөз айкаштары, салыштыруулар айкын түшүнүктүү болот. Ошону менен бирге ар бир сапты тааныштырып бүткөн соң окуучуларга суроо-жооп, дискуссия уюштуруп түшүндүрүп баруу окутууда жогорку эффективдүүлүгүн берет. Окуучуларга поэмадагы согуштан «өлдү» деген

кабар келип, же болбосо айылдагы айрым каңырыш кеп-сөз, имиш-имиштер «өлдү» деген кабардын таркап кетиши. Бирок согуш бүткөн соң кайтып келген Султангазы, Жумадил, Калдаңдардын өлүп тирилгенден кийинки жашоолору алар үчүн кандай баалуу болду, өлүп тирилгенге татыктуу жашообу ошол жөнүндөда ой жүгүртүшөт.

..... Арадан бир жылча убак өтүп кетти,
Кыш бүтүп колхоз баба үрөн септи.
Аялың Жаркынгүлдүн оюу өзгөрүп,
Жүрөгүн бузуктуктун дарты тепти.
Бир кемге (орто арыктык) тийип алып,
Бозортуп ата-энеңди жер тиктетти.
.... Сукентай ыйлай албай, же күлө албай,
Эми араң бүлө сырын аңдагандай,
Себепсиз «өлүп кайра тирилгенин»,
Өзүнчө ойлоп алып, таң калгандай....
Күч берип адил заман касиети,
Көзүнө элес келет алда кандай. -деген саптар аркылуу Султангазынын келген учурдагы абалын токтолуп өтүү керек.

Ушул ыр саптарынан соң окуучулар менен төмөнкүдөй суроолордун айланасында дискуссия өткөрүү туура болот.

1.Эмне үчүн Султангазынын аялы турмушка чыгып кетти?

2.Султангазыннын аялы сыяктуу согушка кеткен жубайын күтпөй турмушка чыгып кеткен окуяны баяндаган кандай чыгармаларды билесиңер?

3.Тексттеги «Себепсиз «өлүп кайра тирилгенин»«, «Көзүнө элес келет алда кандай» деген ыр саптары поэманын «Өлүп тирилгендер» деп аталышын чечмелеп бере алдыбы?

Текстти андан ары талдоону улантабыз. Окуучулар поэмада мындан ары кандай окуялар, болушу жана «өлдү» деген кабар келип бирок тирүү кайтып келген жоокерлердин алдыда эмнелер күтүп жатканына кызыга

башташат. Текстти талдоодо  окуучулар поэмадагы каармандарды жана алардын жашоосун элестете ала турган деңгээлде талдообуз абзел.

Кийинки ыр саптары менен  тааныш болгондон соң окуучулар согуш бүткөндөн кийин деле анын запкысы көп адамдарды азапка салганын түшүнүшөт. Согушту жек көрүшөт.Тынч жашоону кадырлай башташат.

Колхоздун ортон колдой ири активи,
Атагы район билген Жумадилди,
Достору туугандары, курбулары,
Жоктошту: «Жигит эле бирдин-бири».
Себеби: кара кийген кара кабар,
Үйлөрдү тырс кагып ачып кирди.
Ал мындай: звеновой Зыннат деген
Пунткитке эгин ташып барган экен...
Жарадар бар азамат Өрүктүлүк
Жолугуп амандашып ошол жерден:
-Жумадил госпиталда бир жыл жатып
Айрылып кала берди бул дүйнөдөн. Бул ыр саптарын талдоо учурунда көңүл бурулуучу нерсе–дагы бир каармандын жашоосу  жөнүндө жана ал да Султангазы сыяктуу себепсиз өлүп тирилгенине таң калабы же аны кубанычтуу өзү каалаган жашоо күтүп жатабы окуучуларда поэмада андан ары кандай өнүгүшүнө кызыгуу пайда боло баштайт. Андан аркы саптарда согуш талаасында «өлдү» деген кабар келип, тирүү кайтып келген каармандардын жашоосу окуучуларга элестей баштайт.

Акындын «Өлүп тирилгендер» поэмасындагы каармандар Султангазы, Жумадил, Калдаңдардын жашоосунун экинчи учурун түшүндүрүү абзел. Ошондо гана окуучулар чыгарманын идеялык-тематикалык мазмунун түшүнүнө алышат. Айрыкча анык эмес «өлдү» деген кабар келгенден кийин айылына аман-эсен кайтып келген Жумадилди жүрөгү өрттөнөт. Башкача айтканда жесир калды эептелген аялын Жумадилдин инисине мажбур алып

берип коюшат. Иниси Асанкелдинин агамдын аялын албай деген оюна эскичиликтин салтын улаган туугандары каршы чыгып, канчалаган тоскоолдук көрсөтсө да алып берген. Ушул жерде мугалим окуучуларга түшүндүрүү эркин жүрүүсү керек. Анткени адат боюнча тыюу салынган никенин түрү өлгөн агасынын же инисинин келинине үйлөнүү. Бул нерсеге кыз ала качууга кандай тыюу салынса, ошондой тыюу салынуу жөнүндө пикирлер айтылып келүүдө. Бул тууралуу Д.Т.Молдокулованын «Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты» (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы) эмгегинде мындай берилген «Адат боюнча тыюу салынган никенин дагы бир түрү–кайын агасынын келинине үйлөнүүсү. Кыргыздарда кайын аганын жесир калган келинине бир тууган инисинин аялына үйлөнүүсүнө тыюу салынган. Бирок, чогултулган этнографиялык маалыматтарга таянсак, чыныгы турмушта никенин мындай түрү өкүм сүргөн. Алсак, информаторлор «кайнага келинди алуу адатта жок, бирок турмушта көп кездешкен» деп билдирүү менен, көптөгөн мисалдарды келтиришти. Мисалы, Жети-Өгүз районунун Боз-Бешик айылынын тургуну Өскөнбаев Карып бир тууган иниси каза болгондон кийин келинине үйлөнгөн. Мындай мисалдарды башка аймактардан да табууга болот»«. Дээрлик бир кылым мурун мындай учурлар болгон жана азыркы учурда бул нерсе тыюу салынганын айта кетүүбүз зарыл. Поэмада «Атасы жана бир топ карыялар, баш кошуп мына мындай ойго түштү», «Ак тамы, килем-төшөк дүнүйөсү, Жукендин бузулбасын мал чарбасы», «Таштабай бабалардын жол-жобосун», «Иниси Жумадилдин Асанкелди, эскиче женесине күйөө болсун»... [105,34].

Демек бул саптарды окуп чыгып, айыл аксакалдары жана туугандары тул калган аялды жана жетим балдарды алыска кетпесин, жат бирөөгө кор кылбастык, көз алдыбызда чоңойсун, туугандарынын жарыгы, көлөкөсү тийсин деген ойдо кармашкан. Бирок азыркы учурда мындай түшүнүктөр такыр эскирип, эч ким кабыл кылбасын түшүндүрүү зарыл.

Согушта ар кандай кыйынчылыктарга чыдап мекенди коргогон Султангазы, Жумадил, Калдаңдардын жашоосунун өлүп тирилгендеги экинчи доордогу жашоосу өз-өзүнчө карап окуучуларга жеткирүү.

«Биринчи: Султангазы жакшы ой тапты, Курс окуп кышты-кыштап, жазды-жаздап», «Үйрөнүп комбайнды эң эле бат»,Экинчи: Жумадилдин алын билсек, Колхозго жаны менен жанып иштеп», «Шайлоодо депутаттык даңкын алды, Кыргыздын Жогорку Улуу Советине». Үчүнчү:Калдаң аба жайы мындай, Нан тиштеп, жегени май, ичкени чай...», «Жайлоолоп жарпын жазды дал ушундай, Бакыбат, күч-кубаттуу жашап жатат» [6,56]. Согушта кат үзүлүп, «өлдү» деген кабар келип, убакыт өтүп алардын дайыны чыгып, айылдарына келсе алардын оюндагыдай жакшы жашоо күткөн жок.Бирок убакыт өтүп, «убакыт бардык нерсеге дары» болгондой Султангазы менен Жумадилдин согушта көрсөткөн эрдиктери даңкталып, эл оозуна алынып, жакшы жумуштарда иштеп калат. Мына ошону менен катар окуучуларга кыргыз жоокерлери жеңилбес экендигин көрсөтүшүбүз керек. Поэмадагы бул саптарды талдоо аркылуу окуучуларды эч качан үмүтсүздүккө түшпөштү, чыдамдуу, сабырдуу болууга тарбиялай алабыз.

### 3.3.Алыкул Осмоновдун «Жеңишбек», «Майдын түнү», «Махабат» поэмаларын педагогикалык жактан интерпретациялоо («педагогикалык баяндоо», «педагогикалык талдоо») технологиялары

Алыкул Осмоновдун поэмалары окуучуга эмоционалдык жактан чоң таасир берип, аларды өмүр жана жашоо-турмуштун миң кырлуу көйгөйлүү жана кубанычтуу жагын көрсөтүп терең ойго салган чыгармалардан экендиги белгилүү. Ошолордун бири–«Жеңишбек» поэмасы. Алыкул Осмоновдун жалпы акындык өнөрүнүн да, жеке дастанчылык өнөрүнүн да барып жеткен чокусу «Жеңишбек» поэмасынын жарыкка чыгышы болуп эсептелинет. Акындын башка поэмаларына салыштырганда «Жеңишбектин» сюжети эң эле жөнөкөй. «Жеңишбек» поэмасы жеке акындын гана эмес кыргыз элинин зор табылгасы, поэзиясы дегенге негиз бар.

Акындын «Жеңишбек» поэмасы орто мектепте 10-класста окутулат. Окуу китебинде поэма жөнүндө кара сөз түрүндө гана баяндама берилген. Окуучулар поэманын текстти менен толук тааныш болушу үчүн мугалим чыгарманы өтүп жатканда окуу китебинен сырткары сөзсүз түрдө интернет булактарынан жана хрестоматия колдонсо болот. Андан сырткары поэманы өтөөрдөн мурун мугалим эң алгач окуучуларга поэманын башкы сабы:

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу мындай жолдош күткөн жокмун [158, 4].

–ушул саптар менен баштап андан соң окуучуларга кайрылып, бул акындын кайсы чыгармасы деген суроо салуу менен бирге бул ыр саптары баарыбызга белгилүү болгондой акындын сүрөтү түшүрүлгөн 200 сомунун арткы 2-бетинде келтирилген. Бирок биздин эксперименталдык мектептерде көрсөткөндөй поэма менен тааныш болгонго чейин бул саптарды көпчүлүк акындын Ысык-Көл жөнүндө жазган «Ысык-Көл», «Ысык-Көл–Нева суунун сүйгөн», «Кыргыз көлү», «Ысык-Көлдө төрт мезгил» ж.б. ырларын үзүндү деген ойлорун билдиришти. Баарыбызга белгилүү болгондой акын Ысык-Көл жөнүндө көптөгөн ырларды жазган. Ошол сыяктуу окуучулар акындын кереметтүү Ысык-Көл жөнүндө бир катар ырларын мисал келтиришти. Аны менен катар «Жеңишбек» поэмасынан үзүндү деп туура тапкан окуучулар да болду.

Мугалим жогорудагы саптар менен башталган А.Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасы экенин айтат. Андан кийин өтүлө турган тема А.Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасы экенин мугалим жарыялагандан соң, окуучулардын алгачкы билимине таянуу менен суроолорду берет. Дагы бир белгилей кетчү нерсе согуш тууралуу поэмаларды окутуудан мурда мугалим бул багыттагы тарых, адабият таануу багытындагы китептер менен терең тааныш болуусу зарыл.

Окуучуларга суроолор жана алардын жооптору болжолдуу түрдө төмөндөгүдөй болушу мүмкүн.

**Мугалим:** Улуу Ата Мекендик согуш кайсы жылдары болгон?

**Окуучулар:** 1941-1945-жылдары.

**Мугалим:** Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө дагы эмнелерди билесиңер?

**Окуучулар:** Согуш фашисттик Германиянын тынч жаткан СССРге кол салуусу менен башталып, СССРдин курамындагы өлкөлөр ошону менен катар кыргыз элинин жоокерлери да согушка Мекенди душмандардан коргоо үчүн жан аябай катышканын айтат.

**Мугалим:** Улуу Ата Мекендик согуш качан бүткөн жана ал күн азыркы күндө кандай белгиленип келет?

**Окуучулар:** Улуу Ата Мекендик согуш фашисттик Германиянын жеңилүүсү менен 1945-жылы 9-майда бүткөн. Азыркы күндө 9-май "Жеңиш күнү" деп белгиленип келет.

**Мугалим: «Жеңишбек» поэмасы** кандуу согушта жалгыз уулу Жеңишбектен ажыраган Миңбай аттуу карыянын күйүттүү абалы, өксүк арманын баяндайт. Ал баласынын курман болгону тууралуу «кара кагазга» ынанбайт, уулу өлдү деген кабарга моюн сунгусу келбейт, жалгызын күнү-түнү, ал тургай ар бир ирмемде күтүп, жол карайт.

**«Жеңишбек» поэмасын окутуу процессинде ишке ашырылуучу** окуу ишмердүүлүгү бул-чыгарманы көркөм окуу. Сабактын биринчи этабындагы эң негизги нерсе–мугалимдин ошол поэманы көркөм окуп берүүсү. Ага мугалим жакшылап даярданат. Эгер анын окуганы окуучуларга таасир калтыра албаса, өзүнө тартпаса, ал поэма боюнча айтып берүү эч кандай натыйжа бербейт. Поэманы көркөм окууда башкы нерсе– автордун көңүл жайын , айтайын деген оюн бере билүү. К.С.Станиславский "Чыгарма окурманга жогорку маанай калтырса, андан ары ийгилик башаты көрүнөт"-деп айткандай окуучуларга чыгарма түшүнүктүү болуш үчүн мугалим чыгарманы мыкты денгээлде көркөм

окуп берүүсү зарыл[139,14]. Андыктан поэманы көркөм окуп жатканда, мугалимдин дикциясы, тону, тепми, эмоциясы ырдын тонуна, темпине шайкеш, төп келиши керек. Ошондо гана мугалим поэманын башкы каарманы Миңбай карыянын кыйын абалын, күтүү азабын, атанын баласына болгон сагынычын жана ушул нерселердин баарына согуш күнөөлүү экенин эмоционалдуу, трагедиялуу тондо жеткире алат. Мына ушундай иштерден кийин биз эксперименталдык иштер жүргүзгөн IV класстардын окуучуларында өзгөрүү болду.

Андан сырткары сабакта окуучулар теманы жогорку деңгээлде өздөштүрүү үчүн «Жеңишбек» поэмасынын сюжетин айтуу технологиясы чоң мааниге ээ. Окумуштуу-методист Ж.Эшиевдин «Мектептерде поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери» деген монографиясында сюжетти айтуу технологиясын бир катар эффективдүү жолдорун белгилеген [174, 50].

Анын төмөнкү толуктоо технологиясын колдонууда окуучуларды айтып берүү жөндөмдүлүктөрү мыкты жолго коюлганы байкалды. Бир окуучу поэманын сюжетинин кайсыл бир бөлүгүн айтып берет, айтылбай калган жерин экинчи, үчүнчү окуучу улам толуктап турат. Толуктоо технологиясында дагы бир өзгөчөлүгү автордук сюжет бекем сакталат, кыска убакыттын ичинде окуучулар чыгарманын толук сюжетин айтууга жана түшүнүүгө жетише алышат.

**1-окуучу:** Поэмада Ата Мекенди коргоп, курман болгон жоокер, анын туулуп өскөн эл-жери, жалгыз баласынан айрылып, туяксыз калган ата-эне, алардын үмүтү жана кайгысы баяндалган. «Жеңишбек» поэмасынын ар бир сабында адамдардын Ата-Журтка болгон сүйүүсү, баласы согушка кеткен Миңбай карыянын баланын зарлап күтүүсү баяндалат.

**2-окуучу:** Миңбай уулунун келбей турганын, анын Варшаванын жанында курман болгонун билген. Бирок, куру үмүт жалгыз перзентин илгери үмүт менен күтүүдөн тажабайт. Улам-улам келе берип, көл жээгинде каңырыгы түтөгөн Миңбайдын карааны жүрөк сыздатат.

**3-окуучу:**Чалга айтпайт эне келип, чыны толо ууз кымызды жүргүнчүгө тартуу кылып, уулум неге кечигет деп көз жашын төгөт. Ак үмүт менен көл жээгинде саргая отура берип, куба жүздүү, ак чачтуу эненин ыйык образы көз алдына тартылат. Буларга билгизбей кызы да жол карайт. Бул саптар кимдин болбосун жүлүнүн бошотуп, зээнин кейитет.

**4-окуучу:** Акын Курманбектин образы аркылуу элдин майтарылбас эркин көрсөткөн. Мына менден алтоо кетип, андан экөө гана кайрылып келди, ошондо да бул көзүмдөн жаш тамган жок деп Миңбайга кубат берет. Жетимиштен сексен жашка ооган кезимде уулдуу болдум. Замана керек болсо муну да аскерге алсын, – деп кайрат айтат. Курманбектин сөздөрүнөн кийин Миңбай бир аз чыйрала түшүп, көңүлү көтөрүлөт да, «Курмаке уулуңдун аты Жеңишбек болсун», дейт. «Бүгүн майдын тогузу, болсо болсун» деп сүйүнөт. Наристенин образы символикалуу. Ал Миңбайдын уулу Жеңишбектин образын толуктап, жыйынтыктап турат.

**5-окуучу:** Наристе Курманбектин гана баласы болбостон, барыдан мурда элдин уулу, эл ичинен Миңбайга да бала. Келечекте наристе Жеңишбектин жолун улантмакчы. Эл үчүн ак милдетин актаган эр азаматтын аты өчпөстөн, элдин жүрөгүндө терең сакталат.

Поэманын сюжети, мазмуну өздөштүрүлгөндөн сырткары, чыгармадагы айрым сөздөрдүн маанисин түшүндүрүп берүү да окуучуларга поэманы тереңден түшүнүшүнө жардам бере алат.Аны үчүн төмөндөгүдөй ыкма менен иштөөнү белгилейбиз. Мугалим окуучуларга дептерге жазуудан сырткары таблица түшүрүлгөн А4 көлөмүндөгү кагазды (1-таблица) окуучуларга таркатып берет. Окуучулар мугалимдин жардамы менен сөздөрдү чечмелеп, толтурушат. Биздин эксперименталдык мектептерде мындай түшүнүксүз сөздөр жана сөз айкаштары төмөнкүлөр болду жана аны окуучулар төмөндөгүдөй түшүндүрүштү.

**Таблица 3.3.1.– Түшүнүүгө кыйын болгон сөздөрдү чечмелөө.**

| **Түшүнүүгө кыйын сөздөр** | **Чечмелөө** |
| --- | --- |
| алп | Эң зор, айбаттуу, күчтүү адам. |

| | |
|---|---|
| | Алп элдик эпикалык чыгармаларда баатырлардын туруктуу эпитети жана мифтик каармандардын энчилүү атынын курамында (Чоюн алп, Кутан алп) колдонулат. |
| Пристан | Пристан-деңиздин, көлдүн же дарыянын жээгиндеги кеме токтоп, жүк жүктөө, жүк түшүрүү сыяктуу иштер аткарылуучу жай. |
| Варшава | Биринчи жана экинчи дүйнөлүк согушта Германия аскерлери тарабынан басып алынган. Шаар экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде катуу талкаланган. 1918-жылдан Польша Республикасынын борбору, 1943-1944-жылы Варшава көтөрүлүшүнүн очогу. 1945-жылы январда Советтер жана польшалык аскерлер тарабынан бошотулган. **Варшава**- Польша Республикасынын борбор шаары. |

Окуучунун интеллектуалдык деңгээлин баалоо жана темага жараша акыл операцияларын жүргүзүү компетенциясын текшерүүдө кыргыз адабияты сабактарында тест менен иштөө технологияларын колдонсок болот. Мисалы «Жеңишбек» поэмасын өздөштүрүүнүн жүрүшүндө окуучуларга төмөндөгүдөй бош орундуу толуктоо, окуялардын удаалаштыгын аныктоо, жалпыдан жекени бөлүп алуу максаттарындагы тесттик тапшырмаларды иштетүүгө болот [140,45].

**1.** Ысык-Көл кээде тынч да, ...........,

Толкуса толкунуна ......................

Турмушта канча жолдош ...........,

Бир сырлуу мындай жолдош ............

**(1-сабы-кээде толкун, 2-сабы-тең ортокмун, 3-сабы-күтсөм дагы, 4-сабы-күткөн жокмун)**

**2.** «Жеңишбек» поэмасынын сюжетинин өнүгүшүн, жыйынтыкталышын белгиле?

**а)** Кардуу согушка Миңбай карыянын да уулу кеткен.Согуш аяктап тынчтык күнү орноп, эл көнүлү куунак болуп, көпчүлүк туулуп өскөн жерине кайтып келет. Бирок тилекке каршы станцияда кайткан жоокерлердин арасында Миңбай карыянын баласы кайтпайт.

**б)** Курманбек Миңбайга кайраттуу болушун айтып, уулуң элдин тынчтыгы үчүн курман болду. Мына мен жетимиштен сексен жашка ооган кезимде уулдуу болдум. Замана керек болсо муну да аскерге алсын, – деп кайрат айтат. Курманбектин сөздөрүнөн кийин Миңбай бир аз чыйрала түшүп, көңүлү көтөрүлөт да, «Курмаке уулуңдун аты Жеңишбек болсун», дейт.

в)Уулу кайтпастыгын билсе да куру үмүт менен пристанга келип күтүп-күтүп, уулун келбестигин билген соң, ындыны өчүп, куру үйүнө баргысы келбей курдашы Курманбектикине барат.

**г)** Согуштан кайткан жоокерлер станцияга келип түшөт.Станцияда эл суюлганда кезде Миңбай карыя үзүлбөгөн үмүт менен баласын күткөнү келет.

**(г,а,в,б)**

**3.** Жалпыдан жекени бөлүп алуу максатындагы тесттер

Адамдардын сапаттарынын ичинен «Жеңишбек» поэмасындагы Курманбек карыянын мүнөзү кандай адамдын типтүү сапаты экендигин айырмалап көрсөткүлө?

а) кара мүртөз, таш боор адам

б)эрктүү, сабырдуу адам

в) боорукер, күйүмдүү адам

г) өзүмчүл, кекчил адам

**(б)**

Акындын «Жеңишбек» поэмасындагы адамды эрктүү, кайраттуу болууга чакыруудан сырткары адамдын улуулук, сабырдуулук сапаттарын даңазалаган идеялык тематикасын ачып берүү.Мекендин бейпилдигин сактоого, тынчтыкты сүйүүнү анын кадырына жетүүнү окуучуларга жеткирүүнүн ролун мугалим жогоруда сөз болгон окутуунун технологиялары аркылуу ишке ашыра алат.

**«Майдын түнү» поэмасын окутуудагы окуучулардын изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн калыптандыруучу технологиялар**

Белгилүү адабиятчы А.Садыковдун ою боюнча «Майдын түнү» поэмасын А.Осмонов «Отеллону» которгондон кийин жараткан. Ал мындайча жазат: «Адабият тарыхында кээде тиги же бул теманын колго алынышына башка бир чыгарма түрткү болгон учурлар көп. Ошол сыяктуу эле Шекспир да Осмоновдо жаткан турмуштук запастын козголушуна түрткү берген деп айтууга чыныгы негиздер бар. Алар эки чыгармадагы көтөрүлгөн проблемалардын окшоштугу, поэмада трагедиянын башкы каарманы Оттелонун ысмынын эскерилиши, поэманы жазуу менен трагедияны которуу мезгилдеринин туура келиши» Окуучуларга берилчү алгачкы маалыматтардын бир дал ушул поэманын жазылышына байланыштуу маселелер болууга тийиш» [147,5].

Поэма ушундай кыска пролог менен башталат. Кыскалык, аз эле сөздөр менен чоң ойду камтуу үчүн чон күч, эмгек жумшоо– Алыкул Осмоновдун негизги касиети. Бул сапат анын бүт поэмасына таандык. Акын мына ошол сансыз адам мүнөздөрүнүн ичинен «кызганчаак, аялына жүрөгү тарды» тандап алат. Согуш жок күндөрдөгү элдин жашоо-тиричилиги, улам кийинки урпактарга ата-бабанын улап жатканы жөнүндө узун сабак сөз болчу кайнаган адам турмушу да бир болгону бир строфа ырда берилген.

Жакшы кез... эл-журт түгөл,согуш жок...

О, ал күн, кайра айланып кайтса экен тез!

Баяндын ыгы жок ич тардыгы да, Бүбүштүн жайдары мүнөзү да 3-куплетте андан ары тереңдетилет:

Эмне үчүн? Түшүнө албайм, оюм туман,

Жайдарым, шаракташып көп боз улан.

«Кеңири полотнодогу пейзаждын үстүнө иштеп жаткан художник сыңары Алыкул Осмонов баяндоону акырын жылжытып отуруп, акыркы төр сабында гана контрасттык эки мүнөздү даана түсүнө келтирет».

Турмуштагы бардык нерсенин баасы менен баркы, сымбаты менен сыны, бри экинчисинен айырмасы салыштыруу аркылуу даана көрүнөт.

Жогорку класстын окуучулары согуш темасында жазылган бир нече лирикалык ырлар жана поэмалар менен тааныш.

Жыл учту, айлар акты жазгы суудай,
Калкылдап канат каккан ак куулардай.
Кан күйгөн атта журттун чоң күнүнө
Багжаңдап Баян кетти мылтык кармай... [163,165].

Бул саптар буга чейинки балдар окуган согуш темасындагы ырларга таптакыр окшобойт. Согуш талаасындагы чыгармалардын балдар жер жайнаган танка, күрүлдөгөн самолет, кулак тундурган замбирек, жарылган граната менен мина, ажал бүрккөн амбразура, жер майышкан кол, кыраандай чалып, арстандаай чапчыган биздин жоокерлерге туруштук бере албай кол көтөргөн же чычканча качкан көркоо душмандарды көрүшкөн, Ата журт үчүн майданга, улуу маршка, канга кан!-деген ураан-чакырыктарды угушкан. Алыкул Осмоновдун согуш темасындагы чыгармаларында элдин согушта тарткан азабы, кайгы-муңу башкача өңүттө берилген. Поэмадагы автордун негизги максаты контрасттуу эки мүнөздү ачуу.

Поэмада баяндалгандай айылда Баян жигит менен Бүбүш кыз махабаттын таттуу даамдарын татып, турмуш курушат. Бирок негедир эркектик мүнөзүн коё бербей Баян аялын себепсиз эле кызгана берет.Акын поэмада сүйүү менен кошо чоктой болгон кызганыч жашаарын белгилеп өтөт. Бирок кызганыч сүйүүнү талкалабаш үчүн эки тараптуу түшүнүүнү, сабырдуулукту поэмада чагылдырып бере алган. Балким кызганыч сүйүүнүн бар экенин далилдеп турган же болбосо таттуу сүйүүнүн кээде калемпир сыяктуу ачуусун даамдатып турган нерсе сыяктуудай. Поэманын каармандары акындын поэзиялык зор чеберчилиги менен кызганычтын ар дайым курулай экенин болгону чыныгы сүйүүгө ишенүү экендигин далилдейт. Бул нерсени акын Бүбүш кыздын сабырдуулугу турмуш жолдошуна болгон урмат-сый менен көрсөтө алат. Азыркы учурда кызганычтын айынан канчалаган үй-бүлөлөр ажырашып кетүүдө акындын

«Майдын түнү» поэмасында бул нерсени туура түшүнүүнү, курулай кызгануудан улам чыр-чатактардан чыгуунунун алдын ала алат. Ал эми поэмадагы мына ушул тарбияны балдарга жеткирүүдө окутуунун технологияларын колдонуу башкы орунду ээлейт. Усулдун жүрүшү боюнча мугалим тарабынан даярдалган поэмадан үзүндү жазылган 3 бөлүктү камтыган «Божомол таблицасы» таркатылат. Берилген үзүндү окуучулар үчүн таяныч текст болуп эсептелинет. Поэмадан алынган үзүндү менен таанышкандан соң, андан ары карай эмне боло тургандыгын тууралуу таблицаны биринчи бөлүгүнө божомолдоо жазышат. Келтирилген божомолдоону эмнеге таянып айтып жатканын таблицанын экинчи бөлүгүнө, андан кийин чыгарманын жүрүшү боюнча эмне болгонун поэманын калган бөлүктөрү менен таанышкан соң, таблицанын үчүнчү бөлүгүн толтурат. Мында мугалим поэманы окуп берип, же окуучуларга окуткандан караганда адаттан чоң айырма болот. Дагы жакшы жери мугалим бош таблицаларды алдын ала даярдап, окуучуларга таратат. Окуучулар поэмадан үзүндү уккан соң өз божомолдоолорун келтирип, үзүндүгө таянып далил боюнча жазып, анализдейт. Андан кийин поэма боюнча чындыгында эмне болоорун уккан соң 3-бөлүктү толтурганы окуучулардын бир учурда 3 процессти аткарганы менен өзгөчөлөнүп турат [117,6].

**Таблица 3.3.2.– «Божомол таблицасы» усулу**

<table>
<tr><td colspan="3">Жыл учту, айлар акты, жазгы суудан,<br>Калкылдап канат каккан ак куулардай.<br>Кан күйгөн ата журттун чоң күнүнө<br>Багжаңдап Баян кетти мылтык кармай...<br>Журт сактоо, эл коргоону сүйүү менен<br>Ишенбей Бүбүшүнө зарлай...зарлай...</td></tr>
<tr><td>Эмне болот? Божомол</td><td>Өз сөзүңдү эмнеге таянып айтып жатасың? Тексттин бул бөлүгүндө кандай далил бар?</td><td>Чындыгында эмне болду?</td></tr>
<tr><td>Бүбүшжан Баянды жактырган эмес жана турмуш курганга чейин Бүбүшжан Баяндын жазган каттарына анчалык жооп жазбаган болушу мүмкүн.</td><td>Себеби, үзүндүдө келтирилгендей «ишенбей Бүбүшүнө зарлай.... зарлай...» дегенден улам ушундай божомолдоону келтирдим.</td><td>Баян менен Бүбүшжан бири-бирин сүйүп, таттуу турмуш курушкан. Бирок Баян обу жок эле жок жерден курулай кызгана берет.Бүбүшжан кызгана турган бир да жаман</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| | | кыпындай иш кылбаса да эркектик табиятынан жазбайт жана тайбайт. |
| Бул кезде Баянды шаттык басат,<br>Ааламга сыйбоочудай, толкуйт, ташат.<br>Жоготкон жогун тапкан бактылуудай,<br>Сагыныч бир азыраак тараган соң,<br>Батмадан баян сурайт, мунусу оң,<br>— «Эмне үчүн сен эркекче кийиндиң?» дейт. | | |
| Эмне болот? Божомол | Өз сөзүңдү эмнеге таянып айтып жатасың? Тексттин бул бөлүгүндө кандай далил бар? | Чындыгында эмне болду? |
| Батма эркек мүнөз кыз болгондуктан дайыма эркектерге окшоп кийинип жүргөндү жактырган. Ошондой эле Баянды кызгандырыш үчүн Батма эркектин кийимин кийинип роль ойногон деп ойлойм. | Себеби, үзүндүдө келтирилгендей «Жоготкон жогун тапкан бактылуудай,<br>Сагыныч бир азыраак тараган соң,<br>Батмадан баян сурайт, мунусу оң,<br>— «Эмне үчүн сен эркекче кийиндиң?» деп сурап жатат. Муну менен Батма эркектин кийимин дайым кийип жүрөт.Ошондой эле ошол күнү Бүбүшжандан кабар алганы келген. | Баян фронтто Эр Манас бабасынча кармашып, душмандарды мекенден коргоп жүрүп, чабуулда оң бутунан жараланат.Үй ай госпиталда дарыланып жатып, жараты жакшы болбой айылына жөнөтүлөт.Ошол эле учурда айылга «Ата журт орденинин биринчиси» Бозоев Баянга деген Москвадан кабар келет. Бул эрдикке арнашып айыл эли сахналаштырылган оюн коюшат. Жигит ролу кем болгондуктан Батма эркекче кийинип жигиттин ролун аткарат. |

Бул окутуунун технологиясында:

-окуучулар тексттин ар бир деталы менен таанышат;

-тексттеги себеп жана натыйжа байланышын таба алат;

-окуянын өнүгүшүн болжолдой алат;

-башкалардын идеяларын уга жана кабыл алуу билгичтиктерине ээ болот;


Көркөм чыгарманы мектептик талдоонун өзгөчөлүү тиби катары сабак процессинде обзордук үйрөнүүнү пайдалуунун зарылдыгы тууралуу Т.Г.Браже жазып калтырган. Обзордук үйрөнүү талдоонун чыгарманы бүтүндүк эсебинде кабылдап түшүнүүнү калыптандырууга багытталгандыгын айкындап турат. Бүтүндүк эсебинде калуу менен,

обзордук талдоо текстуалдык талдоодон айырмаланып кыска болуп берилгендигинде. Обзордук талдоо көркөм чыгармаларды мектептеги адабият сабагында обзордуу өздөштүргөнү, текстуалдуу талдоого салыштырмалуу кыйла аз убакытты талап эткени, обзордуу үйрөнүлчү туундуларды алдын ала окуп чыгуу милдет эместиги, аныктоочу эксперименттин жүрүшүндө мугалимдердин жана окуучулардын обзордук талдануудагы чыгармага карата текстуалдуу үйрөнүүдөгү адабий туундуга салыштырмалуу азыраак маанилүү жана идеялык-көркөмдүк баалуулукка ээ эместигин тааныган өзгөчөлүү психологиялык маанайы менен мүнөздөлөт [135,25].

Адабият сабагында Б.Оторбаевдин «Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы» боюнча адабий чыгармаларды мектепте обзордук талдоо жана аны заманбап технологияларга ылайык уюштуруу боюнча А.Осмоновдун «Майдын түнү» поэмасын талдап көрөлү. А.Осмоновдун «Майдын түнү» поэмасындагы обзордук талдоодогу ишенүү жана кызгануунун кагылышын атап кетсек болот.Талдоонун борборунда эки образ-Баян менен Бүбүшжан. Ал эми тракторист чон Батмажан, фронт, госпитал, сахналык көрүнүш окуялар мындагы абстрактуу сезимдердин тирешүүсүн ар тараптан толуктап турат жана адилеттүү чечилишине жардам берет.Поэмадагы каармандар Баян менен Бүбүшжандын образдары талдоого алынып, таасирдүү мисалдар аркылуу ачылып берилет. «Майдын түнү» поэмасындагы Баян канчалык сүйгөн жарын кызганып, отуна күйбөсүн жана анын жанынан жарым карыш жерге алыска жылгысы келбесе да, бирок Ата Мекенге апаат күнү келип, согуш башталганда курулай болсо да кызгануусун ичине жутуп, ич-ичинен кызганып ой-санаасына кандай гана ойлор келбесин белди бекем бууп, колуна курал кармап өз эл-жеринин тынчтыгы үчүн жарадар болгонуна карабай Мекенди душмандардан коргоогону ар бир окуучуну Мекендин патриоту болууга үндөйт. Ал эми Бүбүшжан кызганчаак жолдошунун ар бир кызганычтан улам жалгандан жапкан жалаасына чыдап, аны тамаша

катарында кабыл алып турмуш жолдошуна сый мамиле жасайт. Бүбүшжандын мындай аракети сабырдуулукка, түшүнүктүү болууга үндөйт. Сабакта бул маселелерди ишке ашырууда окутуунун жаңы технологиялары чоң жардам болот.

**Сүрөт 3.3.3**–«Фишбоун» усулу




Алыкул Осмоновдун «Майдын түнү» поэмасын окуучуларга төмөндөгүдөй жактары менен таасир бере алат:

-маселеге өз көз карашы менен толгоно билет;

-алган маалыматы боюнча өз оюна талдоо жасай билет;

-кечиримдүүлүк жана жөнөкөйлүк.

Ал үчүн поэманы окутууда балдарга жугумдуу боло ала турган окутуунун технологияларын колдонуубуз зарыл. Алыкл Осмоновдун поэмаларын окутуу процессинде жаңы технологияларды колдонуу орто мектептин окуучуларынын чыгармачыл, гумандуу көз карашы менен бирге аларды инсанияттагы бийик мүнөздүк сапаттарга тарбиялайбыз.Мектеп, мугалим өз окуучуларын турмушка, өзгөрүүлөргө даярдоодо, аларда мобилдүүлүк, динамизм, иштиктүүлүк сыяктуу сапаттарды өнүктүрүүгө тийиш. Ошондуктан азыркы этапта педагогдун милдети-жаңы педагогикалык

технологияларды колдонуу менен окуучуларды окууга үйрөтүү. Жаңы заманбап технологияларды жүзөгө ашыруу жана аларды окуу процессинде пайдалануу окуучулардын ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнүн алмашуусу үчүн шарттарды түзөт. Аны менен бирге бул технологиялар билим берүү чөйрөсүндөгү бир түрдүүлүктү жана окуу процессинин монотондуулугун жоюуга мүмкүндүк берет. Окутуунун технологиялар окуучулардын билим берүүчүлүк суроо талаптарын канааттандыруу маселесин ишке ашырат.

**Алыкул Осмоновдун «Махабат» поэмасын окутуунун деңгээлдик суроо-тапшырма берүү технологиялары**

Биздин бүгүнкү жашоо менен кечээгибизди салыштыруу мүмкүн болбогондой өзгөрүүлөргө ээ болуп жатат. Демек, ушундай ылдамдыкта өтүп бара жаткан биздин убакытта, билим берүүнүн системасы, билим берүүдөгү өнүгүүнүн сүрөттөлүшү, карааны кандай болушу мүмкүн? Билим берүү системасы азыркы күндүн балдарынын аң-сезими менен барабар өзгөрүүгө жетише алып жатабы? Эгерде билим берүү системасы учурдун жаңы муунунун аң-сезими менен барабар өнүгүүнү камсыз кылса, анда билим берүү системасын талаптагыдай өнүгүп жатат десек болобу? Ушул суроонун тегерегинде аябай ойлор көп.

Бүгүнкү күндүн билим берүүсү жөнүндө ой-жүгүртсөк, мугалимдерди кээде деңиз толкунунда жээкке сүрүлүп чыгып калган чарпындыдай сезим калтырган элестөөлөр көп эле болот. Ал эми азоо толкунга айлануу үчүн, өз кадырыбызды түшүрбөй кармаганга аракеттенгенибиз оң. Мындай позицияны кармануу үчүн маалыматты кубалап, кээде ошол маалыматтын жаратуучусу болуп, кээде ага себепчи болгондой сергек, сынчыл жана тегиз эмес ой жүгүртүүгө жетишүүбүз зарыл.

Тез өнүккөн коом, санариптик өнүгүү, XXI кылымдын балдарынын аң-сезими, мугалимдерибиздин билимин үзгүлтүксүз өнүктүрүп баруусунун зарылчылыктарын далилдеп койду. Демек азыркы күндө биз санарип муунга ылайыкташкан сабак өтүүбүз зарыл [71,22].

Алыкул Осмонов элдик сыйкырдуу жомоктордун кээ бир адабий чыгармалардын шарттуу-фантастикалык ыкмаларына салып да азыркы замандын уламышы (легендасы) сыяктанган эки поэма жараткан. Алардын бир «Эшимкандын тереги», экинчиси «Махабат» деп аталат. «Махабаты» эки жаштын керемettүү сүйүүсү жөнүндө айтылат. Күлшайы аттуу селки Касым деген айылдаш жигитке сыртынан ашык болуп анысын туйдура албай жүрсө капыстан согуш чыгат. Касым өзүн бир кыз сүйүп жүргөнүн билбеген бойдон кан майданга кетет. Андан эки жылдай кат-кабар келбей Күлшайы оор кайгыга батат, бар күчүн ыйга чыгара берип, акыры сокур болуп калат. Касым ошол тушта уруштан эки буту жок жок келет. Сокур кыз менен мунжу жигит бир күнү элдин көзүнчө кайманалап сыр айтышат, бирин-бири табышат. Көпчүлүк бата берип, той жасап, эки майыпты үйлөндүрүп коет. Мажнундар баш кошкон соң «кырк күндөн бирине оогон түнү» Күлшайынын эки көзү кайра көрүп, Касымдын эки буту соо чагындай кайра бүтөт. «Махабаттын» сюжеттик өзөгү абдан кызыктуу түрдө ойдон чыгарылган, башкача айтканда реалдуу турмушта дегеле болбой турган окуялар кыялдан тапкычтык менен чыгарылып, көркөм шарттуулук расмисиндеги ыраттуу логикага салынган, өз мүмкүнчүлүгүнө жараша ишенчиликтүү баяндалган, адилет коомдо ак сүйүүнүн күчү кереметтердин кереметин жаратууга жарамдуу деген роматикалык идеяны өткүр сездирген.

Тапшырмалардын, методдордун түрлөрү: Репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү методдор жана тапшырмалар аркылуу берип, ошону менен катар суроо-тапшырмалардын деңгээлин үч түс менен берип мисалы репродуктивдүү суроолорду кызыс түстө, продуктивдүү суроолорду жашыл түстө, креативдүү методдор жана тапшырмалар ды көк түстө берип, слайд жасоодон сырткары А4 форматындагы барактарга төмөндөгүдөй үлгүдө даярдап таркатсак ар бир окуучу менен тыгыз иш алып баруу ишке ашат. Ошондо сабакка ар дайым пассивдүү катышкан окуучулар да активдүү катышат. Ошону менен катар репродуктивдүү суроолорго ар бир

окуучунун берген жообуна “Аракет кылган жоксуң”, “Тапшырманы этиясыз аткардың”, “Тапшырманы эң начар аткардың” деп айтпастан эгерде окуучу берген суроонун жообуна жакындаша албаган учурда да “Ошондой деп ойлойсуңарбы?”, “Бул силердин оюңар?”, “Келгиле, башкаларды угалы” деген сыяктуу айтышыбыз керек. Ал эми азыр учурда көпчүлүгүбүз эле, ачык сабак өткөнүбүздө же болбосо сабагыбызга сырттан бирөө кирип калса, өзүбүздү туура тутуу максатында окуучулар суроолорго туура жооп берсе бербесе “Азаматсың” дей беребиз. Бирок сабактын аягында ал окуучуга кандай баа коебуз. Сабак бүткүчө “Азаматсың” деген окуучуну берген суроолрго жана тапшырмаларга жооптору канатаандыраарлык болбосо, ал окуучу жогорку баа коюу мүмкүн эмес болуп калат. Ошондуктан ар бир окуучунун суроосуна берген жообуна “Ыракмат” деп айтуу ыңгайлуу.

Угам, окуйм, түшүнөм стратегиясы.

Стратегияны ишке ашыруу процессинде түрдүү маалымат–бул текст, ал аудио да, көрүнөө да берилиши мүмкүн экендигин мугалимдин да, окуучулардын да түшүнүүсү маанилүү. “Угам, окуйм, түшүнөм” стратегиясы угуу жана окуу–кабылдоого, маалыматты кабыл алууга жана андан ары аны иштеп чыгууга багытталган кептик иштин түрүнө негизделген. Ушул кептик иштин натыйжасы болуп маалыматты кабыл алып жаткан угуучу же окурман (биздин учурда–бул окуучулар) жасаган ой корутунду саналат. Маалыматты окуучулардын түшүнүшү жана аны андан ары пайдаланышы үчүн комплекстүү иштөө зарыл, ал белгилүү болгон текст менен иштөөдө–чейин, учурунда жана кийин пайдаланылган стратегия боюнча курулат. Баскычтардын ар биринде жүргүзүлгөн тапшырмалардын түрлөрү– бирдей.

**«Махабат» поэмасы**

Махабат дегенде оюңарга эмне түштү?

Сабак эмне жөнүндө болушу мүмкүн, эмне үчүн антип ойлойсун?

Анда кандай каармандар катышып, кандай окуя болушу мүмкүн.

**«Махабат» поэмасы**

Калаага бир иш менен шашып бардык,
Кайтарда көп таза пул сатып алдык.
Ат жүрбөй карааны алыс айлыбызга
Жете албай Күрмөнтүгө конуп калдык.
Каттама, мамиле чай, шекер, каймак,
Тамактын ар түркүмү бирден жайнап.
Насиптин буйругуна айла барбы,
Казанда сүрсүгөн эт бүлк-бүлк кайнап.
Чарчабай бир жаш улан кесе сунган,
Тартынбай канганча ичип бозосунан,
Оолжуп орто кызып алган кезде,
Муну уктук карыянын өз оозунан:

**Текст боюнча тапшырмалар:**

- **Түшүнгөнүн ким айтып берет?**
- **Мамиле чай - бул сөз айкашын кандай түшүндүңөр?**
- **Тамактын ар түркүмү бирден жайнап.**
  **Насиптин буйругуна айла барбы,**
  **Казанда сүрсүгөн эт бүлк-бүлк кайнап-бул кыргыз элиндеги кандай уулу сапаттарды байкоого болот?**
- **Карыя эмне жөнүндө айтып бериши мүмкүн?**

**А.Осмонов “Махабат” поэмасы**

«Э балам, айланайын Алыкулум,
Сүйлөйүн жаңы кептен элден мурун...
Башкача ачык өсүп бара жатат,
Азыркы жаш өспүрүм, жаңы муун.
Эстүү кыз Күлшайы аттуу биздин жээн,
Касымга ашыклыгын билдирбеген,
Ашыгы кан майданга жөнөгөндө
Ичинен бакыт тилеп жаш ирмеген.

Анысын Касым бала сезген да эмес,
Беттешип эки ооз сөзгө келген да эмес.
Махабат ошондой бир ылдам нерсе,
Күтүүсүз жарк этери эске келбес.
Жигиттен туура эки жыл дайын чыкпай,
Жаш үмүт күтө... күтө жайдыр-кыштай,
Өңү өчүп күзгү гүлдөй болуп калды
Күлшайы буралган кыз тал чыбыктай.
Ашыклык махаббаттын зардабынан,
Саргарып санаа тартып, ажарлуу ыраң,
Сүйүүнүн чындап күйгөн күйүтүнөн,
Таптакыр эки көзү соолуп калган [116,313].

**Текст боюнча тапшырмалар:**

- **Түшүнгөнүн ким айтып берет?**
- **Кимдердин божомолу текстке дал келди?**
- **Күлшайы эмне үчүн Касымга сүйүүсүн билдире алган жок?**
- **Күлшайынын көзүнүн нуру өчүп, көрбөй калуусуна эмне себеп болду?**
- **Эми эмне болот?**

**А.Осмонов “Махабат” поэмасы**

Бир күнү, күз айында, кечке таман,
Ок тийип эки аяктан ажыраган.
Касымжан кайтты деген кабар келди
Айылга көңүл ачык, эсен-аман.
Чакырат күндө бирөө, Касым барат,
Ошентип сагынышкан чери тарап,
Кез келип биздикине мейман болуп
Олтурду ойноп күлүп тамашалап.

Шол замат көрбөй басып, басар жерди,
Күлшайы үстүбүзгө кирип келди:
«Аманбы, Касым курдаш, руксат болсо,
Бир суроо–суроо үчүн келдим,»–деди.
Жаш жигит даана тиктеп таң калгандай,
Сураңыз, эгер болсом–чече алгандай,
Кыз анда «Махабат дейт, ашыклык
дейт,
Мааниси ушул сөздүн, курдаш, кандай?»...

**Текст боюнча тапшырмалар:**

- **Түшүнгөнүн ким айтып берет?**
- **Кимдердин божомолу текстке дал келди?**
- **Касымдан эмне үчүн элдер кабар алып жатышты?**
- **Кыз анда «Махабат дейт, ашыклык дейт, Мааниси ушул сөздүн, курдаш, кандай?» -бул суроонун төркүнүндө эмне жатат?**
- **Касым Күлшайынын берген суроосуна кантип жооп бериши мүмкүн? Окуя мындан ары кандай уланат деп ойлойсуңар?**

**А.Осмонов “Махабат” поэмасы**

Касымжан берер жообун белендеди,
Канжарын белиндеги кемердеги,
Тез гана шып эттире сууруп алып:
«Кылда учун бул канжардын карма»
деди...
Кыз ойлоп «канжарынан кандай
ийги?»...
Сунду эле ак колуна учу тийди,
Мизинин ошончолук ысыгынан
Бир минут чыдай албай таштап ийди:

«Карындаш, деди жигит–аңдап алгын,
Махаббат мына ушундай ысык жалын,
Мен сүйдүм мекенимди, ата журтту,
Ошого бердим сүйүү ынак канын...»

**Текст боюнча тапшырмалар:**

- **Түшүнгөнүн ким айтып берет?**
- **Кимдердин божомолу текстке дал келди?**
- **Касым кыздын берген суроосуна кантип жооп берди?**
- **Күлшайы жигитке берген суроосуна толук жооп ала алдыбы?**
- **Окуя мындан ары кандай уланышы мүмкүн?**

**«Махабат» поэмасы**

Кыз анда: «Камчың болсо мага сунчу»
Касымжан камчы алууга өйдө турду,
Берди эле, кыз уч жагын кармап бир аз,
Жигитке «карма,–деди мына муну»...
Ал анда: «Камчысынан кандай ийги?
Кармады, камчы учуна колу тийди,
Кыз колу, тийген жердин ысыгынан
Бир минут чыдай албай таштап ийди».
Кыз айтты «Касым курдаш, аңдап
алгын,
Махабат мына ушундай ысык жалын...
Мен сүйдүм, сени сүйдүм, таза сүйдүм,
Сүйүүнүн сага бердим ынак канын».

**Текст боюнча тапшырмалар:**

- **Түшүнгөнүн ким айтып берет?**
- **Кимдердин божомолу текстке дал келди?**

- **«Касым курдаш, аңдап алгын,**
  **Махабат мына ушундай ысык жалын...? ушул сүйлөмдү кандай түшүндүңөр?**
- **Касым кыздын сүйүүсүнүн баркына жете алат деп ойлойсуңарбы?**
- **Окуя мындан нары кандай уланат деп ойлойсуңар?**

**«Махабат» поэмасы**

Касымжан мени тиктейт, толкуп, кеңип,
Биз анда экөөң бирдей жүргүн дедик.
Той жасап, туш-тараптан эл чакырып,
Экөөнүн өмүрүнө алкыш бердик.
Ой, бали ай, ашыклыктын ана күчү!
Кырк күндөн, кырк бирине ооган түнү,
Уялтып биздин көздү жалжылдаган
Күлшайга эки кара кой көз бүттү.
Ой, бали, махаббаттын ана күчү!
Кырк күндөн, кырк бирине ооган түнү,
Мекенди жана жарды сүйүү эркинен
Касымга кайра жаңы аяк бүттү»...

**Текст боюнча тапшырмалар:**

- **Түшүнгөнүн ким айтып берет?**
- **Кимдердин божомолу текстке дал келди?**
- **Аңгеме сага жактыбы, эмне үчүн?**
- **Бул чыгарма жөнүндө кимдерге окуп бергиң келет, эмне үчүн?**
- **Касым менен Күлшайынын кийинки жашоосу жөнүндө аңгеме жазып кел.**

Биздин эксперименталдык мектептерде бул ыкманы колдонуп өтүүдө текшерүү жана байкоо тобунун ортосундагы чоң айырма байкалды. Ал

жыйынтыктарды илимий ишибиздин эксперименталдык бөлүгүндө диаграммалар аркылуу көрсөттүк.

Мындай технологиянын артыкчылыгы-анын психологиялык жагы. Анткени мугалим окуучунун компетенттүүлүгүнүн деңгээлин окуучулардын алдында төмөнкү балл менен баалап, уяткарып отуруу ыңгайсыздыкты жаратары белгилүү. Ошондуктан өз билими аркылуу өзүнүн деңгээлин аныктаган окуучу өз билимин мындан ары өркүндөтүүгө араеттенүүсүн арттырат.

## III бөлүм боюнча корутунду

Орто мектептерде кыргыз адабияты предметинде тигил же бул көркөм чыгарманы окутуу методикасында ошол материалдарды педагогиканын соңку жетишкендиктеринин бири болгон окутуунун жаңы технологиялары бүгүнкү күндөгү актуалдуу маселелерден экендиги талашсыз.

**Үчүнчү бап «Орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологиясы»-**деп аталган экинчи бапта биз зарыл деп тапкан төмөнкү үч маселе каралды

Биринчи *««Толубай сынчы» поэмасын* деңгээлдер боюнча окутуунун технологиясы» деп аталган бөлүмдө окумуштуу-методисттер А.Сакеев, А.Муратов, Ж.Эшиевдердин акындын «Толубай сынчы» поэмасын окутуу боюнча эмгектерине таянып өттүк. Андан соң өз методикабызды сунуштадык мында Алыкул Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окуучунун өздөштүрүүсүн текшерүүдөгү деңгээлдик ыкма жана алар менен иштөөнү төрт деңгээли боюнча талдоо жүргүзүлдү. Ошондой эле бул окутуунун технологиясынын артыкчылык жактары жөнүндө сөз болду. *2-бөлүм ««Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» поэмаларын окуучулардын ишмердүүлүгүн активдештирүүгө жана интенсивдештирүүгө негизделген технологиялары»* деп аталып, мында акындын жогорудагы аты аталган поэмаларын «концепция таблицасы», «жеңил жана оор суроолор»,«үч бөлүктүү күндөлүк», «концептуалдык таблица» усул-ыкмалары аркылуу проблемалык окутуу, окуу материалын таяныч моделдеги жана схемалык белгилерге негиздеп окутуунун, чыгарманын тексттин талдоо, түшүндүрүү технологиялары жөнүндө сөз болот.

*««Жеңишбек», «Майдын түнү», «Махабат» поэмаларын педагогикалык жактан* интерпретациялоо *(«педагогикалык баяндоо», «педагогикалык талдоо») технологиялары»* деп аталган 3-бөлүмдө көркөм чыгарманы педагогикалык жактан интерпретациялоонун маани-маңызы жана

аны ишке ашыруу жөнүндө сөз болот. Мында окумуштуу-педагог С.Рысбаев сунуш кылган педагогикалык интерпретациялоонун ык-жолдору тууралуу сөз болот. ««Жеңишбек», «Майдын түнү», «Махабат» поэмаларын педагогикалык интерпретациялоонун мектеп практикасы талап кылган технологиялар аркылуу бердик.

Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу процессинде жаңы технологияларды колдонуп окутуу менен бирге орто мектептин окуучуларынын чыгармачыл, гумандуу көз карашы менен бирге аларды инсанияттагы бийик мүнөздүк сапаттарга тарбиялайбыз.

Мектеп, мугалим өз окуучуларын турмушка, өзгөрүүлөргө даярдоодо, аларда мобилдүүлүк, динамизм, иштиктүүлүк сыяктуу сапаттарды өнүктүрүүгө тийиш. Ошондуктан азыркы этапта педагогдун милдети-жаңы педагогикалык технологияларды колдонуу менен окуучуларды окууга үйрөтүү. Азыркы турмуш адамды өтө өзгөрүлмөлүү шарттарга дуушарлантат, ошондуктан жаңы милдеттерди чечүүнү талап кылат. Ошондуктан балдарга билим берүүдө окутуунун технологияларын колдонуу аркылуу билим берүү, көйгөйгө карата ыкмаларды издөө, кырдаалды акыл калчап ойлонуу, натыйжаларга талдоо жүргүзүү, жаңы ыкмаларды издөө жана башкалар боюнча иштин тажрыйбасын кеңейтүү зарыл.

# КОРУТУНДУ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертациялык изилдөөбүздүн алдына республиканын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун натыйжалуу технологияларын иштеп чыгуу, эксперименттик сынактан өткөрүү милдети коюлган болчу. Изилдөө процессинде төмөнкү иштер аткарылды:

Изилдөө ишибизде коюлган биринчи милдет боюнча поэма жанры, «технология» түшүнүгү анын сабактагы орду, Алыкул Осмоновдун поэмаларынын окуу китептерде, программаларында, методикалык адабияттарда берилиши такталды. Акындын поэмаларын окутуу боюнча азыркы абал, ал боюнча окуу программалары жана окуу китептеринде берилиши изилденди. Ошондой эле илимий-методикалык эмгектерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун өзгөчөлүктөрү, проблемалары изилдөө деңгээли аныкталып, илимий-методикалык жактан алар жалпыланды. Окуучулар Алыкул Осмоновдун поэмаларын сюжетин үстүртөн гана билгендиги, усулдук көрсөтмөлөр жетишерлик эместиги аныкталды. Мындай көрүнүш аныктоочу экспериментте атайын түзүлгөн анкеталар, суроо-жооптор аркылуу далилденди. Изилдөө учурунда жүргүзүлгөн анкеталардын негизинде акындын поэмаларынынын аталышы, тарыхый абалы, каармандарга гана көңүл бурулуп, окуучулардын илимий-изилдөөчүлүк, чыгармачылык ишмердүүлүгүн өстүрүүгө багытталган иштер аткарылбагандыгы, поэманын текстине адабий-мазмундук гана талдоо жүргүзүлүп, педагогикалык баяндоо, педагогикалык талдоо жүргүзүлбөгөндүгү байкалды.

Экинчи милдет боюнча орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын жаңы технологияларды колдонуу менен окутуунун илимий-методикалык өбөлгөлөрүнө анализ жасоо менен аныкталды. Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу аркылуу окутуунун методдорун (салттуу жана интерактивдүү) жуурулуштуруу аркылуу балдардын эстетикалык, баалуулуктарды калыптандыруунун жолдору иштелди. Окутуунун жаңы технологияларын акындын поэмаларын окутууда да ыктуу пайдаланууну талап кылаары аныкталды.Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча каражаттар, деңгээлдик суроо жана тапшырмалар жыйнагы иштелип чыкты. Окутуунун жаңы технологиялары жана интерактивдүү методдору интеграцияланып, интерактивдүү методдордон ролдук оюндар, сабак-диспут, үч баскычтуу күндөлүк, фишбоун, топтук оюндар, башкарып окутуу, графикалык стратегиялар, деңгээлдик жана чыгармачылык тапшырмалардын түрлөрү ж.б. сабактын кызыктуу өтүүсү үчүн зарыл окутуунун технологиялары экендиги аныкталды. Акындын поэмаларын окутууда жаңы технологияларды колдонуунун артыкчылыктары белгиленип, натыйжалуу окутуу методдору иштелди.

Үчүнчү милдет боюнча орто мектептер Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун натыйжалуу формаларын, каражаттарын, методдорун, ыкмаларын аныктадык жана сабактардын формалары менен типтерин боюнча методикалык иштелмелер иштелип чыкты, алар сыноодо алгылыктуу экендиги аныкталды, натыйжада алар практикага сунуш кылынды. Тактап айтканда, акындын поэмалары боюнча сабактарды уюштурууда, сабактан тышкаркы убактардагы класстык-тарбиялык сааттарда,конкурстарда, олимпиадаларда, окуучулук конференцияларда, пресс-конференция сабагында, дубал гезиттерин чыгарууда ж.б. окуучулардын ишмердиктерин өнүктүрүү боюнча илимий-методикалык иш-чаралар системалуу жүрдү.

Төртүнчү милдет боюнча иштелген теориялык-практикалык корутундулар педагогикалык эксперименттен өткөрүлүп, сунуш кылынган методиканын эффективдүүлүгү практикада сыноодон өттү. Мектеп окуучуларынын илимий-изилдөөчүлүк, чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн педагогикалык жана методикалык шарттарды колдонуунун натыйжалуу жолдорун, каражаттарын сунуштадык. Алыкул Осмоновдун поэмаларындагы берилген проблема, мазмунга карата балдардын жекече көз карашы, каармандарды реалдуу адамдар менен салыштыруу, аларга карата баа бере алуу аркылуу улуттук баалуулуктарга: жакшы менен жаманды ажырата билүүгө, эл-жерди сүйүүгө, эне тилди кадырлоого, тарых, маданият ж.б. этномаданий мурастарды менен аларды сабактын маанилүү өзөгү менен айкалыштырууга аракет кылдык. Сабак берүүдө колдонулган окутуунун технологиялары менен окутуу илимий-изилдөөчүлүк, чыгармачылык чеберчиликти жогорулатууда натыйжалуу экендиги аныкталды. Аталган жаңы технологиялар педагогикалык экспериментте колдонулуп, жакшы натыйжаларды берди. Натыйжада орто мектептерде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууга карата биз сунуш кылган окутуунун формалары, каражаттары жана ык-жолдору алгылыктуу жана натыйжалуу экендигин жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттик иш-аракеттердин жыйынтыктары тастыктады.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. Орто мектептердин кыргыз адабияты предметинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун технологияларынын колдонуу деңгээли окутууга коюлуп жаткан соңку мезгилдердеги педагогикалык, дидактикалык жана илимий-методикалык талаптарды толук кандуу канааттандыра албай жаткандыгы мындай маанилүү жумуштардын мазмуну менен формаларын дайыма жакшыртууну талап кылат.
2. Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуу боюнча сабактан тышкаркы иштер: «алыкул таануу» борборун ачуу, сынак, конкурс, интеллектуалдык таймаш, усулдук семинарларды үзгүлтүксүз өткөрүүнү

сунуш кылабыз. Мындай иш-аракеттер окуучуларды акындын поэмаларына кызыктырууга, ал боюнча көбүрөөк маалыматка ээ болууга өбөлгө түзөт.

3. 6,9,10-класстарда Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутууда окуу китептери менен чектелбей, хрестоматиялары, окумуштуу-методисттердин методикалык эмгектерин пайдаланууну сунуштайбыз.

4. Орто мектепте кыргыз адабияты предметинде Алыкул Осмоновдун поэмаларын окутуунун жаңы концепциясын жана предметтик стандартынын талаптарын эске алуу, ал аркылуу аталган поэмаларды мазмунун дагы да өркүндөтүү, окуучулардын билимин деңгээлдик негизде калыптандыруу жана баалоо, компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун келечектүү форма-методдорун мындан ары да өнүктүрүү зарыл.

5. Орто мектепте Алыкул Осмоновдун поэмалары боюнча орто мектептин окуучулары үчүн заманбап талаптардын негизинде атайын окуу китептин, аны окутуу боюнча мугалимдер үчүн методикалык эмгектин жазылышы жана жетишерлик санда чыгарылышын колго алуу керек.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. Түзгөндөр: Ж.Шериев, А.Муратов. [Текст]/– Фрунзе: Мектеп, 1987. –135 б.

2.Абдибалиев,Э.А. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. Международный-научно-теоритический журнал. [Текст] / Э.А.Абдибалиев – Бишкек: – №23, 2023. 280 б.

2.Абдураимова, З. Мугалим, сабак жана сынчыл ойлом стратегиясы.Толукталып, оңдолуп басылышы. [Текст] /З.Абдураимова. –Ош 2021,–10-11 бб.

3.Абрамович, Г.Л.Введение в литературоведение.6-басылышы.[Текст]/– Москва, 1975. –222 б.

4.Азаров, Ю.П. Учиться, чтобы учить [Текст] / Ю.П.Азаров. Нов. мир, –1987, №4, 7-8 бб.

5.Абдыкеримов, М. Адабият хрестоматиясы. [Текст] // М. Абдыкеримов– 1933, 23-24 бб.

6.Акматов, Б.М. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы 13. 00. 02 - окутуунун

жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы [Текст] //Б.М.Акматов–2016, –43 б.

7.Акматов, К.К. Орто мектепте акын-жазуучулардын өмүр баянын чыгармалары менен биримдикте окутуунун илимий-методикалык негиздери 13.00.02–окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы. [Текст] // К.К.Акматов –Бишкек 2019,–70 б.

8.Алибекова У.Б., Жусуева С.К. А.Осмоновдун «Өлүп тирилгендер» поэмасындагы өмүр, өлүм , тагдыр философиясынын идеялык өзгөчөлүгү. [Текст] // Алибекова У.Б., Жусуева С.К. К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Жарчысы. Атайын чыгарылыш. 1-том. –Жалал-Абад, 2018. –С. 414-417.

9.Алимбеков, А.Орто мектепте окутуунун методдору: Орто мектептин мугалимдери жана ЖОЖ студ.үчүн окуу куралы.[Текст] //А.Алимбеков.–Б.,2019,–138 б.

10.Алимбеков, А.Кыргыз билим берүүнүн салттары.[Текст] //А.Алимбеков.–Бишкек, 2001.–44 б.

11.Алымов, Б. Аалы Токомбаевдин чыгармаларын окутуу [Текст] // Б. Алымов – Ф.: Мектеп, 1976. –188 б.

12.Алымов, Б. Биздин адабиятты 7-класста окутуу. Окуу куралы. [Текст] // Б. Алымов. – Ф.: Мектеп, 1983. –208-209 б.

13.Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын 8-класста окутуу. Методикалык колдонмо. [Текст] // Б. Алымов. – Б.: Мектеп, 1983. –29-30 б.

14.Алымов, Б., Муратов, А. Биздин адабият: Орто мектептерде 7-классы үчүн хрестоматия-окуу китеби. [Текст] // Б. Алымов., А.Муратов –Б.: Мектеп, 1992. –29-30 б.

15.Алымов, Б., Момуналиев, С. Лирикалык чыгармаларды окутуу. [Текст] // Алымов Б., Момуналиев С.–Ош, 1998. –18 б.
16.Алымов, Б., Саманчин, Т. Биздин адабият: VII класс үчүн [Текст] // Алымов Б., Т.Саманчин–Фрунзе, 1981, –20 б.
17.Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Биринчи китеп. [Текст] // Б. Алымов. – Ф.: Мектеп, 1981. –219 б.
18.Алымов, Б. Кыргыз адабияты. Кыргыз орто мектептеринин 9-класстары үчүн окуу китеби. [Текст] // Б. Алымов. – Бишкек, 2012. –177-178 б.
19.Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Экинчи китеп. [Текст] // Б.Алымов. – Фрунзе: Мектеп, 1981. –141-142 б.
20.Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Экинчи китеп. [Текст] // Б.Алымов. – Фрунзе: Мектеп, 1984. –30 б.
21.Б.Алымов, Сыдыков, Н. Кыргыз адабияты боюнча программага жаңы кирген чыгармаларды окутуу. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо// Б.Алымов., Н. Сыдыков – Бишкек, Мектеп 1992–4 б.
22.Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери. Биринчи китеп. [Текст] // Б.Алымов. – Фрунзе: Мектеп, 1972. –5-6 б.
Андабеков, С., Сабаева, К. IV-VII-класстарда адабияттык окуу.[Текст] //С.Андабеков, К.Сабаева –Ф., Мектеп, 1977,–140 б.
23.Артыкбаев, К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. I бөлүм. [Текст] / К. Артыкбаев– Ф.: Мектеп, 1982. 507 б.
24.Артыкбаев, К.Адабият таануга киришүү. [Текст] // К. Артыкбаев– Бишкек, 2009. –12-13 бб.
25.Артыкбаев, К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. II бөлүм. [Текст] / К. Артыкбаев– Ф.: Мектеп, 1982. –184-185 бб.
26.Артыкбаев, К. XX Кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. [Текст] / К. Артыкбаев– Бишкек, 2015– 212б.

27.Асаналиев, К. Кыргыз адабияты: орто мектептердин 10-кл. үчүн окуу китеби. Оңдолуп, толукталып 4-басылышы [Текст]// К. Асаналиев, С. Байгазиев, С. Жигитов, К. Иманалиев. – Бишкек: Инсанат, 2013. – 360 с.

28.Астафьева, О.В. Детская литература. Выразительное чтение. Практикум. учеб. пособие для студ. учреждение сред. проф. образование [Текст]// / Астафьева О.В, Денисова А.В., Днепрова И.Л. – Москва: Академия, 2014. – 148 б.

29.Бабаев, Д., Акматов, К., Кимсанов, К. Педагогика.Окуу китеби. [Текст] // Д. Бабаев, К.Акматов, К.Кимсанов – Б.: Мектеп, 2017 –41-42 б.

Бабакулова, А.М., Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. Международный-научно-теоритический журнал. [Текст] / А.М. Бабакулова – Бишкек: – №23, 2023. 118 б.

30.Байгазиев, С. Окутуунун интерактивдик методу [Текст] /С.Байгазиев– Бишкек: 2004.–24 б.

31.Байгазиев, С. Кыргыз адабияты согушка чейинки мезгилде (1930-1940). [Текст] //С.Байгазиев– Бишкек: 1996.–110 б.

32.Байгазиев, С. Педагогикалык тажрыйба: Изденүүлөр жана табылгалар [Текст] / С.Байгазиев, С.К. Рысбаев − Ф.: 1989. –107 б.

33.Байгазиев С. Окутуунун интерактивдик методу. [Текст] /С.Байгазиев. – Бишкек, 2004. 34-35бб.

Байгазиев, С., Турусбеков, Ж. Кыргыз адабияты 10-класс.[Текст]// С.Байгазиев, Ж.Турусбеков.–Бишкек 1996.–188 б.

34.Байгазиев, С. Гумандуу педагогика жөнүндө сөз: Мектеп мугалимдери, билим берүү кызматкерлери үчүн Эл агартуу журналынын 70 жылдыгына карата. [Текст] / С.Байгазиев. – Бишкек, 1998. – 100 б.

35.Байгазиев, С. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы. [Текст] /

36.С.Байгазиев, Б.Жээнбеков. // Кутбилим, 2010. 20-август.

Байгазиев, С. Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы. [Текст]//С.Байгазиев.– Бишкек, 2012. – 476 б.
37.Батаканова, С.Т. Адабиятты окутуунун методикасы. [Текст]//С.Батаканова –Б.: 2017. –145 б.
38.Батаканова, С.Т. Драмалык чыгармаларды окутуунун технологиясы. [Текст]//С.Батаканова –Б.: 2013. –295 б .
39.Батаканова, С.Т. Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы. [Текст]//С.Батаканова –Б.: 2014. –50 б .
40.Батаканова, С.Т. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери. [Текст]//С.Батаканова.-Бишкек, 2010. 288 б.
41.Батаканова, С.Т. Окутуунун салттуу методдору жана инновациялык технологиялары. [Текст]//С.Батаканова –Б.: 2021. –59 б .
42.Батыркулова, А.Б. Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы. Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертация. 13.00.02. [Текст] // А.Б.Батыркулова. – Бишкек, 2021. – 141-142 бб.
43.Батышев, С.Я. Профессиональная педагогика. [Текст]//С.Я.Батышев –М.: Эгвес, 1999. –341-342бб.
44.Бекбоев, И.Окутуу процессинин илимий негиздери:мектеп мугалимдери ЖОЖдордун окутуучулары, аспианттар жана изденүүчүлөр үчүн. [Текст] / И. Бекбоев –Б., Улуу тоолор, –2020 120 б.
45.Бекбоев, И. Инсанга багыттап окутуу сабагынын негизги идеясы эмнеде? [Текст] / И. Бекбоев Кут билим, –2002, 6 б.
46.Бекбоев, И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И. Бекбоев − Бишкек: Бийиктик, 2011. –8 б.
47.Бекбоев, И. Алимбеков, А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. [Текст] // Бекбоев, И. Алимбеков А. –Б.Бийиктик, 2011. –20-21 бб.

48.Беспалько, В.П. Слагаемые педагогической технологии. [Текст] //–М.: Просвещение,–1989 231б.

49.Борбугулов, М. Адабият теориясы [Текст]// М. Борбугулов – Бишкек: Шам, 1996. –444-445 бб.

50.Гуляв, Н.А. Теория литературы: 2-басылышы. [Текст]// Москва «Высшая школа». –1985. 123 б.

51.Дүйшеев, Ж. Мектепте көркөм окуунун методикасы.Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. [Текст] //–Бишкек.–224б.

51.Дөөлөтбакова, Р.Ж. Кыргыз адабиятындагы майдан темасындагы поэмаларды окутуу 13.00.02 –окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация. [Текст] // Ж.Р.Дөөлөтбакова – Бишкек, 2016 –30-31 б.

52.Дөөлөтбакова Р., Нарын мамлекеттик университети. Филология жана педагогика. Илимий статьялардын жыйнагы II чыгарылыш. [Текст] // Ж.Р.Дөөлөтбакова –Бишкек 2002, –32-33бб.

53.Жапаралиева, Н.Ж. Түгөлбай Сыдыкбековдун чыгармаларын окутуунун инновациялык технологиялары. [Текст] // Н.Ж.Жапаралиева –Бишкек, 2013– 105 б.

54.Жалпы республикалык тестирлөөгө даярдык. ЖРТ:200+балл алганга стратегиялар. [Текст] // –Б., 2020, –110 б.

55.Жодонбеков, А. Жалпы республикалык тестирлөө: талдоолор жана сунуштар. Шоокум журналы. [Текст] // А.Жоодонбеков.–Б.,2012, 4-саны 16-18 бб.

56.Жолдошбаев, А., Сулайманова Д. Окутуунун инновациялык технологиялары.Окуу-усулдук колдонмо. –Жалал-Абад, 2021, 86 б.

57.Зулпукаров, Д.И., Абдуллаева, Ч.Х., Дилишатов Ө.У. Булут технологияларынын сервистери менен иштөө. [Текст] // Зулпукаров, Д.И., Абдуллаева, Ч.Х., Дилишатов Ө.У. – Ош, 2021, –32-33 бб.

60.Измайлов, А.Э. Кыргызстандагы совет мектептердин тарыхы. [Текст] //–Фрунзе, 1961.–90 б.
58.Илимий изилдөө иштери.Жооптуу редактор. Токтогулова, М. [Текст] // М. Токтогулова– Бишкек, 2020, –80-81 бб.
59.Иманалиев, К. Кыргыз мектептеринде адабиятты окутуунун жолдору: 9-10-класс үчүн. [Текст] // К. Иманалиев– Ф.: Мектеп, 1966. –119 б.
60.Иманалиев, К. Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери [Текст] / К. Иманалиев –Ф.: Мектеп, 1984. –176 б.
61.Иманалиев, К**.** Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст] // К. Иманалиев– Ф.: Мектеп, 1976. –45 б.
62.Иманалиев, К**.** Кыргыз совет адабияты:Педагогикалык орто окуу жайларынын окуучулары үчүн окуу китеби. I бөлүк. [Текст] //К. Иманалиев– Ф.: Мектеп, 1988. –246-247 б.
63.Иманалиев, К**.** Кыргыз совет адабияты. Орто мекептин 10-11-класстары үчүн окуу китеби. [Текст] // К. Иманалиев– Ф.: Мектеп, 1990. –108-109 б.
64.Иманалиев, К. Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши [Текст] // К. Иманалиев– Ф.: Мектеп, 1981. –144 б.
65.Иманалиев, К. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери. [Текст]// К.Иманалиев.–Бишкек,–2022 , 13 б.
66.Иманакунова, К.Ш. Орто мектептерде кыргыз тили сабагында окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиясы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты[Текст] // К.Ш.Иманакунова –Бишкек, 2017 –19-20 бб.
67.Имаралиева Ж.Р., Үкүева Б.К., Маматкадырова Т.У., Билим берүүдөгү интерактивдик методдор жана аларды окутууда колдонуунун ыкмалары

[Текст] / Имаралиева Ж.Р., Үкүева Б.К., Маматкадырова Т.У., // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2022. – № 3. – С. 122-123.
68.Исаков, Т. Э. Билим берүүдөгү интерактивдик методдор жана аларды окутууда колдонуунун ыкмалары [Текст]/Т.Э.Исаков. Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2014. – № 3. – С. 22-23.
69.Исаков, Б., Смаилова, А., Алетта, А. Скопус журналдарына макала жазуу ыкмасы жана диссерртация жазуу ыкмасы. [Текст]// Б. Исаков, А.Смаилова, А. Алетта–Бишкек,–2022 ,46-47 бб.
70.Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы [Текст] / Н. Ишекеев −Б.: 1994. −37-38 бб.
71.Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятынын окуу китептери: Өткөнкү, бүгүнкүсү, келечеги. [Текст] // Н. Ишекеев −Б.: 2011. −114-115 б.
72.Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятынын окуу программаларынын мазмуну жана проблемалары. [Текст] // Н. Ишекеев −Б.: 2010. −31-32 бб.
73.Ишекеев, Н. Педагог адистерди даярдоонун проблемалары [Текст]/ Н. Ишекеев // Билим жана тарбия, 1. − Бишкек: 2003. −71−73 бб.
74.Ишекеев, Н., Батаканова,С.Т. Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы –Б,: 2014,–3-4бб.
75.Карабалаева, Г.Т. Технология развития критического мышления студентов. [Текст]// Г.Т. Карабалаева–Б., 2019, 39-40 бб.
76.Квятковский А. Поэтический словарь. [Текст]//–Москва. Сов.энциклопедия. 1966.–221 б.
77.Кудряшев, Н.И. Особенности изучения литературных произведений различных жанров. Диссертация на соискание ученой степени кандидата педагогических наук. [Текст]// Кудряшев Н.И.– Москва, 1946 –30б.
78.Кыргыз.ССР агартуу М.восу.Республиканын мектептеринде кыргыз тили жана адабият сабагын окутуунун жакшыртуу боюнча чаралар.[Текст]// – Фрунзе, 1958.–31 б.

79.Кыргыз адабиятынын программасы.Түзгөндөр Байгазиев С.,Муратов А.[Текст]// Кыргыз адабиятынын программмасы. –Бишкек. Педагогика, 2000.–18-19 бб.
80.Кыргыз адабияты предмети боюнча предметтик стандарт (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн Текст]// –Бишкек, 2019. 26-28-бб.
81.Кыргыз адабиятынын программасы (8-10-класстар үчүн). [Текст]// Программа.–Ф., 1954, 30 б.
82.Кыргыз адабиятынын программасы.1965-66-окуу жылына карата орто мектептердин 9-10-класстары үчүн. [Текст]// Программа.–Ф., 1965, 37 б.
83.Кыргыз адабиятынын программалары Жалпы орто билим берүүчү мектептердин V–XI класстары үчүн. – Бишкек: «ТАС», 2006.
84.Кыргыз адабиятынын программасы IV–X кл. үчүн. – Ф.: Мектеп, 1982.
Кыргыз адабиятынын программасы. V–XI кл. үчүн. – Бишкек: Мектеп, 1993.
85.Кыргыз адабиятынын программасы. V–XI кл. үчүн. // Эл агартуу, 1998, №11–12.
86.Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы билим берүүчү мектептердин V–XI класстары үчүн. – Бишкек: Педагогика, 2000.
87.Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы билим берүүчү мектептердин V–XI класстары үчүн. – Бишкек: 2017.
88.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январында №1 «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» Жарлыгы[Текст] / Кутбилим. − Бишкек: 2021. −41-45 бб.
89.Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнү жаңылоонун концепциялары [Текст] / − Бишкек: 1995. −225 б.
90.Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары [Текст] / -Бишкек: 2006. –307 б.
91.Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары [Текст] / – Бишкек: 2018. –12- б.

92.Кыргыз тили жана адабияттык окуу боюнча программа[Текст]: V– VIII класстар үчүн / – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1962.
93.Кыргыз тили жана адабияттык окуунун программалары[Текст]: Жети жылдык жана орто мектептин V–VII класстары үчүн / – Ф.: Кыргызмамбас, 1950, –7 б.
94.Кыргыз тили жана адабиятынын программасы[Текст]:V–XI класстар үчүн (Долбоор) / – Ф.: Мектеп, 1972.
96.Кыргыз тилинин жана адабияттык окуунун программалары[Текст]:5–7 класстар үчүн / – Ф.–Т.: Кыргызмамбас, 1948.
97.Кыргыз адабиятынын программасы: Жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V-XI класстары үчүн. Түз.: С.Байгазиев, А.Муратов. – Бишкек, 2017. 48 – 49 беттер.
98. Кыргызча-орусча сөздүк. /Түз. К.К.Юдахин. (Киргизско-русский словарь. Около 40 000 слов. Составил проф. К.К.Юдахин. – Москва, Издательство “Советская энциклопедия”, 1965.) [Текст]//– Бишкек: “Кут Бер”, 2012. – 150 б.
99.Мадаминов, Г.М.Акыл эмгегинин маданият.Методикалык колдонмо. [Текст] // Г.Мадаминов. – Бишкек, 2023. – 34 б.
100.Мадаминов, Г.М. Ой өрүшү-кругозор.Методикалык колдонмо. [Текст] // Г.Мадаминов. – Бишкек, 2023. – 176 б.
101.Мадаминов, Г.М. Студент жана окуучулардын өз алдынча билим алуу жана иштөөсүн АЭМ негизинде уюштуруу. [Текст]// Г.Мадаминов. – Бишкек, «Китеп kg» 2023. – 7-8 бб.
102.Маразыков, Т.С. Көркөм текст: иликтөө жана окутуу маселелери. Монография [Текст] // Т.С.Маразыков – Бишкек, 2020. – 108-109 б.
103.Молдокулова, Д.Т. «Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты» (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы) – Бишкек:2016. С.15
104.Момуналиев С. Кыргыз орто мектептеринде лирикалык чыгармаларды окутуунун педагогикалык-методикалык негиздери. Педагогика илимдеринин

доктору окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферaты. 13.00.01; 13.00.02. [Текст] // С.Момуналиев. – Бишкек, 2011. – 34 б.
105.Момуналиев, С. Лирикалык чыгармаларды окутуу. [Текст] // С.Момуналиев. – Ош, 1998. –31-38 б.
106.Мугалим илимий-педагогикалык журналы.[Текст]//Мугалим илимий-педагогикалык журналы.– Бишкек, 2021 (38). – 7 б.
106.Мугалим илимий-педагогикалык журналы.//[Текст]Мугалим илимий-педагогикалык журналы.– Бишкек, 2022 (39). – 8 б.
107.Муратов, А. Аттиңай, Толубайлыгым сен билсеңчи? [Текст] // А. Муратов Мугалимдер газетасы, 1987, 14- январь.
108.Муратов, А., Байсабаев, Б. Адабиятты жаңыча окутуу: методдор, каражаттар жана иштелмелер. Методикалык колдонмо. [Текст] // А.Муратов, Б.Байсабаев–2010–3-4б.
109.Муратов, А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. [Текст] // А. Муратов. – Б.: «Турар», 2013. – 25 б.
110.Муратов А. Адабият ыйман сабагы. – Б.: Мектеп, 1993. – 9-10 бб.
111.Муратов А.Ж. Кыргыз эл педагогикасы: элдик ишенимдер, тыйымдар. 2-китеп. [Текст] // А.Муратов. – Бишкек: «Айат», 2016. – 240 б.
112.Муратов, А., Абдухамидова, Б., Акматов, К. Кыргыз адабияты.6-класс. Жалпы билим берүүчү мекептер үчүн окуу китеби. [Текст]/А.Муратов, Б.Абдухамидова, К.Акматов – Бишкек, 2021. –113-114 бб.
113.Муратов А., Акматов К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби.[Текст]// А.Муратов, К.Акматов – Бишкек, 2021. –84-85б.
Муратов, А., Исаков, К., Акматов, К. Кыргыз адабияты. Колледждин студенттери үчүн хрестоматия-студенттери үчүн окуу китеби.1-бөлүм.[Текст] // А.Муратов, К. Исаков, К.Акматов – Бишкек, 2018. –313 б.

114.Муратов,А. Окутуу технологиялары: теориядан-практикага.Мугалим журналы. [Текст] //А.Муратов –Б., 2017 №22 –6-9 бб.

115.Муратов, А., Акматов, К. Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаңы технологиялары. [Текст] //А.Муратов, К.Акматов –Б., 2021, –14-15-бб.

116.Мураталиев, Ж., Мамбеталиев А.Кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун маселелери. [Текст] //Ж.Мураталиев, А.Мамбеталиев.–Ф.: Мектеп, 1980–67 б.

117.Муратов, А., Акматов, К. Окутуунун жаңы технологиялары. [Текст] //А.Муратов, К.Акматов –Б., 2019, –20-21 бб.

118.Мураталиев, Ж., Мамбеталиев А.Кыргыз тилн жана адабиятын окутуунун маселелери. [Текст] //Ж.Мураталиев, А.Мамбеталиев.–Ф.: Мектеп, 1980–67 б.

119.Мусамбетов, Т.А. Көркөм чыгармаларды проблемалык окутуу [Текст] // Т. Мусамбетов– Ф.: КМУ, 1990. –52 бб.

120.Мусамбетов, Т.А. Изучение жизни и творчество А.А.Осмонова в V-X классах общ.школы Киргизии: автореферат дисс.канд.пед.наук. [Текст] // Т. А.Мусамбетов –Ташкент, 1990, –20 б.

121.Мусамбетов, Т.А. Орто мектептеде А.Осмоновдун поэзиясын окутуу боюнча методикалык колдонмо сырттан окуган 5-6-курстун студенттери үчүн. [Текст] // Т. А.Мусамбетов –Ф., 1989, –32 б.

122.Мусамбетов, Т.А. Көркөм чыгармаларды проблемалык окутуу: Окуу-методикалык колдонмо:4-6-курстун сырттан окуган студенттери үчүн. [Текст] // Т. А.Мусамбетов –Ф., 1990, –52 б.

123.Мусаев, С., Таштемиров, Ж., Маленов Б. Кыргыз адабияты: Орто мектептердин 9-класстары үчүн. [Текст]//Мусаев,С., Таштемиров, Ж., Маленов Б.–Фрунзе Кыргызокуупедмамбас. 1964, –5-6 бб.

124.Орто мектептин VIII-IX-X-класстары үчүн кыргыз адабиятынын программасы [Текст] // Программа. VIII-X-класстары үчүн–Фрунзе, Кыргызмамбас, 1953,–60 б.

125.Орто мектептердин VIII-X-класстары үчүн кыргыз адабиятынын программасы. [Текст] // Программа. VIII-X-класстары үчүн–Ф.,Кыргызмамбас, 1954,–50б.
126.Орто мектептин программалары.1961-1962-окуу жылы үчүн. VIII-X-класстардын кыргыз тили жана кыргыз адабияты. [Текст] // Программа. VIII-X класстары үчүн–Ф.,Кыргызмамбас, 1961,–50б.
127.Орто мектептер үчүн кыргыз тили жана адабиятынын программасы [Текст]/ (Долбоор). IV–X класстар үчүн. – Ф.: Мектеп, 1969.
128.Орто мектептердин VIII-X-класстары үчүн кыргыз адабиятынын программасы. [Текст] // Программа. VIII-X-класстары үчүн–Ф., 1972,–30 б..
129.Оторбаев, Б. Адабиятты окутуунун жаңы технологиялары. [Текст]/ Б. Оторбаев– Бишкек: Турар, 2009. – 96 б.
130.Оторбаев, Б.К. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу. [Текст] // Б.Оторбаев. – Бишкек, 2011.–3-4 бб.
131.Оторбаев Б.К. Адабиятты окутуунун интерактивдүү жана салттуу метод-ыкмалары, кызматташуу педагогикасы. [Текст] // Б.Оторбаев. – Бишкек, 2008, 75 б.
132.Оторбаев, Б.К., Классикалык изилдөөлөр жана тексттер: К.Иманалиев. Кыргыз адабиятын окутуунун метоликасы. // Б.Оторбаев. – Бишкек, «Полиграфбумресурсы», 2019.–34-35.
133.Оторбаев, Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Окуу китеби [Текст] // Б.Оторбаев. – Бишкек, 2020, 25-26 б.
134.Рахматуллин, К.Кыргыз адабиятынын программасы. (8-10-класстар үчүн. Кырг. ССРинин Агартуу Эл комиссариаты бекиткен). [Текст] //К.Рахматуллин.–Ф., Кыргызмамбас 1943.–143 б.
135.Педагогика [Текст]: Учебник / И.П. Подласый −М.: Высшее образование, 2006. − 340 с.

136.Рахимова, М.Р., Абдыкеримова, М.А. Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы. Окуу куралы. Текст] //М.Р.Рахимова,М.А. Абдыкеримова, − Бишкек: 2022. −118-119 бб.

138.Рыбникова, М.А. Очерки по методике литературного чтения [Текст]// М.А. Рыбникова– М.: Просвещение. 1985, 14 б.

139.Рысбаев, С.К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү (улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен): Педагогика илимд. доктору окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты.13.00.01; 13.00.02. [Текст] / С.К.Рысбаев. – Бишкек, 2006. – 49б

140.Рысбаев, С.К. Баланын китеп окуусун уюштуруунун технологиялары.3-басылышы. [Текст] // С.К. Рысбаев − Бишкек: 2022. −45-46 б.

140.Рысбаев, С.К. Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо [Текст] // С.К. Рысбаев − Бишкек: 1998. −64 б.

141.Рысбаев, С.К. Кыргыз тили, адабияты окуу китептеринин мазмунун жана түзүлүшүн өркүндөтүү жолдору (V−VIII кл.) [Текст] // С.К.Рысбаев −Бишкек Мектеп, 1992.−79 б.

145.Рысбаев, С.К. Кыргыз тили, адабияты мугалимине 100 кеңеш.Орто мектептин кыргыз тили, адабияты мугалимдери, методисттер жана окуу бөлүмүнүн башчылары үчүн методикалык колдонмо. [Текст] // С.К.Рысбаев −Б.: Мектеп, 2016.−66-67 бб.

146.Рысбаев, С.К. Окуучунун окуу жана түшүнүү ишмердүүлүгү кантип уюштурулат? Эл агаруу журналы. [Текст] // С.К.Рысбаев −Б.: 2015, № 5-6, – 45-47 б.

147.Садабаев, А. Кыргыз мектептеринин 10-кл.А.Токомбаевдин чыгармаларын окутуу. [Текст] //А.Садабаев.–Ф., 1957.–62 б.

148.Садыков, А. «Толубай сынчы» поэмасынын эки варианты жөнүндө [Текст] / А. Садыков // Мугалимдер газетасы, 1958, 9- май.

149.Сакеев, А. «Толубай сынчыны» окутуу. [Текст] // А. Сакеев Мугалимдер газетасы, 1975, 5-декабрь.

150.Сакиева, С.С., Алиева, Р.А.,Байиева, Б.А. Адабий окууда окуу жана түшүнүүнү үйрөтүүнүн технологиялары [ Текст]: // Сакиева С.С.,Алиева Р.А., Байиева Б.А. ЖаМУ, Вестник –2022. №2 (51) 94-101бб.

151.Сакиева С.С., Алиева Р.А. Окуу көндүмүн калыптандырууга жаныча көз караштар. [Текст]//Сакиева С.С., Алиева Р.А. ЖаМУ, Вестник –2022. №1 (50), 135-140 бб.

152.Саалаев, Ө. Окутуунун интерактивдүү усулдары. 1-бөлүм. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. [Текст] // Ө.Саалаев. – Б., 2017. – 5-6 бб.

153.Сманбаев, А., Ишекеев, Н. Кыргыз адабияты Орто мектептердин 6-классы үчүн хрестоматия-окуу китеби.[Текст] // Сманбаев, А., Ишекеев, Н.– Бишкек, Педагогика.1999.–252 б.

154.Сапарбаев, А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы [Текст]// Жогорку окуу жайларынын филол.фак.студенттери үчүн окуу китеби / Сапарбаев А. Б.: –«Кыргызстан -Сорос» фонду, 1997.–4 б.

155.Саттарова, А.Т. Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери 13.00.02–окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферaты, [Текст] // Саттарова А.Т.–Бишкек 2019, 66 б.

Сооронов, О. Согуш темасындагы кыргыз поэмаларынын сюжеттик мотивдери [Текст] // Сооронов О. – Фрунзе, 1982. – 66 б.

156.Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу программасынын хрестоматиясы [Текст] // түз.: М.М. Эсенгулова, Ж.Д. Асекова. – Бишкек, 2004. – 190 б.

157.Тажибаева, Ж.К. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсанды калыптандыруу идеялары жана аларды адабият сабагында окутуп-үйрөтүүнүн илимий методикалык негиздери 13.00.02-окутуунун жана

тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты.[Текст] // –Бишкек, 2017, 3 б.

158.Тентимишов, М. А.Осмонов.Тандалган чыгармалар I том. [Текст]// М. Тентимишов– Бишкек, 2016. – 3-4 бб.

159.Тентимишов, М. А.Осмонов.Тандалган чыгармалар II том. [Текст]// М. Тентимишов– Бишкек, 2016. – 4 б.

160.Турдугулов А. Кыргыз адабияты боюнча билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. [Текст] /А.Турдугулов. // Эл агартуу. 1995. № 1, 14-24-беттер.

161.Турдугулов А., Оторбаев Б. Кыргыз адабияты. Орто мектептин VIII класстары үчүн окуу китеби. [Текст] // А.Турдугулов. – Бишкек: Билим-компьютер, 2013. – 287 б.

162.Түзүүчү Тынымсеитов, Ф., Алыкулга гүлдесте. [Текст] // Ф.Тынымсеитов –Фрунзе, «Кыргызстан», 1975 11 б.

163.Түзүүчүлөр: Глушкова, М.Ю., Булатова, В.А., Оморова, А.А., Юсупова, А.Д. Башталгыч мектепте дифференциациялык жана интгерациялык окутуу.1-2-модулдар. [Текст] М.Ю.Глушкова, В.А.Булатова, А.А.,Оморова, А.Д. Юсупова //–Бишкек 2021. 22-23 бб

164.Түзүүчү Кожомбердиев, Т.Көл толкуну. Тандалган ырлар жана поэмалар. [Текст] // Т. Кожомбердиев –Б.:2010, –265-266 б.

165.Түзүүчү-редакторлор Тимофеев, И., Тураев, С.В. Словарь литературоведческих терминов. [Текст] // И.Тимофеев, С.В.Тураев–Москва,–1974.–286.

166.Үкүева, Б.К. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илимий-педагогкалык негиздери [Текст] //Б.К.Үкүева–Ош, 2012, –30 б.

167.Үкүева, Б.К. Кыргыз адабияты. 10-класс үчүн хрестоматия [Текст] //Б.К.Үкүева–Бишкек, 2017, –272-273 бб.

168.Үкүева Б.К., Бөрүбекова Г.(2020) Кыргыз адабияты 5-класс үчүн окуу хрестоматиясы –Бишкек, –8б.
169.Шаматов, Д. Билим-бакыт канаты.[Текст]// Шаматов, Д.Билим-бакыт канаты. –Бишкек, 2022, –58-59 бб.
170.Шериев, Ж., Муратов, А. Адабият теориясы: Кырг. ад.муг.жана студенттер жана орто мектептин окуучулары үчүн. [Текст]// Ж. Шериев, А. Муратов.–Бишкек,–2004, 178 бб.
171. Штраус Уильям, Нил Хау. "Муундар теориясы". [Текст] //–1991,–5-6 бб.
172.Эшиев, Ж.Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү» чыгармасын окутуу усулдары [Текст] // Ж. Эшиев Ж.Баласагын ат. КУУнун жарчысы. Серия №4. Филология. Адабият таануу. – Б., 2004. – 17 б.
173.Эшиев, Ж.Мектептерде поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери.Монография[Текст] // Ж.Эшиев –Б.:2009, –35-36 б.